М. К. Жаркынбаева, Д. Д. Искакова



# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

# 8

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГЕРБИ




## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ТУУСУ



## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

Тексттин авторлору:
Ж. Садыков менен Ш. Кулуев.

Музыкасынын авторлору:
Н. Давлесов, К. Молдобасанов.

Ак мөңгүлүү аска-тоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

*Кайырма:* Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

*Кайырма.*

Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап урпактарга берели.

*Кайырма.*

М. К. Жаркынбаева, Д. Д. Искакова

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

## 8-класс

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн орто
мектептер үчүн окуу китеби

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана
илим министрлиги бекиткен

«Кутаалам»

Бишкек – 2013

БИБЛИОТЕКА
"......."..........................20.......г.
Инв. № ..................




**Адабий чыгармалардын жыйнактары**

# КӨРКӨМ АДАБИЯТ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

Адам жаралып, сүйлөп, ойлоно баштагандан кийин анын дүйнөсүн сөз өнөрү – адабият аралай баштайт. Наристе (*младенец*) кезибизден баштап эле бешик ырларын угабыз. Тилибиз чыгып, сүйлөй баштагандан кийин өзүбүздүн оюбузду сөз аркылуу түшүндүрө баштайбыз. Чоң апалардын, чоң аталардын жомокторун, акыл сөздөрүн угуп, көркөм, образдуу сүйлөөгө аракет кылабыз (*стараемся*).

«Адабият» деген сөз араб тилинен («адеп» деген сөздүн көптүк сандагы мааниси) алынган. Ал адам турмушунда оозеки, жазма түрүндө жашайт жана элдин турмушун ар тараптуу (*всестороне*) чагылдырат (*отражает*).

Демек, адабият кайсы заманда болбосун, кайсы элде болбосун, турмушту чагылдырып, эл ичинде жашап, алардан азык (*продукт*) алып, алардын көйгөйүн (*проблемы*) айтып, бирөөлөрдү сүйүнтүп, бирөөлөрдү күйүнтүп келет экен, айлана-чөйрөнү, коомду таанытып адамдын көзүн ачат экен.

Адабият – бардык өнөрдүн (искусствонун) ичинен турмушту, адамды, айлана-чөйрөнү кенен-кесири чагылдырып берген сөз өнөрү. Көркөм чыгарма адамдардын баарына бирдей даражада жеткиликтүү да, түшүнүктүү да болот. Ал ошол бардыгына жагымдуулугу, жугумдуулугу аркылуу искусствонун башка түрлөрүнөн айырмаланат.

Адабият – элдин тарыхый басып өткөн жолунун көөнөрбөс көркөм күзгүсү. Ар бир элдин өткөн кездеги даңктуу да, кайгылуу да күндөрү, көрүнүктүү окуялары анын эпосторуна, уламыш, санжыраларына, макал-ылакаптарына, аңгеме, ырларына чөгөрүлгөн. Биз ал көркөм тексттерден ата-бабаларыбыз ким болгон, кандай күндөрдү баштарынан өткөргөн жана урпактары – биз ким болдук, кандай учурда жашап жатабыз деген суроолорго жооп табабыз. Адабияттын предмети адам жана анын турмушу болгондуктан, ал адамдык түбөлүктүү асыл нарктарга, инсандык адеп-ахлакка үндөөдөн талбайт.

Жамандык-жакшылыкты таанытып, адамды туура жолго ээрчитет. Элдик бийик идеалдарга үндөйт. Коосдукту, сулуулукту таанытат. Мына ошентип, ал адептүүлүктү, эстетикалык табитти калыптандыруу кызматын аткарат.

Бул адабият сага кыргыз элин жакындан таанытып, тили менен кошо ошол элдин көркөм ой байлыгын, ажайып, аруу дилин, жалпы эле маданиятын түшүндүрүүдө чексиз кызмат өтөөрүнө ишенебиз.

■ **сөз дүйнөсү** – мир слов, художественный мир
**асыл нарктар** – ценности
**инсан** – личность
**күзгү** – зеркало
**даңктуу да, кайгылуу да** – и славные, и печальные
**чагылдырылган** – отражены
**табит** – вкус
**урпактар** – потомки
**ата-бабалар** – предки, поколения

(?) 1. Адабиятты «турмуштун окуу китеби» деп атасак болобу?
2. Көркөм чыгарма адамдын аң-сезимине, жүрүш-турушуна кандай таасир этет деп ойлойсуңар? Көркөм чыгармаларды окуп жатканда каарман менен кошо кайгырып, кошо кубанган учуруң болду беле? Эгер ошондой болсо ал кайсы чыгарма?
3. Көркөм адабиятты эмне үчүн сөз өнөрү дейбиз?
4. Кыргыз адабияты менен кыргыз искусствосунун, кыргыз тарыхынын, кыргыз тилинин, кыргыз маданиятынын кандай байланышы бар?
5. Чыгармадагы көркөм образ деген эмне? Сенин сүйүктүү каарманың ким, ал образ сага кандай сапаттары менен жагат? Чыгармадагы образдарды «оң образ», кээ бирлерин «терс образ» деп айтабыз, булар жөнүндө сенин ой-пикириң (мнение) кандай?

## Семетейдин Таласка келиши

Семетей Таласка келип, Бакай менен көрүшөт. Манастын күмбөзүнө барып куран окуйт. Манас өлгөндө, анын мүрзөсүнө чөгүп жатып калган Кара нар (желмаян), үрбөй калган куу тайган (Кумайык), качып кеткен Акшумкар Семетейге өздөрү келет. Андан кийин Семетей Манастын устасы Бөлөкбайга, Алмамбеттин зайыбы Бурулча, уулу Күлчорого, чоң атасы Жакыпка, Абыке, Көбөшкө кезигет. Семетейди Таластагы аргын кыргыз күтүп алат. Семетей канчалык тууган болууга аракет кылса да Жакып, Абыке, Көбөш, кырк чоро касташып, кайра ага кол салат.

■ **көрүшөт** – увидеться
**куран окуйт** – коран читает, молитву читает
**мүрзөсүнө** – к могиле
**нар** – верблюд
**куу тайган** – борзая, кличка собаки
**чөгүп жатып калган** – окрик на верблюдов (опустись на колени)
**уста** – мастер, кузнец
**зайыбы** – жена
**кезигет** – встретиться
**аракет кылса да** – даже если постарается
**касташып** – враждебно относиться
**кол салат** – нападет

(?) 1. Семетей Таласка келип эмне кылат?
2. Кимдерге жолугат?
3. Семетейди кимдер тосуп алат? Кандай мамиле жасалат?

1. Берилген сөздөрдүн синонимин тап:
*Зайып – ..........., кас – .........., кол салат – ...........*
2. Венндин диаграммасын түзгүлө (Жакып-Бакай).





## Семетейдин Таласка келиши

Семетей жолго чыкканга,
Элүү күнгө толуптур.
Алдында аты зоругуп,
Арага канча конуптур.
Талыкпай жүрүп олтуруп,
Кең Таласка жетти эми,
Жыпар жытын септи эми.
Кең Таластын оюнан,
Аккан суунун боюнан
Үч Кошойдун чатынан,
Баркөлдүн башкы жагынан,
Атасынын күмбөзүн,
Алыскы жерден көрдү эми.
Жакын келип чунагың,
Атакелеп ыйлады.
Оң бөйрөгүн таянып,
«Ойронум атам» – деп түштү.
Сол бөйрөгүн таянып,
«Солтонум атам» – деп түштү.
Боз жоргону бош таштап,
Бортоктоп Семең бүк түштү.
Азасынан баланын,
Айлана ыйлап түнт түштү.
«Алыска кетип жоголуп,
Араң келдим, атам – деп.
Тилек кылам өзүңө,
Тийсин мага батаң» – деп.
Ал аңгыча күмбөздөн,
Шамал чыгып күркүрөп,
Күңгүрөнүп калды эми.
Ордунан туруп Семетей,
Арбактуу атам колдо – деп
Күмбөзгө кирип барды эми.
Хан күмбөзгө караса,
Атасы Манас залкайып,
Тартылуу турат сүрөттө,
Аккула минип алпайып.
Арбагы артык баатырың,
Аккелте асып далыга, –
Жоо жарагы шайланган.
Арстандын оң-сол жагында,
Айбаты шердей баатырлар,
Оң жагында күмбөздүн,
Ак калпак кийип жарданган.
Ак сакалы жайкалган,

**зоругуп** – (о лошади) запалиться (о чел.) переутомиться, ослабеть
**конуптур** – переночевал
**талыкпай** – не уставая
**конуш** – селенья, земля
**жыпар** – душистый
**күмбөз** – мавзолей, надгробие, купол
**оң бөйрөгүн** – правый пояс
**чат** – пространство между двумя реками, слияние их
**күмбөзүн** – мавзолей
**чунагың** – *перен.* бедняжка, несчастный
**арбактуу** – удачливый, счастливый
**күмбөз** – купол
**жоо жарагы** – орудие
**арстандын** – богатырь
**айбат** – грозный вид



Боз жорго минип чайпалган,
Акылман ата Бакай хан.
Анын арткы жагында,
Тоодой тору аты бар,
Олуя заада Кошой хан.
Андан ары караса,
Карыга найза илинүү,
Темир кызыл аты бар.
Көзүнөн жалын от күйгөн,
Жаалысы жанды жазгырар,
Калем, дүбөт кармаган,
Кагазга түшкөн каты бар.
Атасы менен аталаш,
Агасы Сыргак аты бар.
Андан аркы жагында,
Музбурчак, Агыш, Көркөкүл
Үрбү, Сынчы дагы бар.
Төрөлөрдөн бешөө бар,
Бек, баатырдан канчоо бар.
Ал бешөөнүн артынан,
Айрым жалгыз тартылган,
Айдаркан уулу Көкчө хан.
Сол жагында күмбөздүн,
Айдай жүзү нур чалган,
Алтын кемер курчалган,
Сарала тулпар ат минген,
Сары алтындан тон кийген
Аяш ата Алмамбет.
Анын ары жагында,
Көктеке тулпар ат минген,
Көпкөк темир кийинген,
Бет алган жакта от күйгөн,
Тогуз жашта кошулуп,
Атасы менен бир жүргөн.
Беттешип пенде жеңбеген,
Өнөгүн колдон бербеген,
Акбалта хандын Чубак хан.
Андан ары караса,
Карткүрөңдөй ат минген,
Сыланып кыздай кийинген,
Жетик окуп жашынан,
Жетимиш эки тил билген,
Коңур чечен Ажыбай.
Анын ары жагында,
Жаагын жанып кайраган,
Кызыл тили сайраган,
Ак кагазга кат жазган,

**жорго** – иноходец
**акылман** – мудрый
**тору** – гнедой лысый
**олуя заада** – святой человек праведной жизни
**жалын** – пламя
**аталаш** – родственники со стороны отца
**төрөлөрдөн** – господин (так называли цар. чинов.)
**кемер** – ремённый пояс
**тулпар** – боевой конь
**аяш ата** – друг отца
**өнөгүн** – тот, кто не спустит врагу
**чечен** – красноречивый
**кайраган** – оттачивал

Атасы Манас жомогун,
Абанга салып жатка айткан.
Ырамандын Ырчы уулу,
Тартылыптыр сүрөткө,
Бала баатыр Семетей,
Баарын түйүп жүрөккө
Башын ийип бүгүлүп,
Кетенчиктеп жүгүнүп.
Жанып чыкты күмбөздөн,
Жагалданып сүйүнүп.
Атын чечип мамыдан,
Баса минип абыдан,
Алыска сапар тартты эми.
Алмалуу булак Шуңкар таш,
Ашуусунан ашты эми.
Керилип жаткан кең талаа,
Кең-Колду карай басты эми.
Бөксө жолдо баратса,
Боздогон ачуу үн чыгат,
Бооруңду эзип күү чыгат.
Семетей байкап караса,
Ээсин жоктоп маң баскан.
Эки көзүн кал баскан,
Атадан калган кара Лөк,
Жаткан экен сеңирде.
Ат дүбүртүн укканда,
Кара Лөк оонап чамынды.
Көбүгүн чачып буркулдап,
Семетейди качырды.
«Энекем айткан баягы,
Кара Лөгүм экен» – деп,
Эр Семетей тааныды.
Семетей анда кеп айтты:
«Кар болупсуң кара Лөк,
Кал басып көзүң сен – деди.
Калкын издеп келаткан,
Семетейиң мен» – деди.
Кубангандан кара Лөк,
Мойнун жерге салганы.
Энесин тапкан тайлактай,
Артынан ээрчип алганы.
Жана Семең жол жүрдү,
Бөлүнүп акыл-санаасы.
Абалап чыккан алдынан,
Куу тайганды карачы.
Коркуп андан калабы,
Кабыландын баласы.

**ийип** – наклонив
**кетенчиктеп** – пятиться, отступать
**мамыдан** – столб
**сапар** – путь
**ашуу** – перевал
**бөксө** – предгорье
**боздогон** – кричащий
**лөк** – кличка верблюда
**сеңирде** – гребень горы
**чамынды** – рванулся
**кар болупсуң** – испытывать унижение
**мойнун** – шею
**бөлүнүп** – разделяясь
**куу тайганды** – белая борзая
**кабыландын** – богатыря





Бутун жалап эркелеп,
«Келиптир – деп – Манастын,
Мени ээрчитчү карасы».
Келишинде тайгандын,
Семетейге даты бар.
Хан Манастын тушунда,
Даңкы чыккан алашка,
Кумайык деген аты бар.
Үргөнүнө жадабай,
Көңүлү башка санабай.
Шыйпандап келген тайганга,
Семетей айтты мамындай:
«Көп жылдан бери жол сактап,
Жүргөн тайган сен» – деди.
Бу кепти угуп куу тайган,
Карачы ылдам желгени.
Кабар кылат Бакайга,
Семетейдин келгенин.

**эркелеп** – балуясь
**даты** – жалоба
**алашка** – боевой клич казахов
**шыйпандап** – шелудивый
**желгени** – бежать трусцой
**кабар** – сообщит

## АДАБИЙ ТЕРМИНДЕРДИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

**Аллитерация** (*лат.* – кайталоо) – көркөм чыгармадагы окшош үнсүз тыбыштардын кайталанып келиши.

Мисалы: Сарала тулпар ат минген,
Сары алтындан тон кийген.
Көктеке тулпар ат минген,
Көпкөк темир кийинген.
Жетик окуп жашынан,
Жетимиш эки тил билген.

**Ассонанс** (*фр.* – үндөштүк, уйкаштык) – уйкаштыкта же улам кийинки сөздөрдө үндүү тыбыштардын кайра-кайра кайталанышына негизделген стилистикалык ыкма.

Мисалы: Боздогон ачуу үн чыгат,
Бооруңду эзип күү чыгат.
Семетей байкап караса,
Ээсин жоктоп маң баскан,
Эки көзүн кал баскан.
Кал басып көзүң сен – деди,
Калкын издеп келаткан,
Семетейиң мен» – деди.

## «Курманбек». Эпостун негизги темасы, идеясы, варианттары

**«Курманбек»** – баатырлык эпостордун бири. «Курманбектин» эл арасында түрдүүчө айтылып жүргөн варианттары бар. Алар:

- 1. Каим Мифтаков, 1923-жылы Молдобасан Мусулманкуловдон жазып алган.
- 2. 1933-жылы Калык Акиев жазып калтырган.
- 3. 1958-жылы Т. Каландаровдан жазып алынган.
- 4. 1970-жылы Сарыкунан Дыйканбаевден жазып алынган.

Жогоруда берилген варианттардын ичинен көркөм деңгээлинен жогорусу Калык Акиевдин варианты.

«Курманбек» жомогунун тарыхый негизи XVI–XVII кылымдардын биринчи жарымындагы жана XVIII кылымдардын биринчи жарымындагы калмактардын чабуулдары, кыргыздардын аларга каршы жүргүзгөн кайраттуу согуштары болуп эсептелет.

Эпостун негизги темасы – Ата Журтту душмандан коргоо. Эпостун негизги идеясы уруу, эл бирдигин сактоо менен сүйүүнү, достукту даңктоо, басып алуучуларга көз каранды болбостугун камсыз кылуу үчүн күрөшүү жана кыргыз элинин саясий-экономикалык абалын көтөрүү. Ушул идеяны аткаруучу баатыр – Курманбек. Мында басып алуучулар менен болгон күрөштө, кыргыз элинин жалгыз болушу коркунучтуу болгондуктан, коңшу менен биригүү идеясы айтылган. Бул идеяны Курманбектин Кашкар каны Аккан менен достошуусунан ачык көрөбүз. Кыргыздардын калмактардан жеңилип (*проиграв*), аларга көз каранды болуунун себеби (*причина*) эпосто кыргыздын ички ынтымагынын кетиши менен мүнөздөлөт (*характеризуется*). Бул ички ынтымаксыздык кырк жигиттин кетип калышы, атасы Тейитбектин баласы Курманбекке болор-болбоско таарынып, атын бербей коюшу менен далилденет (*доказывается*). Эпос чыккынчылыкты (*предательство*), ач көздүктү (*жадность*), өзүмчүлдүктү (*эгоизм*) жектеп (*презирает*), баатырдыкты, достукту, эл жерди сүйүүнү даңазалайт (*прославляет*). «Курманбек» эпосу – реалдуу окуянын жана инсандардын негизинде түзүлгөн чыгарма. Окуялардын өткөн орду да реалдуу: Чыгыш Түркстан



(Кашкар, Жаркент, Кара Шаар-Камбыл), Ооганстан, Орто Азия аймагы (Анжыян, Кокон, Аксы, Алай, Жазы, Яссы) ж. б.

Өткөн заманда Анжыян тарапта кыргыз-кыпчак элинин Тейитбек деген ханы болгон. Тейитбектин аялы Зулайка кырк сегиз жашында Курманбекти төрөйт. Курманбек бала кезинен балбан чыгып, он эки жашка келгенде, кыргыз-кыпчак элинен кырк жигит курап, «эресеге мен жеттим, жалындуу эрдин белгиси, жалтанбай тосот жоо бетин, касташкан душман көп экен, калкалайлык эл четин» деп, кыргыз, кыпчактардын калмактардан өчүн, кеткен кегин аламын деп, жоого аттанат.

Калмактарды чаап, Экез баатырды өлтүрүп, Дөлөн ханды багынтып, алык-салыгын алып кайтат. Жолдон Кашкардын ханы Аккан менен достошот. Эли-жерине келсе, атасы Тейитбек Курманбекке таарынып, менден жооп албай кетет деп отурган болот. Бирок, мол дүйнөнү көрүп, таарынычы жазылат. Күндөр өтүп Тейитбек увазири Зайырбектен Курманбек «кыргыз, кыпчак элинен кыз тандап үйлөнсүн» дейт. Буга Курманбек каршы болуп, «Оогандын ханы Бакбурхан, Бакбурхандын анты бар: «Мени сайып ким жыкса, күмүштөн аппак Канышайды берем» – деген деп, Бакбурханды сайып, Канышайга үйлөнүп, өзүнчө ордо көтөрүп, туруп калат.

Курманбек жыл сайын калмактан алым алып турчу эле. Убакыт өтүп, кырк жигитин атасынан «теке жоомарт Телтору атты» сурап келгиле деп, жиберет. Атасы: «Мага кеңешпестен калмакка чабуул салат, менин айтканыма болбой өзү билип катын алат, өз керегим тийбестен Телтору атымдын кереги тийиптирби?» – деп, бербейт.

Курманбек жигиттери менен карool дөбөгө чыгып, шаарына дүрбү салса, жоо камап калган болот. Курманбек алты жашар уулу Сейитбек, колуктусу Канышай менен коштошуп, атасы Телтору атты бербей койгонго капа болуп, кырк жигитине кайрылып «ат алмаштырып берип, тургула» деп, жоого каршы чыгат.

Калмактарды кууп, астындагы Койкүрөң жаштык кылып баспай калат. Кырк жигити жардамга келбей, коркуп качып кеткен болот. Ошондо Дөлөн хан Курманбекти сайып кетет. Курманбек көкүрөккө найза жеп, жарадар болуп, талаада калат.

Кашкардын ханы Аккан досу Курманбектин уулун көрөм деп, келе жаткан болот. Эки дос талаадан жолугушуп, Курманбек каза табат. Аккан Курманбекти ак кепиндеп жуудуруп, жерге коюп, Курманбектин шаарын карай жол тартат. Баатырдын кайтыш болгонун Канышайга угузат. Канышай арман күйүттөн өзүн өлтүрөт. Аккан Тейитбек как башты Телтору атка сүйрөттүрүп өлтүрөт да, Курманбектин уулу Сейитбекти алып «өткөн кекти» аларбыз деп, жерине кайтат.

■ **ата журт** – отчизна
**баатырдык** – героический
**коргоо** – защищать
**уруу** – племя
**даңктоо** – прославлять
**доор** – эпоха
**чагылдырылган** – запечатлено
**уюткусу** – основа

**болжоого болот** – можно подозревать
**көркөм** – художественный
**деңгээли** – уровень

1. Эпосту калкка таанытуу максаты менен кайсы инсандар иштешкен?
2. «Курманбек» эпосу кыргыз элинин тарыхынын кайсыл доорун чагылдырып турат?
3. Эпостун башкы каармандары кимдер?
4. Эмне үчүн атасы баласына Телтору атты бербей койгон?
5. Аккан менен Курманбектин достугуна кандай баа берсек болот?
6. Эпостун темасы жана идеясы жөнүндө эмнелерди айталасың?

1. Сүйлөмдөрдү толукта:
- Ата Журтту душмандан коргоо – …. … … … ….. «Курманбек» эпосунун ... варианты бар.
- Уруу, эл биримдигин сактоо, ..., .... даңктоо.
- Коргоо, доор, Ата Журт деген сөздөрдүн синонимин табуу.

## АДАБИЙ ТЕРМИНДЕРДИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

**Ак бата** (*благославление*) – балдар, кыздар үйлөнөрдө, баланы бешикке салганда, жакшы иштердин алдында, баатырлар жоого чыгарда ак сакал акылман чалдар, кемпирлер, ата-энелер ак бата беришет.

Мисалы: Өмүрүң узун болсун,
Өрүшүң малга толсун,
Алдыдагы иштериң ийгиликтүү болсун!

**Каргыш** (*проклятие*) – адамдар катуу ачууланганда, капа болгондо көңүлү калганда бири-бирине каргыш айтышат (бул адамдын туура эмес кылык жоругу).

Мисалы: Тейитбектин (Курманбектин атасы) каргышы.
Башыңдан балекет кетпесин,
Этегиң толорсугуңа жетпесин.
Ичериңе тамак таппай,
Кууураган сөөктү кемиргин.
Алло Акбар.

## Курманбектин атасына каргышы

Ат бербеген капыр чал,
Алты ай кесик оорусун,
Аргымагың тору атты,
Кулдарың минип жоорутсун.
Маа бербеген Телтору ат,
Кара ашыңа союлсун.
Маа бербеген олпогуң,
Доорунуңа коюлсун.
Көрүстөнүң төбөсү,
Эки күн калбай оюлсун…
Маа бербеген тулпарың,



Көр байгеңе чабылсын.
Маа бербеген олпогуң,
Сөөгүңө жабылсын.
Маа арнаган каргышың,
Өз башыңа табылсын.
Аяган Телтору атыңды,
Кулдарың минип жарасын.
Эшигинен жем таппай,
Элдин көзүн карасын.

## Курманбек

Жыйырмада жаш бала,
Жин ургандай жаш бала,
Кыз жактырып алсам – деп,
Кыйла жерге барсам – деп,
Кыргыздын кызы жакпады,
Periден тандап алсам – деп,
Кырк жигит менен жарышып,
Кыздуу жерге барышып,
Кыялына кыз жакпай,
Эми кайда барсам – деп.
Кимдин кызын алсам – деп,
Рабак көздөй барам – деп,
Каухарники шаардан,
Перинин кызы Канышай,
Ак куу кийим кийиптир.
Асман менен жүрүптүр,
Төрт тарапты чалыптыр,
Төрө бала Курманбек,
Төрт жүз киши ичинде,
Кийик уулап жүргөндө,
Учуп келип калыптыр.
Көргөндө көңүлү толуптур,
Көп ыраазы болуптур,
Сыртынан көрүп туюптур.
Сыртынан ашык болуптур.
Ошону менен жүрсөм – деп:
Учмакта доорон сүрсөм – деп,
Адамзаттын баласы,
Асыл экен чамасы,
Ашык болуп бир далай,
Куштай учуп буралып,
Курманбекке кубанып,
Калкылдап учуп калды эми,
Укмуштуу келген куш экен,

**ыраазы** – довольный
**сыртынан** – снаружи
**ашык** – влюблённый;

**учмакта** – рай
**адамзат** – человечество
**асыл** – благородный

**кубанып** – радуясь

**укмуштуу** – удивительный



Ургаачы мүнөз кыз экен,
Кандай жерге конот – деп
Кандай жандар болот – деп,
Кууну ээрчип кубанып,
Бир жерге барып конуптур.
Атайын деп ойлонуп,
Аңдып чукул барыптыр.
Учуп жүрсө куш экен,
Атайын деп аңдыса,
Суугa түшүп атыптыр.
Ай чырайлуу кыз экен,
Жалгыз барды ал учуп,
Жанында бир да киши жок.
Кызды көрүп кызыгып,
Көйнөгүн чечип салыптыр,
Киши менен иши жок,
Суугa түшүп калыптыр.
Кара чачын таранып,
Жан-жагына каранып,
Чолпондой көзү чачырап,
Каухардай көзү жалтырап,
Акырындап барды эми,
Эр Курманбек баатырың,
Ак куу кебин алды эми.
Аңдабай калды Канышай,
Көйнөгүн алып чакырды,
Көрүнөө жерден бакырды.
Качарына амал жок,
Кайнап ичи болду чок.
Көйнөгүмдү бергин – деп,
Көрүнөө бери келгин – деп,
Түгөнгүр сени билгемин,
Түшүмдө көрүп келгеним.
Мен жетемин баркыңа,
Издеп келдим калкыңа.
Төрт жүз киши ичинен,
Төрөм сени тааныдым.
Бир сүйлөшүп кетсем – деп,
Кудуретке жалындым.
Тилегим кудай жеткирди.
Көйнөгүм бербей Курманбек,
Күйүткө мени саласың,
Асти сенден кайтпаймын,
Каухарниким шаардан.
Көрүнөө келген сен болсоң,
Көйнөгүм бер кетейин,
Көрүнөө сага тийеин.

**ургаачы** – живое существо ж. п.
**куу** – *(здесь)* лебедь
**ай чырайлуу** – луноликая
**жалгыз** – единственный
**жан-жагына** – по сторонам
**чолпондой** – прекрасная как звезда
**кебин** – одежда; маска
**аңдабай** – не вникла
**амал** – выход
**баркыңа** – достоинство
**кудурет** – бог
**күйүт** – огорчение, горе



БИБЛИОТЕКА
"......."......................20.......г.
Инв. № ..................

Айтып турат сабылып,
Алтымыш мерте жалынып,
Кан Курманбек падыша
Көйнөгүн алып жүгүрүп,
Колунан кармап сүйүнүп,
Перинин кызы Канышай,
Жыпар жыты буркурап,
Жанына чукул келгенде,
Ыйлап ийди чыркырап.
Мойнунан кармап буралып,
Ошо жерде агарып,
Алкымы аппак кылайып,
Аста сүйлөп муңайып,
Ак куудай болуп түрлөнүп,
Астан кийин сүйлөнүп,
Тоту куштай түрлөнүп,
Токтой калып сүйлөнүп,
Курманбекти көргөндө,
Канышай көрүп сүйүнүп.
Жигиттин баары чапкылап,
Көргөндүн баары таңкалып,
Баары бирдей чуулдап,
Алты жүз киши дуулдап,
А, кудай деп жалынып.
Адамдын баары сүйүнүп,
Жан-жабыла жүгүрүп,
Кайдан таап алдың – деп,
Кызга жорго мингизип,
Алты жүз киши дуулдап,
Адамдын баары чуулдап,
Катар тартып жарданып,
Караган пенде таң калып,
Молотия шаардан,
Калктын баары чогулуп,
Элди жыйып той кылып,
Эпсиз кылды чоң кылып,
Конокко элин алдырып,
Кой семизин сойдуруп,
Отуз эки тамактын,
Баарын таман койдуруп,
Кысыр эмди кой союп,
Токсон келин, токсон кыз,
Тегеректеп олтуруп;
Токмок салды, топ ойноп,
Он беш күнгө кеп ойноп,
Өлөң айтып чуулдап,
Токту кой сойдуруп,

**сабылып** – избитый
**мерте** – раз
**пери** – фея
**жыпар** – благоухать
**алкым** – горло
**аста** – тихо
**муңайып** – печалясь
**түрлөнүп** – меняясь
**таңкалып** – удивляясь
**чуулдап** – шумев
**жалынып** – молясь
**жорго** – иноходец
**эпсиз** – очень, весьма
**токмок** – колотушка
**өлөң** – песня
**токту** – ярка



Бир күнгө келген конокко,
Тогуз жүз тай сойдуруп,
Токсон молдо чакыртып,
Нике кылып алды эми.
Жандын баары ынанып,
Жалпы баары кубанып,
Алтын үйгө киргизип,
Асылдыгын билгизип,
Жанында кырк кыз нөөкөрү,
Жанында арак-көөкөрү,
Арак шербет ичишип,
Адамдын баары мас болуп,
Жандаганы кыз болуп,
Душмандын асбиласы бас болуп,
Мадалкан падыша атасы,
Атасы келип кубанып,
Алма журту ынанып,
Кызыл кымкап кийинип,
Кыргыздын баары сүйүнүп.
Дөөлөр келди таң калып,
Маңдай тиши күрөктөй,
Канышай менен Курманбек,
Семетей менен Чүрөктөй.
Алтындан кылган айчык үй,
Жакуттан кылган жарык үй,
Кырк жигити жарданып,
Өлөң айтып дуулдап,
Канышайды урматтап,
Баары барды чуулдап.
Оюн, күлкү бүттү эми,
Отуз күнчө өттү эми.

**нике кылып** – сочетаться браком
**ынанып** – соглашаясь
**нөөкөрү** – слуга
**дөөлөр** – великаны
**жарданып** – найти себе пару
**урматтап** – уважая

## Эпостогу каармандардын образдары

**Курманбектин образы.** Эпостун башкы каарманы – Курманбек. Ал достукту сүйгөн, душманын жек көргөн (*ненавидевший*), өз элин душмандан куткарып, беделин (*достоинство*) көтөрүүгө бел байлаган кайраттуу (*энергичный*, *храбрый*) баатыр. Ал душманды жалаң кайраттын, туруктуулуктун (*устойчивость*), адилеттүүлүктүн күчү менен жеңет. Жалгыздыктан, (*одиночество*) согушка жарактуу тулпар аты жоктугунан жана жолдошторунун жардамы тийбегендиктен жеңилет. Курманбек – турмушка жакын, чыныгы реалисттик каарман. Курманбектин үйлөнүүсү (*женитьба*), анын атасына кылган мамилеси, душман менен жарашуусу адилеттүүлүктүн чегинен чыкпайт.

«Жалындуу эрдин белгиси
Жалтанбай тосот жоо бетин», –

деген саптардан анын чыныгы эр, баатыр, эл коргоочу экени байкалат.

Ошондой эле ага адамгерчиликтүүлүк, чечкиндүүлүк (*решительность*) чынчылдык, сабырдуулук деген жакшы сапаттар таандык.

**Канышайдын образы.** Курманбектин заманындагы адилет, дээрлүү, (*способная*) сезимдүү, тийген жарына (*супруг*) чын жүрөгү менен берилген аял. Ал Курманбектин демине дем, күчүнө күч кошкон акылман, кайраттуу жубай (*супруга*). Акырында баатырдын өлгөнүн угуп өзүн-өзү өлтүрөт.

**Аккандын образы.** Адамгерчиликти баалай алган, достукту, бирдикти сүйгөн, өз элинин камын ойлоп (*заботитясь*), душманды жек көргөн (*презирать*) каарман. Аккан Кашкардын каны болсо да, анда кандык каары, (*гнев*), өкүмү (*несдержанности*) жок. Курманбек өлгөндөн кийин да анын өчүн алып, баласы Сейитбекти тарбиялайт. Бул чыныгы достуктун үлгүсү.

**Тейитбектин образы.** Ал керт башынын (*сам*) кызыкчылыгын ойлогон, өзүмчүл (*эгоист*), сараң, арсыз (*бесстыдный*), акылы тайыз, пас (*низкий, подлый*), дүйнөкор киши. Ал элдин эркиндигинен да, жалгыз баласынын өмүрүнөн да, өз керт башынын жыргалын артык көрөт. Анда патриоттук сезим, аталык мээрим жок. Курманбектин кайгылуу өлүшүнө кейибей, кайра моокуму канып, ага таба кылат. Ал элди чаап, бүлүнтүп турган калмактарды кектебей, өз сүйгөнүнө үйлөнгөнү үчүн, Телтору атын сураганы үчүн, өз баласы Курманбекти кектейт. Тейитбектин бул пастык сапаттары Курманбектин өлгөнүн уккандагы анын: «Телтору атымдын жаны тынган экен, теңирим жакшы кылган экен. Курманбек кулаган экен, душманым сулаган экен, тилегим кабыл келген экен!» – деген өңдүү заардуу сөзүнөн көрүнөт. Тейитбек – чыккынчы. Эпос чыккынчыга ит өлүмү ылайык деген пикирди айтат. Бул кылык Ата Мекенге чыккынчылык кылуунун эң жогорку белгиси нокоту болот. Ошон үчүн Аккан аны аттын куйругуна байлап, сүйрөтүп өлтүрдү.

**Терс каармандар** – Экез, Дөлөн. Булар коркок, туруксуз, адилетсиз. Дөлөн көп аскерлери менен жалгыз Курманбектен коркот. Дөлөн Курманбекти чыныгы күч, эрдик менен жеңбей, аны атсыз, жөө калганда сайып өлтүрөт.

■ **дастан, кенже эпос** – малый эпос
**баш каарман** – главный герой
**адамгерчиликтүү** – человечный
**жолдош** – товарищ
**жар** – супруга
**түгөйү** – половина
**кайраттуу** – стойкая, выносливая
**өчүн алуу** – мстить
**кара өзгөйлүк** – вредить
**таш боор** – жестокий
**өзүмчүлдүк** – эгоизм
**чыккынчылык** – предательство
**найза** – копье

1. Эпостун башкы каарманы Курманбектин сапаттарын атап бериңиз?
2. Тейитбектин образы сага кандай таасир тийгизди? Комментарийлеп бериңиз!
3. Курманбекти колдогондор кимдер? Аларды айтып мүнөздөп бер.
4. Анын душмандары кимдер?
5. Бүгүнкү күндө чыныгы достор барбы?



6. Болсо алар бири-бирин кандай учурларда колдошот?
7. Достук, чыныгы жолдош жөнүндө бир нече макал айтып бергиле.

1. **Адамгерчиликтүү, таш боор, кайраттуу** деген сөздөр менен сүйлөм түз.
2. **Канышайга** мүнөздөмө бер өзүңдүн оюң боюнча.
3. **Курманбек** деген сөзгө синквейн түз.

## Курманбектин арманы

Дөлөндүн сөзүн угуп Курманбек: «Же сенин каның тарткандыр, же менин каным тарткандыр, өлсөм да сени ала өлөйүн» – деп, Курманбек Дөлөндү катуу качырды. Кош аңдан алыс түйүлүп, Койкүрөңдүн бели үзүлүп, очорулуп барып жатып калды. Курманбек тура калганда Дөлөн хан качырып келип сайып кетти. Көкүрөктөн кирген найза далысынан чыга түшүп, бир кездей найзанын сыныгы көкүрөгүндө калып, Курманбек жатып калды.

Дөлөн хан: Үдөөм бүттү, көздөгөнүм Курманбекти көмөлөттүм деп, жөнөп кетти. Курманбек жан талашып, каны чууруп, топуракка жуурулуп, жылдыз толгондо эсине келип, Курманбек тынч алар жагына карап, башын жөлөр киши жок талаада калгандыгына арман кылып бир айтканы:

«Кадырым сурар киши жок,
Калганым ушул турбайбы.
Кадыр түндө түш көргөн,
Арманым ушул турбайбы.
Башымды жөлөр киши жок,
Калганым ушул турбайбы.
Баягы күндө түш көргөн,
Арманым ушул турбайбы.
Эмгектүү жалгыз турбайбы,
Жоо сайган эгиз турбайбы,
Жоголчу жалгыз турбайбы…
Жалтанбаган баатыр баш,
Жаман аттан муңайды…
Жаратпай калсын жалгызды,
Жалгыз адам жардырып,
Алдырат экен намысты…
Атам как баш бербеди,
Чаалыкпас Тору ат чалышты.
Аталаштан алтоо бар,
Айрылбады кантейин.
Аталашым жогунан,
Кайрылбады кантейин…
Энелештен экөө бар,
Айрылбады кантейин…
Энелешим жогунан,
Кайрылбады кантейин!..

**кадырым** – достоинство, почесть
**кадыр түн** – ночь предопределений
**арманым** – моя беда
**жалтанбаган** – бесстрашный
**муңайды** – горевать
**намысты** – честь
**как баш** – старик
**чаалыкпас** – неутомимый

Ат бербеген капыр чал,
Алты ай кесик оорусун,
Аргымагың тору атты,
Кулдарың минип жоорутсун.
Маа бербеген Телтору ат,
Кара ашыңа союлсун.
Маа бербеген олпогуң,
Доорунуңа коюлсун.
Көрүстөнүң төбөсү,
Эки күн калбай оюлсун…
Маа бербеген тулпарың,
Көр байгеңе чабылсын.
Маа бербеген олпогуң,
Сөөгүңө жабылсын.
Маа арнаган каргышың,
Өз башыңа табылсын.
Аяган Телтору атыңды,
Кулдарың минип жарасын.
Эшигинен жем таппай,
Элдин көзүн карасын.
Ак кепиндеп, аруу жууп,
Көмөр кишим болсочу.
Кадырым сурап кашыма,
Келер кишим болсочу.
Кара көзүм өчкөнчө,
Көрөр кишим болсочу…
Кара жерди кең оюп,
Көмөр кишим болсочу.
Эрдин кесе тиштенип,
Чымындай жанга күч келип,
Имерилип Курманбек,
Ойлонот акыл изденип.
Көөдөнүн найза аралап,
Көкүрөгүн жаралап,
Көөдөнүнөн кара кан,
Көп куюлат салаалап,
Көзүнөн аккан кандуу жаш,
Эки беттен талаалап.
Өөдө турар шайы жок,
Жылып барат Курманбек,
Эси оосо дем алып,
Тынып барат Курманбек,
Басарына дарман жок,
Жылып барат Курманбек,
Акылы эсин аярлап,
Тынып барат Курманбек.
Эңиширээк жер болсо,

**аргымагың** – кровная лошадь
**жоорутсун** – ссадина
**кара ашың** – поминки в день смерти
**көрүстөнүң** – могила
**олпогун** – ватный халат
**дарман** – сила, мочь
**эңиширээк** – склон



Жыгылып кетет куланып,
Жаратынан жай таппай,
Жатып калат суналып.
Найза тийген жарасы,
Шишик басты ууланып.
Таң агарып атканда,
Тамам жылдыз батканда,
Барып жатты Курманбек.
Кара жолдун боюна,
Каруусу кетип жалдырап,
Өлүм турду оюна.
Жан талашып суналып,
Түшүп кетти бир аңга,
Талатам деп чочунду
Бөйү чаян жыланга».

**куланып** – скатываясь
**жаратынан** – от раны
**суналып** – вынувшись
**найза** – копьё
**шишик басты** – сильно опухло
**тамам** – все, целиком, полностью
**каруусу** – сила, мощь
**бөйү чаян** – скарпионам, змеям

Аңга түшүп кетип жолду көрө албай, аңдын ичинде калып, бир жапыс жеринен тырмалап чыгып, эс алып, аңдын жээгине башын жөлөп отурду. Кашкар жактан калың караан келе жатканын көрүп, көңүлүн сергитип отурду. Эчен төөгө жүк жүктөгөн соодагер кербен көрүнөт. Кербендердин алдында кырк жигити бар кара жоргого алтын жабдык салынып, арылдатып өтүп бара жаткан бирөөнү көрүп Курманбек башын көтөрүп айткан сөзү:

«Айланайын кербендер,
Алыс жактан келгендер,
Алсыздык жүзүм көргөндөр,
Ажал жетип өлгөндү,
Ак кепиндеп көмгөндөр.
Кашкар жактан келгендер,
Кара жолдун боюнда,
Карыпка кайыр бергендер.
Каза жетип өлгөндү,
Кайыр кылып көмгөндөр.
Келип көргүн көзүмдү,
Келип ук айткан сөзүмдү.
Итке, кушка жем кылбай,
Катарымдан кем кылбай,
Ак кепиндеп, аруу жууп,
Айпооч салып белим бууп,
Соопко дакыл болсоңор.
Көмө кеткен өзүмдү,
Келип көрө кеткиле,
Нурдуу шейит өңүмдү,
Ачып кеткин кербендер,
Арманда жаткан көңүлдү,
Итке, кушка жем кылбай,
Көмө кеткин сөөгүмдү.

**ажал** – смерть
**ак кепиндеп** – саван
**карыпка** – обездоленному
**кайыр кылып** – помощь бедняку
**аруу** – чистый
**айпооч** – повязка охв. тело покойника
**соопко** – душе спасительное дело
**шейит** – павший за веру мусульман
**кербендер** – торговый караван
**сөөгүмдү** – мое тело

Бечаралык, карыптык,
Бешенеме жазылды,
Келип көргүн кербендер,
Көзүмдөн аккан жашымды.
Жалгыз атым өчүрүп,
Жардын боорун көчүрүп,
Сооптун жайын ойлонуп,
Жашыра кеткин башымды.
Көмбөсөң да кербендер,
Көрө кеткин жарамды,
Белгисин айтып берейин,
Алтын ооз калаамды,
Бир имерип көрө кет,
Алты жашар баламды.
Алганым шордуу сураса
Айтып кой менден саламды?!
Айланайын кербендер,
Тийгизе кеткин пайданды,
Табалбадым айламды,
Жүрөгүм канга майланды,
Көкүрөктөн бир ыкшап,
Суурып ташта найзамды?
Айланайын кербендер,
Угар болсоң арзымды,
Убайымдуу карыпты,
Арыз угууга барсыңбы?»

**бечаралык** – немощность
**бешенеме** – *перен.* судьба
**шордуу** – горемычный
**көкүрөктөн** – с груди
**арзымды** – жалоба
**убайымдуу** – беспокоившегося

■ **эресе, жигиттик курак** – молодой возраст, молодость
**мол дүйнө, көп дүйнө** – много богатства
**үдөөм, көздөгөн максат** – желание, цель
**алым** – дань, налог
**бели үзүлүп** – поясница переломился
**көздөө** – присматривать
**арман** – печаль
**намыс** – честь
**как баш** – старик
**кулдар** – рабы
**олпок** – матрасик
**каргыш** – проклятие

## «Жаңыл Мырза» эпосу жөнүндө маалымат

Эпос V–VIII кылымдарга таандык. «Жаңыл Мырза» – кенже эпостордун бири. Бул эпосто калмак баскынчыларына карата кыргыз элинин баатырдык күрөшү айтылат. Чыгарманын башкы каарманы Жаңыл тарыхый инсан. Эпостун төрт варианты бар.

1. Тоголок Молдонун.
2. А. Чоробаевдин.
3. М. Мусулманкуловдун.
4. Ы. Абдрахмановдун.

Бардык варианттарда Жаңылдын эрдик иштери жөнүндө сөз болот. Башка эпостордон болгон өзгөчөлүгү, башка баатырдык эпостордой эркектин эрдигине арналбастан, Жаңыл Мырза баатыр кыздын эркиндик үчүн болгон турмушун баяндайт.

Жаңыл Мырза – Нойгут уруусунан чыккан, эли-жерин коргогон баатыр кыз. Эрке өскөн, он эки жашка келгенде жаа тартып, ит агытып, куш салат. Көзгө атаар мерген болгон. Душмандар андан коркушат. Нойгут эли сыйлайт, сыймыктанат. Жаңыл Мырза – өз уруусуна эркиндик алып келген мыкты билерман башчы. Жаңыл Мырза кырк жигит күтүп, катылгандын катыгын берип, душмандан өчүн алган. Ал калмактардын чабуулун токтотуп, элине эркиндик, тынчтык алып берген. Баатыр кыздын ашкан эрдиги, кайраттуулугу тез эле көп жерге, көп элге тарайт. Айрымдары Жаңылдын мындай даңкын көрө алышпайт. Анын багын байлап, күч менен үйлөнөбүз дешкен мыктылар да болушкан.

Үлбүрчөк жана Бургуй, Үчүкө менен Түлкүгө окшогон баатырлар Жаңыл менен кармашып мерт болушкан.

Жаңылдын ички душмандары:
Үлбүрчөк, Бургуй, Үчүкө, Түлкү.
Тышкы душмандары:
Калмактар, Эрдене.

Калмактардын Эрдене беги Жаңыл кызды камап, үйлөнөм деп той кылып жатканда Үчүкө, Түлкү баатырлардын кунун кууп келишкен кыргыз урууларына Жаңыл: «Биригели, душманды жерибизден кууп чыгалы», – деген сөзүнө көнбөй, баатыр кызды алдап, колго түшүрүп кетишет.

Өз намысын өтө жогору баалаган Жаңыл туткунда да кадимки кайраттуулугунан танбайт.

■ **таандык** – пренадлежит, относиться
**кенже** – малый, младший
**баскынчы** – нашественник
**баатырдык** – героический
**күрөш** – борьба
**каарман** – герой
**тарыхый инсан** – историческая личность
**эрдик** – подвиг
**өзгөчөлүгү** – отличие
**арналбастан** – не посвящается
**баяндайт** – повествует



1. Эпосто кайсы күрөш жөнүндө айтылат?
2. Эпостун башкы каарманы ким жана ал кандай башчы?
3. Эпостун варианттарында эмнелер баяндалат?
4. «Жаңыл Мырза» эпосу башка эпостордон эмнеси менен айырмаланат?
5. Бул эпосто кимдер менен болгон күрөш айтылат?
6. Баатырды өлтүрүү үчүн эмне кылышат?
7. Кайсы баатырлар Жаңылдын колунан мерт болот?
8. Жаңыл адамдагы кайсы сапатты баарынан жогору койгон?

1. Берилген сөздөр менен темага байланыштуу сүйлөм түз:
***Тарыхый инсан, баяндайт, кенже.***
2. Жаңыл Мырза деген темага концептуалдык карта түзүп, сүрөтүн тарт.

## АДАБИЙ ТЕРМИНДЕРДИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

**Психологизм** – адабият менен искусствонун негизги предмети болгон адамды, анын турмуштагы, жашоодогу жүрүм-турумун, татаал кулк-мүнөзүн адабиятта көрсөтүү.

Мисалы: **Жаңыл он эки жашка келгенде жаа тартып, ит агытып, куш салат.**

# Жаңыл Мырзанын эпостогу образы

«Жаңыл Мырза» – элдик поэмалардын ичинен баатырдык мүнөздөгү чыгарма. Башкы каарман эл бийлеген Жаңыл аттуу баатыр кыз болгондуктан, анын ысымына «мырза» деген эпитет кошулган. Ыбырай Абдрахмановдун варианты боюнча 1967-жылы 2651 саптан турган поэмасы жарык көргөн. Чыгармадагы сюжет кыргыздардын байыркы турмушунан алынган. Кыз болсо да эл үчүн күйүп-бышкан, эл башкарган Жаңылга «Мырза», «эр» деген ат куп жарашат. Өзүнүн эр жүрөктүгү (*храбростью*), акылы менен бүткүл уруунун ишеничине татып, анын тагдырын аркалаган (*взваливать на себя*) Жаңыл Мырза калмактарды жеңип, элине тынчтык, теңдик (*справедливость*) алып берет. Ал чыныгы баатыр катары, ал кыргыз урууларынын ички конфликтерине да катышат, башкача айтканда, анын күрөшү да эки тараптуу жүрөт. Кыз да болсо өз уруусунун намысын (*честь*) коргоп, жеке тагдырын, өмүрүн өлүмгө байлап кызматын кылат. Азаматтан калышпаган эр жүрөктүгү, көзгө атар мергендиги аялзатына таандык калыстык, боорукердик, ак көңүлдүк, туруктуулук өңдүү жакшы сапаттары менен белгилүү. Ал канчалык эр жүрөк, өз күчүнө ишенген баатыр болсо да жаманчылыкка баргысы келбейт. Кыздын жүрөгү баатырдыкты да, сулуулукту да жактырат. Өзүнө ылайыктуу жар күтүп, урууларды ынтымакташтыруу максаты да бар. Кашкарды чаап караткан баатыр кызды адам катары урматтап, колун сураганга жарабаган Түлкүнүн кылык-жоругу Жаңылдын намысына тиет. Адамдык нарк (*цена*) жогору турарын айгинелеген (*доказывающий*) Жаңыл – Үчүкө, Түлкүнү катуу жазалайт. Өз барк-баасын билген, өз күчүнө ишенген баатыр кыздын жүрөгү аялсынтып кордогон суук сөздү кечире албайт. Оройлукка ок менен жооп кайтарат. Уруу башчыла-

рынын Жаңылга жасаган мамилесинен кыргыз аялдарынын коомдогу жана үй-бүлөдөгү теңсиздикте, көз каранды, басынган абалда жашагандыгы сезилип, ага карата Жаңылдын тынымсыз каршылык көрсөткөнү аркылуу патриархалдык-феодалдык түзүлүштүн терс жактары ачылат. Түлкү мырза Жаңылдын кабарын алыстан угуп, чындап эле жактырып калса да, аны тарбиялап өстүргөн коомдун моралына ылайык кызды үстүртөн, кемсинтип карайт. Ал канчалык акылдуу, жүрөктүү ж. б. деп саналганда да уруучул коомдогу куру намыстын (*кулак в кармане*) гана курманы болуп кала берет. Ал эми «Жаңыл Мырза» качан болбосун эрдиктин, чечкиндүүлүктүн чыныгы үлгүсү катары жашоосун токтотпойт. Адам деген бийик даражаны алып, элинин бак-таалайын ойлогондор качан болбосун элдин көңүлүндө сакталып, кийинки урпактар үчүн үлгү катары айтылат. Бул жагынан алганда Жаңыл Мырза эпикалык каарман болсо да ошондой милдетти түбөлүк аткарат.

Душмандар аны өлтүрүү үчүн жолборс менен кармаштырат. Анан жетимиш жаштагы Калматай бийге алып беришет. Калматайдын кыйноосуна чыдайт. Бирок, баатыр кыздын туткун болуусу – өлүм менен барабар. Ошондуктан, ал өз элине качат. Элин баскынчылыктын туткунунан бошотот.

■ **уруусунан** – пренадлежит, относиться
**коргогон** – защищавшая
**эрке өскөн** – разбалованная
**жаа тартып** – лучница
**ит агытып** – охотилась с собаками
**куш салат** – дрессировать сокола, беркута и пускать на дичь
**көзгө атар мерген** – меткий стрелок
**сыймыктанышат** – гордяться
**ички душмандар** – внутренние враги
**тышкы душмандар** – внешние враги
**кармаштырат** – заставляют сражаться
**алып беришет** – *(здесь)* замуж выдадут
**мыкты** – лучший (-ая, -ое)
**билерман башчы** – знающий, умный, мудрый предводитель
**божомолдоо** – предположение
**уруу** – племя
**чабуул** – нападение
**даңк** – слава
**мерт болот** – погибает
**кун** – вира, пеня за убийство
**намыс** – честь
**кыйноо** – мучение
**туткунда** – в плену

(?)
1. Жаңыл Мырзанын иштерин өзүңүз сүрөттөп бериңиз.
2. Ички жана тышкы душмандары кимдер?
3. Баатырды өлтүрүү үчүн эмне кылышат?
4. Бул эпосто кимдер менен болгон күрөш айтылат?
5. Кайсы баатырлар Жаңылдын колунан мерт болот?
6. Жаңыл адамдагы кайсы сапатты баарынан жогору койгон?
7. Бүгүнкү күндө Жаңыл Мырзадай болгон кыздар, аялдар барбы?
8. Алардын аттарын жана аткарып жаткан иштерин атап бергиле.
9. Жаңылдын образынан сиз өзүңүзгө анын кайсы сапатын алат элеңиз?

1. Көп чекиттин ордуна тиешелүү сөздөрдү коюп жазыңыз.
*Жаңыл Мырза Нойгут ...... чыккан.*
*Нойгут эли Жаңыл Мырза менен .......*
*Аны жолборс менен ........*
2. ***Жаңыл Мырза*** деген зат атоочко синквейн түзүңүз.



## Жаңыл Мырзанын Үчүкө, Түлкүгө жаа тартышы

Келин кетти деп угуп,
Сүйүнчүлүү кеп угуп.
Үчүкенин үйүнө,
Келип түштү энеси.
Арылбайт акыр заманда,
Көпчүлүктүн жемеси.
Келген элдин баарысын,
Арача салат энеси.
Катын алсын деп айтып,
Катуулады мүнөзү.
Алса Жаңылды алсын дейт,
Ат бастырып барсын дейт,
Эр Жаңылды алсын дейт,
Эр Жаңылды албаса,
Менден туубай калсын дейт.
Өзү Нойгут уруусу,
Ургаачынын сулуусу.
Манап эмес, бай эмес
Эл бийлеген бий эмес.
Букара байкуш Жагоого,
Айтпаптыр кудай уулдан.
Канат жасап камчы урган,
Кайраттуу кыз туулган.
Ата-энеси, элинин,
Жарпын ачкан кызы дейт.
Элди сактап душмандан,
Өөк сырттан ушу дейт.
Жардылыгы болбосо,
Жандан ашкан мыкты дейт.
Мылтык атып, жаа тарткан,
Эркектерден ыктуу дейт.
Ит агытып, куш салган,
Кесипке даана шыктуу дейт.
Какшаал менен тоюнда,
Калың Нойгут айлы дейт.
Өзү баатыр Жаңылдын,
Жок экен азыр кайны дейт.
Мыкты болсо эр Түлкү,
Эриш бузуп, эл чапсын.
Жылкы тийип чаңдатып,
Калмакты кошо тең чапсын.
Алы буга келбесе,
Көрүнбөсүн көзүмө.

**сүйүнчүлүү** – радостный
**арылбайт** – не закончиться
**жемеси** – упрёк, попрёк
**арача** – разнимание
**өөк сырттан** – мужественный
**ыктуу** – тактичный

Жалганда тирүү жүргөнчө, — **жалганда** – в жизни
Бычак салсын өзүнө.
Эгер Жаңыл албаса,
Ак сүтүмдөн кечпеймин,
Акыретке барганда, — **акыретке** – загробный мир
Салбасын мени арманга.
Деп, ошентип күнүгө,
Тынчын алды Түлкүнүн.
Түп көтөрүп түрүлүп,
Түлкүнүн колу сүрүлүп,
Жөнөп калды бөлүнүп.
Сөзүн укпай коёбу!
Аттандырды чуу менен,
Асабалуу туу менен. — **асабалуу** – высокий
Ай туяктан бээ айтып, — **ай туяктан** – однокопытные
Аябаган дуу менен. — **дуу менен** – с шумом
Үчүкө, Түлкү баш болуп,
Мингени буудан ат болуп, — **буудан** – скакун
Ал сапарда жасоосу,
Алда канча көрүнүп,
Аккочкор, Каңкы бул экөө,
Бир кош болуп бөлүнүп,
Жаңылды байлап алмакка,
Шатыра-шатман жол жүрүп,
Барды Какшаал тоосуна,
Ийри жардын жээги, — **ийри жар** – кривой обрыв
Имерилиш оозуна. — **имерилиш** – поворот
Ак чийдин төмөн жагында,
Кере таштын сайында, — **сайында** – русло реки
Кемегесин ойдуруп, — **кемегесин** – очаг
Бээден кармап ырымдап.
Ай туякты сойдуруп.
Жалгыз-жарым жүргөндү,
Токтотуп алып кеп сурап,
Нойгут элдин күздөөсү, — **күздөөсү** – осеннее пастбище
Жылкысы кайда – деп сурап.
Учураган жан болсо,
Жок издеген ал болсо,
Чылбыр толгоп санына, — **чылбыр** – поводок
Тирүүлөй азап чектирген.
Нойгутка кабар түшүрбөй, — **кабар** – сообщение
Же нойгуттар күтүнбөй,
Кармап алып ургулап,
Тилин толгоп жулдурат.
Өлбөсө да а шордуу,
Сүйлөй албайт чулдурап. — **чулдурап** – заикаясь
Кетирсе да толук сөз,



Элге барып айталбайт.
Мына ушундай мыкаачы, — **мыкаачы** – кровожадный
Үчүкө, Түлкү шайтанды айт.
Шайтандык эмей эмине,
Тынч элди келип чабышты,
Жылкысын жылас кылышты. — **жылас** – обеднеть, исчезнуть
Койлорун союп короодон,
Корум кылып кырышты, — **корум** – груда камней
Төрт түлүгүн чогултуп, — **төрт түлүгүн** – всех
Алдына салып жыйышты.
Нокто-чыкта, желени. — **нокто** – оброть, недоуздок
Кылыч менен кыйышты.
Кайчы-тулга, казанды,
Карсылдатып чабышты.
Коломто гүлүн сапырып, — **гүлүн** – зола
Эшиктен төргө чачышты.
Киймин тоноп сыйрыса,
Жылаңач чуркап качышты.
Кызыл уук кыйраса,
Кыяматтай кыйнаса,
Элчилеп да эр Жаңыл,
Же бир жасоол жыйбаса, — **жасоол** – рассыльный
Айтылбай турган иш бекен,
Намыс кылбай тим болгон,
Анча-мынча кыз бекен,
Аты Жаңыл болгон соң,
Анты-шерти бепбекем. — **анты-шерти** – клятва
Ургаачылык ушу деп,
Тим жатыш буга кеп бекен.
Ал кезде Жаңыл үйдө жок,
Жортуул келчү жолдо бейм.
Катындарын какшатып,
Караан түндү баштатып,
Сүттүү менен сүрөгүн,
Такалуудан тай койбой,
Кулун-тайын чыңыртып,
Төөнүн мурдун жырылтып,
Добул кагып, мал койбой, — **добул** – буря
Кулун-тайын чыңыртып,
Төөнүн мурдун жырылтып,
Добул кагып, мал тийип,
Түндүктөн булар бута атып, — **бута** – мишень, цель
Үч төрт айыл жылкысын,
Алып чыкты узатып.
Эки кошко эки тай,
Туугандашып союшту.
Ээн жердин бөрүлөр, — **бөрүлөр** – волки

Этке майга тоюшту.
Үчүкө, Түлкү ошентип,
Тийип алып жылкысын,
Жаңыл Мырза жок кезде,
Элдин ачкан уйкусун.
Чаңдатып үч жүз бээ алды,
Жай жаткан элден төө алды...



## Тоголок Молдо

**(1860–1942)**

Атактуу акын Байымбет Абдрахманов (Тоголок Молдо) 1860-жылы азыркы Ак-Талаа районундагы Куртка деген жерде туулган. Атасынын бир тууганы Музооке өз учурунда кыргыз жергесине белгилүү болгон чоң акын, чебер комузчу, көптү билген сөзмөр, чечен адам болгон. Ал кыргыз элинин тарыхынан тартып, жомокторун айтып берчү. Анын баары болочок акын Байымбеттин көркөм сөз өнөрүнө кызыгуусун арттырган. Ал мусулман диний мектебин бүтүрүп, колу кат тааныйт, өзүнүн ырларын, Музоокенин нускалуу, акыл-насаат сөздөрүн кагазга түшүрөт. Ошондон улам кат тааныган кичинекей кара тоголок Байымбет эл арасында Тоголок Молдо атыгып кетет. Байымбет 14 жашынан атасынан, чоң атасынан айрылат. Анын жашоо турмушу оордойт. Ар кимге малай болуп 10 жылча иштейт. Акындык чеберчиликке Токтогулдан үйрөнөт. Ошондой эле кыргыз эл чыгармалары жана Низами, Навои, Хафис өңдүү чыгыш акындарынын чыгармалары менен таанышат. Байымбет Абдрахманов – жазгыч акын, манасчы, дастанчы. Тоголок Молдо чыгармачылыкка бүт дилин берип жүргөн мезгилде Тыныбек манасчыга жолугат. Манастан уккан бөлүгүн бүт жаттап алат. Ал жөнүндө бир чыгармасында мындай деп жазган.

Он сегиз жашка келгенде,
Акын болдум атанып,
«Манасты» бүт үйрөндүм,
Тыныбектен жат алып.

Ошентип, Тоголок Молдо 18 жашында эле акын деген наамга ээ болот. Акын Октябрь революциясына чейин арман, кошок жана сүйүү темасында ырларды чыгарды. Кыргыз адабиятында тамсил жанрына негиз салды. Революциядан кийин поэмаларды, ырларды жаратты. Бул чыгармаларда ал жаңы заманды даңазалап ырдаган. Анын «Дыйкандын аялынын кошогу», «Жаш балага берген кыздын арманы», «Гүл ойрон» жана көптөгөн башка чыгармалары бар. 1936-жылдан баштап Илим-изилдөө институту менен тыгыз байланышта болуп, Тил жана адабият институтунун фондусуна көптөгөн материалдарды тапшырат. 1938-жылы Кыргызстан Жазуучулар союзуна мүчө болуп өтөт.



Акындын эмгеги жогору бааланып, ал «Ардак белгиси» ордени менен сыйланат. Байымбет 1942-жылы дүйнөдөн кайткан.

■ **атактуу** – известный
**айрылат** – потеряет
**жашоо-турмушу** – судьба, жизнь
**малай** – слуга
**10 жылча** – приблизительно 10 лет
**колу кат тааныйт** – научился писать
**алгачкы** – самый первый
**мүмкүнчүлүк** – возможность
**арман** – неисполненное или неудовлетворенное желание или сожеление
**кошок** – песни причитания, поминальные
**тамсил** – басня
**негиз салды** – основал
**жаңы заман** – новая жизнь
**даңазалап** – прославлял

1. Тоголок Молдо ким болгон? Анын жашоо турмушу кандай болуптур?
2. Сабатсыздыгын кантип жойгон экен?
3. Эмне үчүн ал Тоголок Молдо атыгып калган?
4. Көркөм сөз өнөрүнө кызыгып калуусунда кимдин түрткүсү күчтүү болгон?
5. Акындык, манасчылык чеберчиликтердин өсүп-өнүгүүсүнө кайсы акын, манасчылар таасир эткен?
6. Тоголок Молдо кайсы жанрга негиз салган? Бул жанрда жазылган чыгармаларын атап бер.

1. Сөздөрдүн синонимин тап. Сүйлөм түз.
**Атактуу, жашоо.**
2. Тексттен сан атооч катышкан сүйлөмдөрдү мисал келтир.

## АДАБИЙ ТЕРМИНДЕРДИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

**Кошок** – кыргыз оозеки элдик поэзиясында кеңири таралган каада-салт ырлардын бир түрү. Адам өлгөндө анын жакындары, айрыкча аялдар тарабынан өзүнчө обон менен ый аралаш кошулган. Өлгөн адамдын кулк-мүнөзү, асыл сапаттары билдирилген. Кыргыз элинде кеңири белгилүү кошокчулар болуп, чоң кадыр-баркка ээ болушкан. Аларды атайын алдырып, кошок коштурушкан. Кошок – байыркы жанр.

Мисалы: Асылым уста арстаным,
Бактыма кудай жазганым.
Балаңа калды мүлк болуп
Болоттон соккон барсканың.
Дөөшүң калды темирден,
Көз ачык өттүң өмүрдөн.
Чың темирди балкытып,
Өнөрүң ашты көмүрдөн. (Т. Молдо)

Кыргыз совет адабиятында кыз бергенде айтылуучу да кошоктор бар.

Кыздын адамдык мыкты сапаттары, келечек жөнүндө жакшы ой-тилектер айтылат.

Мисалы: Атакең тапкан жай конуш,
Жай конушка конуп ал.
Кызыке,
Жайдары келин болуп ал!

**Арман** – кыргыз элинин оозеки көркөм чыгармачылыгында кенири таралган лирикалык ырлардын бир түрү. Анда каармандын, укуксуздуктун, эрксиздиктин, теңсиздиктин натыйжасында келип чыккан күйүтү, муң-зары, капалыгы, нааразылыгы, каршылык көрсөтүүсү билдирилет. Кыргыздарда айрыкча кедей-кембагалдар, адам катары саноого арзыбай келген кыз-келиндер узук сабак арман ырларын жаратышкан.

Мисалы: Күңгөйдүн күнү баткан жок,
Күйөөдөн мага айткан жок.
Тескейдин күнү баткан жок,
Теңтуштан мага айткан жок.
Алтымыш бутун аксаткан,
Чалга кетип баратам.
Атам сатып башымды,
Малга кетип баратам.

## Жаш балага берген кыздын арманы

Бул чыгармада Тоголок Молдо Анаркүл аттуу кыздын атасына болгон нааразычылыгын жана тилегин көрсөткөн. Атасы Карабай Шеримбайдан, алганын кайрып бере албай, өз кызын жыйырма беш жаштагы кызды анын жети жашар баласына аял кылып берет. Бул чыгарма Тоголок Молдонун алгачкы чыгармаларына кирет. Мындай чыгармаларда ал феодалдык түзүлүштү жана анын өкүлдөрүн сынга алат. Ошондой эле ата баласына кас болгонун, боору таш экенин айтып, ошол эле учурда атасы карызынан тез кутулуп, жаш баладан аны ажыратып, өз теңтушуна берсе экен деген үмүт, тилек көрсөтүлгөн.

**нааразычылык** – недовольство
**тилек** – желание
**алганын, карызынан** – *здесь* долг
**кайрып бере албай** – не может возвратить
**аял кылып** – выдавать замуж
**феодалдык түзүлүш** – феодальный строй
**өкүл** – представитель
**сынга алат** – критикует
**кас** – враг
**ажыратып** – разводить
**теңтушуна** – ровеснику

## Жаш балага берген кыздын арманы

Бай Шеримбай кайнатам,
Бай Карабай өз атам,
Күйөөлүү кызга көз артам,
Күйөөсүз жалгыз мен жатам.
Калка кылар дубал жок,

**кайнатам** – свёкорь
**күйөөлүү** – замужняя
**калка кылар** – *здесь*, зашитить



Анаркүл менде убал жок
Жыйырма бешке чыкканча,
Ойноп күлөр улан жок.
Абышкалар тойдо жейт,
Асыл койдун куйругун.
Жаш балага туш кылган,
Жараткандын буйругун.
Алты жашар жаш бала,
Анарга күйөө болчубу?
Жабыр тартып Анаркүл,
Кары кыз атка кончубу.
Жергеден башым кемиткен,
Карабай атам оңчубу.
Жети жашар жаш бала,
Жетилип күйөө болчубу.
Жесир жүрүп Анаркүл,
Жакшы атакка кончубу.
Өз атам кылды мага кас,
Өзгөчө мага боору таш.
Келсин деп кабар кылууга,
Кесирлүү күйөөм болду жаш.
Бай Шериден алганын,
Атам кайрып берсе экен.
Ажыратып башымды,
Көп көтөрбөй жашымды,
Теңтушума берсе экен.
Кепке, сөзгө келсе экен,
Быйыл мени берсе экен.
Быйыл мени бербесе,
Тирүүлөй көргө көмсө экен.

**убал жок** – греха нет, ущерб, урон
**улан** – парень
**асыл** – *здесь* самый лучший
**жараткандын** – всевышний
**буйругун** – распоряжение, предназначение
**жетилип** – созреть, вызреть, дойти до определенного, состояния
**кас, душман** – враг
**боору таш** – жестокий
**кесирлүү** – вредоносный, приносящий беду
**тирүүлөй** – заживо, живьём

1. Жогоруда айтылган чыгармада Тоголок Молдо эмнени көрсөткөн?
2. Эмне себептен 25 жаштагы кыз 7 жаштагы баланын аялы болот?
3. Бул чыгарма акындын кайсы чыгармаларына кирет?
4. Кыз эмнеге арман кылат?
5. Кыз жашоосу кандай болушун каалайт?
6. Көздөгөн максатына жете алабы?
7. Мындай шарттан кантип чыкса болот?
8. Азыркы кезде кыздар ушундай окуяларга кабылышы мүмкүнбү?
9. Бүгүнкү күндө коомдо кыздардын орду кандай?

1. *Кызга* жана *балага* Венндин диаграммасын түз.
2. Чыгармадан үзүндү жатта (8 сап).



# Молдо Кылыч Шамыркан уулу

**(1866–1917)**

Молдо Кылыч – кыргыздын жазма адабиятынын алгачкы жана көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири. Ал 1866-жылы Кочкор өрөөнүндө туулган. Беш жашында анын атасы Шамыркан дүйнөдөн кайтат. Ал атасындай жаш кезинен чыйрак, зейрек бала болуп чоңоёт. Мусулман мектебинде окуп, кат-сабатын жоюп, көп жактуу түшүнүктөрүн кеңейтет, чыгыш адабият үлгүлөрү менен таанышат. Акын мыкты билимдүү, замандын өткөндөгүсү менен учурдагысы, келечеги жөнүндө терең ой жүгүрткөн ойчул да болгон. Турмуштан алган байкоолорун, ой-сезимдерин, санат-насыят түрүндө жазган. Бирок узак убакыттар бою анын чыгармалары «кара сандыкта» камалып жаткан, мурастарын үйрөнүүгө тыюу салынган. Акын тоталитардык-казармалык коомдун курмандыгы болгон. Аны бизден алыстатып турган себептер төмөнкүлөр: биринчиден, айрым чыгармаларында антиорустук идеялардын болгону; экинчиден, манаптын тукуму экени; үчүнчүдөн ислам дининен сабаттуу болгону, молдо экендиги.

«Кыз жигит», «Керме тоо», «Чүй баяны», «Бүркүттүн тою», «Канаттуулар», «Жинди-Суу», «Буудайык», сыяктуу чыгармалары мурас катары калды. Бул чыгармаларында адам баласынын жакшы-жаман сапаттарын, кыргыз жеринин жаратылышы, өсүмдүктөр менен жаныбарлар дүйнөсүн, кең байлыктарын сүрөттөгөн.

Ал эми чыгармаларынын ичинен айрыкча талаш-тартышты, карама-каршылыктарды туудурган эң көлөмдүү чыгармасы – «Зар заман». Жазгыч акын бул чыгармаларда турмуштан алган байкоолорун, ой-сезимдерин санат, терме түрүндө жазган.

М. Кылычтын «Зилзала» деген чыгармасы 1911-жылы Казан шаарында басылып чыгат. Бул эмгек кыргыз тарыхында басмага жарыяланган алгачкы чыгармалардан болуп эсептелет. Азыркы мезгилде жазгыч акындын чыгармалары басма сөз беттерине жарыяланып келүүдө жана «Казалдар» деген жыйнагы 1996-жылы жарык көрдү.

■ **жазма адабият** – письменная литература, проза
**көрүнүктүү** – видный
**дүйнөдөн кайтат** – умрёт
**чыйрак** – выносливый
**зейрек** – понятливый, смышлёный, сообразительный
**көп жактуу** – многогранный
**түшүнүктөрүн** – свои понятия
**чыгыш адабият** – восточная литература
**ойчул** – мыслитель, философ
**байкоолор** – наблюдения



1. Молдо Кылыч кайда, качан туулган?
2. Ал билимди кайдан, кимдерден алган?
3. Көп жактуу түшүнүк деген сөздү кандай түшүнөсүң?
4. Эмне себептен анын чыгармаларын үйрөнүүгө тыюу салынган? Молдо Кылыч сыяктуу тоталитардык коомдун курмандыгы болгон акын, жазуучуларды билесиңби? Билсең атап бер.

1. Көп чекиттин ордуна тиешелүү сөздөрдү кой.
***Молдо Кылыч атасында ...., .... болуп чоңойду.***
***Ал ..... ..... менен таанышкан.***
2. *Молдо Кылыч* деген сөзгө синквейн түз.

## Канаттуулар

Бул чыгарма тууралуу казак элинин уулу жазуучусу жана окумуштуусу Мухтар Ауэзов: «Мындай чыгарма менен кандай гана улут болбосун сыймыктана алат», – деп бекеринен белгилебесе керек. Чынында эле бул чыгарма кыргыз жеринин куштары жөнүндөгү өзгөчө бир поэтикалык жыйнак деп айтсак болот. Молдо Кылыч табигатты сүйө билген, сергек, баамчыл, уккан-көргөнүн жаза кетирбеген адам болгон. Ошондуктан Молдо Кылыч «Канаттуулар» деген чыгармада ар бир канаттуунун кулк-мүнөзүн, өңүн, коодзугун, коркоктугун, күчтүүлүгүн, байкуштугун жана башка сапаттарын сүрөттөгөн. М.: булбулдун сайраганын, таңга жакын сайраган күкүк, адам тилин сүйлөгөн тоту куш, күндүз көзү көрбөгөн үкү, канаттуунун эң күчтүүсү бүркүт, түрү суук жарганат жөнүндө жазган.

■ **кулк мүнөз** – характер, нрав
**байкуштугу** – бедняга, бедняжка (переносн.)
**булбул** – соловей
**таңга жакын** – ближе к утру
**жарганат** – летучая мышь

## Канаттуулар

Сүйлөп сөзүм чачайын,
Сөз килитин ачайын.
Кароолуна келтирип,
Түз шыкаалап атайын.
Жатып чындап жактырам,
Жазбай аткан мергенди.
Катындарда уста көп,
Өрмөк согуп бергенди.
Бул адамзат пендеге
Кайсы жандар теңгелди.
Алтын, күмүш уштаган,
Эрикпеген зергерди.
Канаттуунун баарында,
Миздүү тырмак чеңгелди.

**өрмөк** – кыргызский ткацский станок
**чеңгел** – лапа (хищной птицы)

Ит агытып, куш салган,
Мүнүшкөрдүн адети.
Кушка себеп учарга,
Узун чалгын канаты.
Кыз баладай кыпыйып,
Кыргыйга такса жагоону.
Аппак болот кебездей,
Ак шумкардын саңоору.
Алып түшөр тоодакты,
Алгыр куштун кыраны.
Илбээсинди куткарбас,
Туйгун куштун чырагы.
Казды басар өрдөктөй,
Кара кашка тынары.
Асман менен кайкыган,
Ылаачындын учкулу.
Бир тепкенде өлтүргөн,
Кара кунас буттууну.
Сайса залал кылалбас,
Көк кытандын тумшугу.
Айтар сөзгө ылайык,
Ылаачындын алганы.
Тепсе жерден учурбас,
Керилип турган турнаны.
Бүркүттөн күчү кем эмес,
Кубатынын долбоору.
Бөпүлөсө, келбеген,
Далбаа менен үндөгөн.
Кара барчын бүркүттөр,
Каршы алдына келбеген.
Коё берсе чукулдан,
Колу менен ирмеген.
Тегиндеги адети,
Айланайын жаныбар,
Тепмейинче жүрбөгөн.
Алла таала кудурет,
Ар түрдүү жан жаратты.
Туйгун куштун тунугу,
Бүркүт куштун улугу.
Канаттуунун берени,
Кыргый жакшы кылыгы,
Тепмейинче албаган,
Ылаачындын ырымы.
Көпөлөктү аңдыган,
Күйкө куштун куниги.
Асмандагы жылдыздай,
Булбул куштун шайыры,

**саңоору – жумшак жүн** – мягкие перья
**далбаа – куштун жеми** – корм для птиц
**туйгун** – белый ястреб
**бүркүт** – беркут
**кыргый** – ястреб-перепелятник
**күйкө** – пустельга
**куник (түрү суук)** – некрасивый
**шайыр** – весёлый



Бүркүт куштун дайыны,
Чабалекей, боз торгой,
Жанга тийген кайыры.
Кара бүркүт тоодактар,
Канаттуунун жайыгы.
Күндүз көзү көрбөгөн,
Үкү куштун майыбы.
Кушка окшош сыягы,
Айры куйрук, кулаалы.
Ылаачынга илдирээр,
Ителгиси бөктөрөр,
Куруп калган байкуштар,
Канаттуунун карыбы.
Адам тилин сүйлөткөн,
Тоту куштун шайыры.
Жылкычыдай ышкырган,
Чакчыгайдын кымбаты.
Кара кунас мүчөлү,
Каркыранын сымбаты.
Жарашыктуу жаныбар,
Тоту куштун зыйнаты.
Алгыр бүркүт шумкарың,
Адамзаттын урматы.
Кызыл-тазыл кубулган,
Кыргоолдун канаты.
Болжоп туруп сүйлөгөн,
Молдо Кылыч санаты.
Таңга жакын сайраган,
Күкүк куштун эшени.
Келиштирип айтарга,
Келди сөздүн кезеги.
Ойлоп туруп, эсеп кыл,
Өткөрөйүн нечени.
Кызыл тилдүү куркулдай,
Уяларын байкасаң,
Адам карап тургандай.
Тиктеп туруп тимеле,
Тигип кийим кылгандай.
Ар жандардан устаны,
Жаратыптыр бир кудай.
Күндүз учпай камалган,
Бул жарганат кургур ай.
Түрү суук өзгөчө,
Алда куруп калгыр ай.
Домбурасын күүлөгөн,
Торгой менен булбул ай.
Жан куткарбас учкулу,

**дайыны** – видный
**торгой** – жаворонок
**чабалекей** – ласточка
**тоодактар** – дрофа, дудак
**жайыгы** – красивый (-ая)
**майыбы** – колека, повреждённый
**айры куйрук** – птица с раздвоенным хвостом
**ылаачын** – сокол, сапсан
**ителги** – балабан (вид сокола)
**карып** – обездоленный бедняк бесприютный
**чакчыгай** – каменка пласунья (птица)
**каркыра** – журавль – красавка
**шумкар** – кречет
**күкүк** – кукушка
**куркулдай** – ремез (птица)
**жарганат** – летучая мышь
**күүлө** – настраивать
**булбул** – соловей



Жагалмайым, кыргый ай.
Айтар сөзгө ылайык
Ала чыйырчык жаныбар,
Чегирткенин баарысы,
Бир ушундан кырылар.
Булбул куштун молдосу,
Торгой жакын жолдошу.
Сайрап турган дабышы,
Арген сындуу бормосу.
Мусулмандын майрамы
Айты менен ай башы.
Ала тоодак, турна,
Каркыранын муңдашы.
Безилдеген безбелдек,
Кара кашка казгалдак,
Зыяны жок аңырдын,
Суу бойлогон ак чардак.
Уста чымчык куркулдай,
Уя кылар кастарлап.
Сай сагызган ызгытты,
Айтып бердим дастандап.

**жагалмай** – чеглог
**чыйырчык** – скворец
**кырылуу** – погибать
**тоодак** – дрофа, дудак
**турна** – журавль
**муңдаш** – делящийся своими радостями и горестями
**безилдөө** – беспокойна метаться
**безбелдек** – стрепеть
**казгалдак** – одна из пород диких уток
**аңыр** – красная утка, атайка
**ак чардак** – чайка
**сагызган** – сорока

1. Акын «Канаттуулар» деген чыгармасында куштарга кандай баа берген?
2. Силер кандай куштарды билесиңер? Аларга мүнөздөмө бергиле.
3. Кызыл китепке кирген кайсы канаттуулар бар? Биздин көз алдыбызда эле жоголуп (азайып) бара жаткан кайсы куштарды атай аласыңар?
4. Канаттуулардын азайышы эмнеге байланыштуу деп ойлойсуңар? Себептерин билсеңер атап бергиле.

1. Ырдан үзүндү жаттоо.
2. Жаттаган ырды кара сөз түрүндө айтып бериңиз.
3. Ырдын мазмунуна ылайык сүрөт тартыңыз.



# Калык Акиев
**(1883–1953)**



*Салтанат жыргал доор үчүн,*
*Солдаттай даяр турчу эле.*
*Жылдыздуу камкор атадай,*
*Жаштарга көңүл бурчу эле.*
*Жайыңды айтсаң жашырбай,*
*Жаны менен түйчү эле.*

*Эрки күчтүү жан эле,*
*Эмгекти сүйгөн, талбаган.*
*Ак ала сакал болгончо,*
*Акыл-күчтөн тайбаган.*
*Карыдым дебей жаштардай,*
*Каткырып күлүп жайнаган.*

*Устатым Калык өлгөн жок,*
*Анткени калды жыйнагы.*
*Илимпоз жаштар изилдеп,*
*Алтындай сөзүн жыйнады.*
*Ак калпак кыргыз элинде,*
*Айтылып жатат ырлары.*
*(О. Бөлөбалаев)*

Калык Акиев кыргыз элине кеңири белгилүү болуп, атагы жергебизге тегиз жайылган акындардын бири. Бул адам да эки доорду башынан өткөргөн, анын басып өткөн жолу карапайым элдин тарыхый шарттагы абалын эске салат.

Калык Акиев 1883-жылы азыркы Жумгал районуна караштуу Кулжыгач айылында кедей үй-бүлөдө туулган. Калыктын бала чагы оор турмуштун кучагында өтөт. Атасы Акы жыгач устачылык кесиби менен үй-бүлөсүн араң баккан кедей адам болгон.

Калык кичине кезинен баштап эле оор турмуштун азабын тартып кыйынчылыктарды башынан өткөрөт. Ал 5–6 жашка чыгып калганда Жумгалдагы Чойбек, Байсак деген манаптар жааттaшып ортодон чабыш чыгып, көп киши өлөт. Өлгөндөрдүн куну үчүн манаптар элден чыгым чогултуп, ар бир үй-бүлөгө он эки жылкыдан салым салат. Акы болгон оокатын, мал мүлкүн, боз үйүн баалап берсе да, салыктан кутула албай төлөмөр болуп, үй-бүлөсү менен аргасыз жер кепеде жашап калат. Калык бул күндөр жөнүндө чыгармаларында эскерип жазган.

Ал тогуз жашынан иштеп баштаган. Ар кайсы манаптардын отунун алып, малын кайтарып, жанын сактайт. Кыргыздын Бекназар, Эсенаман, Жеңижок, Ниязалы ырчы-комузчуларынан тарбия-таалим алат. Калык Акы уулу – кыргыз журтчулугуна чебер комузчу, көөдөнүнөн ыр төгүлгөн көркөм сөздүн белгилүү устасы.

1905-жылы өткөн шайлоодо Байгазы деген манапты жамандап ырдап, түрмөгө камаларында Кетмен-Төбөдөн Жумгал өрөөнүнө качып кетүүгө мажбур болот. Калык Токтогул баш болгон көрүнүктүү ырчылардын чыгармаларын, элдик мурастарды көкүрөккө сактап, кийин аларды кагаз бетине калтырып жаздырууда салым кошкон акын катары таанымал.

Анын «Жер кепеде өткөн күн», «Зилзала», «Жокчулук», «Калыктын ырлар жыйнагы», «Күлүсүн», «Баскан жол», «Карагул ботом» ж. б. чыгармалары бар. Октябрь төңкөрүшүн кубана тосуп алып, анын адамзаттын тарыхындагы маанисин жар салып чыгат. 1926-жылы адегенде драма театрга, кийин 1936-жылы филармонияга артист болуп орношот. Ошол жылдан тартып анын китептери жарык көрө баштайт, эл кыдырып эчен-эчен айылдарда болуп, не бир мукам ыр-күү менен элдин рухун көтөрүп, калкка кызмат кылат.

1953-жылы ноябрь айында К. Акиев каза болот. Бирок, анын артында бай адабий мурас калды. Ал көөнөрбөс көркөм дүйнөдө белгилүү төкмө акындын өмүр жолун толуктап турат.

**бала чагы** – детство
**кучагында** – в обьятиях
**манап** – купцы, богатые люди
**жанын сактайт** – сохраняет свою жизнь
**тарбия-таалим** – воспитывается
**уйкаштык** – складность, рифма

1. К. Акиев канчанчы жылы жана кайда туулган? Анын бала чагы кандай болгон?
2. Кимдерден тарбия алган? Акындын кандай чыгармалары бар?
3. Кайсы себептерден улам Калык Жумгал өрөөнүнө качууга мажбур болот?
4. Азыркы мезгилде акындар куугунтукка алынган учурлар барбы? (Мисал келтиргиле).

1. Берилген сөздөрдүн синонимин жана антонимин таап, сүйлөм түз.
*Манап – ........,* *уйкаштык – .........,*
--------------- ---------------
2. Жогорудагы өмүр баянга план түз.

## АДАБИЙ ТЕРМИНДЕРДИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

**Редиф** (*араб.* – артынан келүүчү) – ыр сабындагы уйкаштыктан кийин келүүчү сөздөр жана сөз айкаштары. Араб тилинен которгондо «артынан келүүчү» деген маанини билдирет.

Мисалы: Суусамырдын сазындай,
Былкылдаган сен кимсиң?
Жинди болгон эмедей,
Шылкылдаган сен кимсиң?
Айылчылап күнүгө,
Бир тынбаган сен кимсиң?



Ашта-тойдо кууланып,
Култулдаган сен кимсиң?
Анык жинди болгондой,
Жулкулдаган сен кимсиң?
Атчан жүрсөң, жөө жүрсөң,
Бир тынбаган сен кимсиң? (К. Акиев)

## Карагул ботом

Калык Акиев «Карагул ботом» чыгармасында адам баласы менен жаратылышта болгон өз ара мамилени көрсөткөн. Адам өзүнүн кызыкчылыгын гана көздөп, чекти билбей калганда, аны бул жолдон токтотуу белгиси катары өтө, өкүнүчтүү, аянычтуу, кейиштүү, орду толгус окуяга туш болот.

Мисалы: Койбой жүрүп мергенди, ботом,
Кокуйдан чыкты өнөрүм, ботом.

Чыгармадагы мергенчинин айбанаттарды чексиз, ыксыз кырганын (*уничтожение*) кейиштүү финалы чагылдырылган. Ошондой эле белгилүү образдар аркылуу жазуучу тарабынан жаныбарларды коргоо идеясы көтөрүлгөн. Демек, жаратылышта да кичинекей ботосунан айрылган далай жаныбар да так ушу мергенчинин абалында калган күндөр арбын (*много*) болгон.

Мисалы: Кулуну өлгөн бээдей, ботом,
Кууратып кеттиң, Карагул ботом.
Ботосу өлгөн төөдөй, ботом,
Боздотуп кеттиң Карагул ботом.

Бир чалдын беш уулу болот. Экөө атышып жоодо, экөө доодо (*тяжба*) өлөт. Жалгыз Карагул аттуу уулу калат. Бир чети балдарынын кайгысынан, бир чети көнүп калган кесибин таштай албай, чыдап үйдө тура албай чал мылтыгын көтөрүп тоого чыгып кетет. Атама барамын – деп Карагул ыйласа, энеси бир аз какус-кукус кылып коёт. Бала энесине таарынып, энеси тигип берген элик тонду кийип, атасын издеп чыгат. Бир топ жол жүрүп чарчап, талыкшып арчанын түбүнө уктап калган Карагулду жолу болбой келе жаткан мергенчи атасы эликтин баласы экен деп атып алат. Ошондо чал өзүнүн баласынын өлгөнүн угуп минтип кошот:

Карагул кулунум, ботом,
Убайым тартып курудум, ботом.
Ушул беле көрөрүм, ботом,
Кыска беле өмүрүң, ботом.
Эрмегим сенден айрылып,
Эмне болот көрөрүм, ботом.
Эркелик менен эригип, ботом.
Кой десе болбой жөнөдүң, ботом.
Койбой жүрүп мергенди, ботом,
Кокуйдан чыкты өнөрүм, ботом.

**бото** – верблюжонок
**убайым** – страдание
**эрмек** – увлечение, забава
**эркелик** – ласкание, баловань
**кокуй** – ужас

Мен аркар бир атып тийгиздим, ботом.
Мен аркар тон кайдан кийгиздим, ботом.
Элик бир атып тийгиздим, ботом,
Элик тон кайдан кийгиздим, ботом. — **элик** – косуля
Мен артымды карабай, ботом,
Балтыркан түбү былк этет, ботом. — **балтыркан** – лапух
Балалуу элик деп койдум, ботом,
Мен ботомду жеп койдум, ботом.
Тобурчагың тор болор, ботом, — **тобурчак** – еловые шишки
Токсондогу атакең, ботом,
Сенин тозогуң тартып, кор болор, ботом. — **тозок** – ад
Аргымагың ат болор, ботом,
Алтымыштагы энекең, ботом,
Сенин азабыңды тартып кор болор, ботом.
Кулуну өлгөн бээдей, ботом, — **кулуну** – жеребёнок
Кууратып кеттиң, Карагул ботом. — **кууратып** – измучив
Ботосу өлгөн төөдөй, ботом,
Боздотуп кеттиң, Карагул ботом.
Адырда аркар жатканда, ботом, — **адырда** – взгорье
Аңдып барып атканда, ботом. — **аңдып** – выслеживание
Алыска кетчү куу мылтык, ботом,
Менин ардагыма түз тийип, ботом. — **ардагыма** – мой миленький
Айламды таппай курудум, ботом,
Амалсыздан ич күйүп, ботом. — **амалсыздан** – от без выходности
Жеринде жатып атканда, ботом,
Жетпей калчу куу мылтык, ботом,
Менин жетимиме түз тийип, ботом. — **жетим** – сирота
Жетимиш жаштан ашканда, ботом,
Жексен болуп калганча, ботом,
Жерге эле как баш кирсеңчи, ботом.
Менин желегиме түз тийдиң, ботом,
Желегим өлүп ич күйдүм, ботом.
Балдыркандын бар ойлоп,
Бала деп билбей чала ойлоп.
Балалуу элик деп ойлоп,
Бараңдай сага ок койдум, ботом.
Мергендигим карачы,
Атып салдым баламды ай, ботом.
Апаң менен эжеңе,
Аркама алып барамбы, ботом.
Жалгызым сенден айрылып,
Жарык күн болду караңгы ай, ботом.
Бешөөнөн бирдей ажырап,
Как баш чал болуп каламбы, ай ботом.
Алгачкы өлгөн Дүйшөнкул, ботом, — **алгачкы** – первый
Артынан өлгөн Мырзакул, ботом. — **артынан** – следующий
Эртелеп кеттиң Эбекул, ботом, — **эртелеп** – раньше



Эмгекке салдың Карагул, ботом.
Мергендиктин акыры,
Мерт таптырды мени бу, ботом. — **мерт** – смерть
Экөө айтышып жүрүп доодо өлдү, ботом,
Экөө атышып жүрүп жоодо өлдү, ботом.
Как баштын колу түзүнөн,
Карагул байкуш тоодо өлдү, ботом.
Ак бараң мылтык эгемби, ботом, — **эгем** – бог мой
Атканда көрдүм сени да, ботом.
Аңтара элик терисин, ботом,
Апаң кийгизиптир тонуңду, ботом.
Качып келип сен жатып, ботом,
Катырдың менин шорумду, ботом. — **шор** – несчастье, беда
Атам эки-үчтү атты деп, ботом,
Эликти аңдып жатты деп,
Бөйрөгү менен жүрөгүн,
Мага деп атам бышырып,
Кисесине катты деп.
Турчу элең чуркап жолумду тосуп, — **жолумду тосуп** – встречая
Келчү элең бер деп колуңду созуп. — **колуңду созуп** – протягивая руку
Айтпай келип артыман,
Атаңды койдуң боздотуп, ботом.
Торпунун жолун торполоп, ботом,
Атамды тосом дедиңби, ботом.
Алдымдан ойноп эркелеп, — **алдымдан** – на встречу
Бышырган бөйрөк, жүрөгүн, — **бөйрөк** – почки
Берет деп жолго токтойсуң.
Мен кара жолтой как башты, — **как башты** – старого
Келет деп күткөн окшойсуң.
Көзүмдү туман боз чалып,
Коргошун куйма ок салып.
Томпоюп жаткан кысылып,
Тонуңдан бутуң үзүлүп.
Тооруп байкап билбестен,
Тартып ийдим мен карып, ботом.
Эртеңден бери кыдырып, — **эртеңден бери** – с утра
Эчтеме таппай кайрылдым, ботом. — **кайрылдым** – возвратился
Элик деп атсам бала экен,
Эрмегим сенден айрылдым, ботом. — **айрылдым** – лишился
Өзүмдүн кылган ишиме, — **кылган** – сделанное
Өксүдүм өзүм кайгырдым, ботом. — **өксүдүм** – переживал
Чыйырчык боздон кийипсиң, ботом,
Чырпыктын башын ийипсиң, ботом. — **чырпык** – ветка
Чын келер атам жолу деп,
Чындап бир мени кейиттиң, ботом. — **кейиттиң** – опечалил
Чырпыгым сенден ажырап,
Чыркырап ыйлап күйүктүм, ботом.



Бешөөнөн калган бир жалгыз,
Чынары элең бийиктин.
Каргышына калгамбы, — **каргыш** – проклятие
Кайберен теке, кийиктин, ботом.
Күтсөм бир атам келер деп,
Көлөкөлөп жатыпсың,
Жалбырак үзүп, таш жыйнап,
Көп кызыкка батыпсың.
Атамдын жолун тосом деп,
Апаңа болбой качыпсың. — **качыпсың** – сбежал
Айыл кайда, мен кайда,
Аябай узак басыпсың. — **узак** – долго
Өлүмгө жетпей өксөгүр,
Өлгөнүнчө шашыпсың.
Акыры деле барат өлүмгө,
Эмне мынча ашыктың. — **ашыктың** – спешил
Эчкисин аттым эгизден,
Серкесин аттым сегизден. — **серке** – козёл
Жолукканын жөн атпай,
Жонун бастым семизден.
Ажалың менден экен да,
Айланайын бериштем. — **бериштем** – мой ангел



Текесин аттым тегизден, — **теке** – козерог, горный козёл
Тең жара аттым чекесин.
Короодон аттым кулжасын, — **кулжа** – взрослый горный баран-самец
Кубалай келип артымдан,
Кууратты менин чал башым.
Кураган как баш дедирдиң,
Кудайым мендей кылбасын.
Арык деп эч ким атпаган,
Ээрчите келген мырзасын. — **мырзасын** – господина маралва-женка (самка оленя)
Бастырып ийдим маралын,
Байкабай элик экен деп,
Башын жедим баламын.
Кара канын чуурутуп,
Кантип үйгө барамын.
Атаны арман күн болду,
Калган атакең кара жер менен,
Тең болду.
Букасын башын бургузбай,
Жуушаган жерден тургузбай,
Бугусун койбой көп аттым. — **бугу** – олень
Булчуң эттен, моюндан,
Бузуп тийсин деп аттым.
Кайберенге каршыгып,
Кастарым тигип неге аттым.
Каргышы ката болбостон,
Каралдым жалгыз сени аттым. — **каралдым** – опора, надежда
Кайберен этин тууратыың,
Карыганда атаңды, — **карыганда** – когда постарел
Как жыгачтай кураттың. — **как жыгачтай** – как высохшее дерево
Күйдүрдүң, ботом,
Күйдүрүп кеттиң сүйдүргүм, ботом.
Оо, Карагул жалгызым, ботом,
Жашында кеттиң байкушум, ботом. — **байкуш** – бедный
Бурчтан түтүн булаттым, ботом, — **бурчтан** – с угла
Бугунун этин тууратыың, ботом,
Мусапыр кылып кураттың, ботом. — **мусапыр** – быть в беспомощном состоянии
Капталдан улап карасам,
Кара улак дедим кара сан.
Эликче бугуп жатыпсың,
Эңкейип өңүп карасам. — **эңкейип** – наклонившись
Кара канын чуурутуп,
Каруугa салып баратам.
Карагул аткан как баш деп,
Калкымда кимге жанашам. — **калкымда** – в народе
Эликтин этин жедирдиң, ботом,
Элиме как баш дедирдиң, ботом.
Өлсөм турпак саларым, ботом,

Өксүсөм көлдөн аларым, ботом.
Өзөнүмдөн ай батып, ботом,
Өчтүңбү күйгөн панарым, ботом.
Атып алдым сени деп,
Апаңа кантип барамын.
Кара бет эжең чыркырап,
Канакей десе бөбөгүм,
Кандайча жооп табамын.
Ой, Карагул чырагым,
Ойронум чыккан убагым.
Үйгө кантип барам деп,
Ордуңду сыйпап турамын.
Ушак менен өзөктөн,
Кутулбай калды кулагым.
Ушул күнгө туш кылып,
Умсунтуп кетти улагым.
Урушу менден арылбас,
Улуу эжең Зууранын.
Улгайып калган кезимде,
Үшкүрүк тартып куурадым.
Түбүнөн сынды чырпыгым,
Түтүндө калды мылтыгым.
Уча элек темир канаттуу,
Өзөндөн учтуң чымчыгым.
Аркамдан сени ээрчитип,
Асылын көрчү убагым.
Айлыма как баш атандым,
Айламды кандай кылайын.

**өксүсөм** – если у меня не хватает
**өзөн** – река
**панарым** – фонарь
**ушак** – сплетня
**кутулуу** – избавление, спасение
**урушу** – ссора
**үшкүрүк** – вздох
**чырпыгым** – ветка
**асылын** – драгоценность

1. Чалдын канча уулу болгон? Алар эмне болду?
2. Карагул кандайча токойдо уктап калды?
3. Атасы эмне үчүн Карагулду атып алат?
4. Ата жана бала кандай кылык-жоруктарды жасаганда жогорку окуяга туш болмок эмес?
5. Манастын осуяттарынын кайсынысы бул чыгармага ылайыктуу?

1. Берилген сөздөр менен сүйлөм түз **(бөтө, эрмек, эркелик).**
2. Тексттен **сегиз сап** үзүндү жаттаңыз.

## «Баскан жол» чыгармасы жөнүндө

К. Акиевдин чыгармачылыгында бул мемуардык повесть маанилүү орунду ээлейт. «Баскан жол» чыгармасынын жаралыш тарыхы тууралуу да автор өзү: «Бул өмүр баяным башыбыздан кандай күндөр өткөнүнөн, эмне турмуштарды көргөндүгүбүздөн, толгон окуялардын күбөсү болгондугубуздан кыскача гана түшүнүк берип, 1927–28-жылдардан баштап кагаз бетине түшүрүлдү», – деп эскерет.



## Эшмамбет ырчы менен беттешүү «Баскан жол» чыгармасынан

Акындын өмүр баяны туулган күнүнөн башталат. Атасы Акы Ажыбай уулу Жумгалдын Эмел деген жеринде туулган. Акы он төрт жашында атасынан жетим калат. Анын энеси Сулайка абдан сулуу, келбети келишкен (*стройная*) аял экен. Баласын жетелеп күн көрүү үчүн төркүнүнө (*к родственникам*) Ак-Талаага келет.

Оор жашоодон улам эл менен кошо Сулайка уулу Акы менен бирге Кытайдын Кашкар деген жерине барат. Көп оорчулуктарды (*трудности*) баштарынан өткөрүшөт. Колунан келген байлар Сулайканы уулу менен кошо бир байга сатып жиберет.

Арадан жыйырма бир жыл өткөндөн кийин туулган жери Жумгалга кайтып келишет.

Атасы Акы жыгач уста: кыргыздын боз үйүнүн уук, кереге, түндүк каалгаларын жакшы жасайт. Мергенчилик да кылат, жалаң кийиктин эти менен бир айылды баккан учурлары да болгон.

Бул Калыктын өмүр жолундагы үзүндүлөрдүн бири.

**баскан жол** – пройденный путь
**беттешүү** – встреча
**топ** – количество людей
**жыгаччы** – плотник, столяр

Акын ырчы жар айтат,
Алдыңарга бaратат.
Ала көөдөн балдардан,
Аксакалдар даана айтат.
Ырасын айтып бербесе,
Ыр түйүнү чечилбейт.
Саяпкер терге камынат,
Сай күлүк эртең чабылат.
Аты чыккан адамга,
Далай олжо табылат.
Бүгүн, эртең ырчылар,
Ырдап калбай не кылат.
Ар бир күлүк аттарга,
Бирден бала ээ кылат.
Акы устанын Калыгы,
Чарчагандай калыбы.
Атганып ашка ырдабай,
Эмнеге талыды?
Унчукпайсың эмгиче,
Уурдаттыңбы малыңы?
Топко кирсең жанашып,
Токтонбогон бала элең,
Толкундаса ээ бербес,
Токтогулдай бар элең.

**жар айтуу** – сделать оповещение
**ала көөдөн** – безхитростный
**саяпкер** – брейтор, жокей
**олжо** – добыча
**күлүк ат** – скакун
**талыды, чарчады** – устал

Топ жыйында ырдасаң,
Торгойдун тилин талашып,
Туруп калган экенсиң,
Токтогулдан адашып?
Атаң уста Акы эле,
Ак жыгачты кемирген,
Андан карды тоюнбай,
Жүргүзгөнү тегирмен.
Ач курсактын уулу элең,
Качан көөнүң семирген.
Аттанып ырдап оокат тап,
Ашка келген элинден?
Сенин атаң Акы уста,
Асылган көңдөй терекке.
Алкак салып арчадан,
Түп кынаган челекке.
Ак кайыштай чоюлтуп,
Карыскан ийген элекке.
Оокатыңа ошолор,
Жарайт бекен керекке?
Как жыгачтын боорунда
Кантип болот береке?
Келиштирип кайыңдан,
Керегe матап үй кылган.
Кашык, чөмүч артынып,
Сенин атаң Акы уста,
Катындарга сый кылган.
Атамдай уста болом деп,
Бутуңа чарык тагынып,
Көрбөгөнүң калган жок,
Жаш чагыңдан камыгып.
Барсаң боло Кабакка,
Карагай турат сагынып.
Башың зорго бошонду,
Караталды жамынып,
Кошоматка ырдайсың,
Комузуң менен жагынып,
Комуз ырың болбосо,
Куурайт элең жабыгып.
Караталдын аркасы,
Жүргөнүң элге таанылып.
Сенин атаң Акы уста,
Ар кимдин кылган жумушун,
Как жыгачка сыйынган
Оокаты менен курусун.
Ач курсагы тоюнбас,
Сен Акы устанын уулусуң!

**адашуу** – заблуждение
**кемирген** – грызть
**карды** – брюхо, желудок
**тегирмен** – мельница
**көөнүң** – твоё настроение
**көңдөй терек** – пустое дерево
**алкак** – дуга с двух сторон
**түп кыноо** – соединение дна
**береке** – благодать
**камыгуу** – томиться
**жамынып** – покрываться
**кошомат** – лесть, подхалимство
**жагынып** – стараться понравиться
**кууроо** – страдать
**жабыгуу** – быть в подавленном, угнетенном состоянии
**оокат** – дело, занятие
**курсагы тоюнбас** – голодный



Жер дүңгүрөгөн күлкү менен эл курчады. Каратал байкаган жок белем, Мама деген агасы Эшмамбет сөздү Караталдын чоң атасы Самтырга келтирип атканын биле койду.

– Ой, сен жатасыңбы мурдуңду муштумдай кылып? Эшмамбеттин тентип-тербип катын-баласын таштап, карызынан качып жүргөнүн, азыр бойдок жүргөнүн, айта албайсыңбы? – деп мени бет алып намыстантты. Мен Эшмамбетке карай сөз жөнөттүм:

Жар чакырат деп турсам,
Эшмамбет жабышканы келипсиң.
Жатакчынын итиндей,
Кабышканы келипсиң.
Жамандык менен Эшмамбет,
Таанышканы келипсиң.
Акынын уулу Калыкты,
Сүрөмүн деп келипсиң.
Тоскоол кылат турбайбы,
Сага Токтогулдун бардыгы?
Жаңыбай, Курман, Токтогул,
Сенин атыңды алып тандыбы?
Жаның күйүп ырдайсың,
Же жамбыңды тартып алдыбы.
Башканын баарын түгөтүп,
Же жалгыз атың калдыбы?
Өрдөктөр учпайт көлүнөн.
Өз айлына батпаган,
Өлөрман качат элинен.
Калың элдин ичинде,
Эшмамбет какмалаган эминең?
Таласта өстүң туулуп,
Калкыңдан качтың куулуп.
Минтип тирүү жүргөнгө,
Өлбөйсүңбү муунуп.
Байгазы менен Байтиктин,
Коногуна чай ташып,
Катуу келдиң Эшмамбет,
Бүгүн Калык менен байкашып.
Аш-той десе жатпайсың,
Аралап кимди мактайсың?
Калжаңдабай куруп кал,
Катын, балаң бакпайсың.
Эрте бышкан ашты уулап,
Эптеп жанды сактайсың.
Минтип жүрсөң Эшмамбет,
Эч береке таппайсың.
Сенин атаң Эшмамбет,
Алманын данын сепкенби?

**жабышуу** – прилепиться
**жатакчы** – бедняк, который, не имея скота вынужден был и лето проводить на зимовке
**сүрүү** – столкнуть
**тоскоол** – препятствие, помеха
**жамбы** – слитки серебра
**куулуу** – быть изгнанным
**муунуп өлүү** – повеситься
**калжаңдоо** – пустая болтовня
**дан** – зерно

Акы кыйган жыгачты,
Атаң айдап эккенби?
Анысын таштап Эшмамбет,
Алайга тентип кеткенби?
Адырдын кенин доолаган,
Бир акмак ырчы бет келди,
Өз атаң тирүү чагында,
Өрүктөн урук сепкенби?
Өрөпкүбөй сырыңды айт,
Өз колу менен эккенби?
Өрүгүн таштап Эшмамбет,
Өзөнгө тентип кеткенби?
Өзөндүн талын коруган,
Өлөрман ырчы бет келди.
Ээрге чапкан кайыңдын,
Баары атаңдан калдыбы?
Ээн чыккан тал, терек,
Дагы атаңдан калдыбы?
Атамдын балта-чотунун,
Сабы атаңдан калдыбы?
Карагай беле кайыңың,
Кайыңбы сенин зайыбың?
Жыгачтан башка бар болсо,
Атамдын айтчы айыбын?
Көк токойдо теректин,
Көңдөйүбү алганың?
Өрүк, жийде алганын,
Тиккениби балдарың?
Минтип жүрсөң Эшмамбет,
Адамга тийбейт жардамың!

**кыйуу** – рубить
**эгүү** – сеять, сеяние (посев)
**тентип кетүү** – бродить, бродяжить
**өрөпкү** – (о сердце) учащенно биться от возбуждения
**коруу** – охранять, ограждать
**өлөрман** – отчаянный
**ээр** – седло
**сап (балтанын)** – рукоятка
**зайып** – жена
**айып** – вина
**көңдөй** – пустой, полый

«Байы чоңдун кулу чоң» – дегендей, Эшмамбет ызаланып мени сөгүп, камчы күүлөп качырды. Мен дагы качырдым. Курчап турган көпчүлүк экөөбүздү камчы чабыштырбай ажыратышып кетишти.

Каратал өзүнүн тарабындагы элдердин башчыларын чакыртып:

– Бу Байгазы ашына чакырып алып көрсөткөн эмне кордугу? Эр болсо ашын берип, атын чаап көрсүнчү? Бирөөнүн жыгач усталыгы менен эмне иши бар? Ырчысына кордотот! Биздин тарап аттангыла, кетебиз! – деп жапырт аттанып жөнөштү. Башка болуштардан келген калыс кишилер арага түшүп, Караталга Байгазыдан ат тарттырып, жараштырып кайта ашка алып келишти.

?
1. «Баскан жол» чыгармасынын тарыхы кандай экен? Чыгармадан эмнелер менен таанышса болот?
2. Калык кайсы акындар менен чогуу жүрүп, таалим алган? Алган таалим-тарбия анын келечегине кандай таасир эткен?
3. Кордоо (оскорбление) дегенди кандай түшүнөсүнөр?



4. Калыкты Эшмамбет ырчы эмне деп кордоп, басынтып (унижать) ырдады? Калык аркылуу кимге сөз тийгизгиси келди?
5. Калыктын жоопторун Эшмамбет ырчы кандай кабыл алды?
6. Бийлик үчүн күрөш чыгармада кандай берилген?
7. «Байы чоңдун кулу чоң» – деген сөздү кандай түшүнөсүн?

1. Бириң – Эшмамбет, бириң – Калык болуп, ролдошуп чыгарманы окугула.
2. Эшмамбетке мүнөздөмө бергиле.
3. Калыктын ырчылык талантына баа бергиле.

## Айдараалы Жөргөлөк

1919-жылдын күз айларында Токтогул районунан бир кат келди. Окуп көрсөм кайнагам Сары Устадан экен. Катта иниси Байзаке дүйнөдөн кайтканы жазылыптыр. Сары Устанын каты боюнча Ырысжаңга атасынын өлгөнүн угузуп, кыргыздын ырасми менен алып барып, бата кылып кайтышка туура келди.

Өлгөнгө бата-дуба окуткандан кийин өзүмө туугандашып калган элди көрүп, Токтогулга кошулуп, ар кай жерде ырдап жүрөмүн.

Ошол убакта Кетмен-Төбөлүк эл Кеңеш өкмөтүнө али жапырт баш ийе элек кези экен. Манаптардан кедей-дыйкандар ажырап чыга алышпай дагы эле көздөрүн карашат. Кетмен-Төбөлүктөрдү бийлеген дагы эле Керимбай деген чоң манап. Андан өтүнө алышпай, иш алигиче Керимбай менен бүтөт экен.

Волревком (*волостной ревизионный комитет*) Аширов Муратаалы эзилген кедейдин баласы болсо да, Керимбайды эңкейте албай, кедей-дыйкандар али толук күчүнө кире албай, бир жагынан басмачылар шаштырып, бир жагынан манаптар элди бузуп, жыра тартып турушкан экен.

– Калык келе койсун, – деп Токтогул кишиден айтып ийиптир. Бардым.

– Таласка барып бир кумардан кана ырдап келелик. Камынып келгин, – деди Током.

Камданып алып жүрүп кеттик.

«Күркүрөө, Бакайыр деген жерге Токтогул келди» – деген даңк Таласка батпай кетти.

Током экөөбүз бир тойдо алым сабакташып ырдап жүрсөк, бир жерде көпчүлүк элдин жер дүңгүрөткөн күлкүсү кулактын тынчын алды.

– Токо, жүрүңүз, ошо күлкүгө баралы?

– Шашкалактаган жубарымбек, таластыктар күлүп атат деп чапкылап жүрөмбү? Барсаң өзүң бара бергин! – деп, Током барбады.

Өзүмчө бардым. Бетегелүү түзөңдө, тескейдин түбүндө, калың элдин орто ченинде, жал-куйругун кырккан күрөң бээ минген, чарчы бойлуу өңү дандырдай кызыл, тегерек көк ала сакал киши, оң жакка бутун аттын жалына арта салып, төбөсүнө кондурган топусун кыймылдатып, комузга колун ойноктотуп черте баштады.

– Бу ким деген киши?

– Айдараалы Жөргөлөк деген киши ушу, – дешти.

– Ырчылыгы барбы?

– Жок, күлдүргүч – куу киши.

«Айдакеңдин Көйрөң күү» – деп, Айдараалы кууланып комузун чертип аткан кези:

«Күлдүр, күлдүр, күлдүр, күлдүр,
Анан кийин, анан кийин, анан кийин.
Оошол, оошол, оошол, оошол.
Тейриң-тейриң, мейлиң-мейлиң.
Минтип келем, минтип келем,
минтип келем.
Айдакеңдин Көйрөң күү,
Битибоор (*Петербург*), Маскөөдөн
Олуята (*Джамбул*), Ташкенден,
Алып келген Көйрөң күү.
Алты капка жаймалап
Салып келген Көйрөң күү.
Алты төө, бир атка,
Артып келген Көйрөң күү.
Аркан менен бекитип
Тартып келген Көйрөң күү.
Ар кайсы элге ушинтип
Айтып келген Көйрөң күү,
Мына, мына, мындай
Мына, мына, мындай».

**ырасми – ырымы** – обычай
**отүнө алышпай** – нерешались
**бузуп, жыра тартып** – разрушить покой
**кумар кана** – получая удовольствие
**дандырдай кызыл** – сильно покрасневший
**күлдүргүч** – смешитель, шутник
**кап** – мешок
**жаймалап** – наполнить до краев
**көйрөң күү** – название народной мелодии

Топусун чокусуна жөрмөлөтүп, комузуна колун ойноктотуп, каткырып күлүп, элдин боорун эзип коюп, өзү кайра томсоро калат.

Бул өнөрүнө маашыр болуп, менин да боорум катты.

– Эми Айдакең ырдап койсун а-аа, – деп ырдаганы:

Коён жылы кышында,
Жутап калдык ошондо.
Малдын көбү түгөндү,
Капка салдык от таппай,
Ээр токум, жүгөндү.
Он жылкылуу оолду.
Муздап калып кышында,
Жаздын күнү союлду.
Кайран малдын тарпына,
Карга, кузгун тоюнду.
Кырк жылкылуу кыйрады,
Кыз-келиндер какшыган,
Көнөктү көрүп ыйлады.
Коён жылы жут болуп,
Уйлар өлүп кой калды,
Оо, күрөң бука бой калды.
Сары жүрмө, карын сал,
Сасып кетет баарын сал…
Ай, хай, хай, хай…

**жөрмөлөтүп** – заставить ползти
**боорун эзип** – умориться со смеха
**томсоро калат** – мрачно смотреть, нахмуриться
**жутап калуу** – *здесь,* голодный истощенный (от голода)
**оолду – оол** – истек
**союлуу** – быть зарезанным
**малдын тарпы** – остатки трупа, подаль
**кузгун** – ворон
**көнөк** – кожаное ведёрко с носиком
**сары жүрмө** – толстые кишки коровы (быка)
**карын** – кутырь (желудок коровы или овцы)



«Ушу кишиге бир тийишип көрөйүн. Эмне сөз чыгар экен», – деп Айдараалыга карай ырдап турган ырым:

Эгин эгип, нан жеген,
Жериң кайда, Айдаке?
Атадан туулуп эрке өскөн,
Элиң кайда, Айдаке?
**Айдараалы:**
Кой сүлөөсүн Бакайыр,
Жерибизден келебиз.
Жергелүү кытай калың сол,
Элибизден келебиз.
Сендей-сендей ырчыны,
Койгулатып отуруп,
Комуз менен жеңебиз!
**Мен:**
Суусамырдын сазындай,
Былкылдаган сен кимсиң?
Жинди болгон эмедей,
Шылкылдаган сен кимсиң?
Айылчылап күнүгө,
Бир тынбаган сен кимсиң?
Атырылып ырдап көр,
Сенин акындыгың эл билсин!
**Айдараалы:**
Аксы менен Таласка,
Айдараалы мен атым.
Бой тирешкен ырчыга,
Болжолу жок санатым.
Жеңижокту баш кылып,
Жер жүзүндө ырчыны,
Жеңип жүргөн адатым.
**Мен:**
Ашта-тойдо кууланып,
Култулдаган сен кимсиң?
Анык жинди болгондой,
Жулкулдаган сен кимсиң?
Атчан жүрсөң, жөө жүрсөң,
Бир тынбаган сен кимсиң?
**Айдараалы:**
Менин атым сурасаң,
Айдараалы Жөргөлөк.
Ар жыйынды көргөндө,
Айтар сөзүм бир бөлөк.
Келин-кыздуу үйлөргө,
Керегенин түбүнөн,
Кирип кетем жөргөлөп.

**саз** – болото
**былкылдоо** – колыхаться, трястись
**култулдоо** – весело вертеться
**жулкулдоо** – дёргать, злобно вырывать
**жөргөлөө** – быстро бегать, двигаться крадучись

Айдараалынын өнөрү жалаң күлкү менен аткарылат экен. Мен Айдараалынын сөзүнө жараша куушуп ырдасам болор эмес. Ал оңбогондой кууланып, оңко-чоңко болуп, мени көпчүлүк элдин күлкүсүнө капталтып коюп, тамаша чыгара бермекчи болду. «Жамгырдай төгүп, таалайдан көрүп, ырдап көрөйүн, эмне чыгар экен» – деп, аттын башын чыкчыйта тартып чубуртмадан ырдадым:

Токтогул менен бир келдим,
Кетмен-Төбө жеримден.
Ашып түштүм Таласка,
Аскалуу Беш-Таш белинден.
Азамат киши экенсиң,
Айт дедирбей теминген.
Алгылыгын таппадым,
Жана айтып өткөн кебиңден.
Безеленип ырдап көр,
Беттешким келди сага мен.
Ат үстүндө Айдаке,
Алкынасың койбойсуң.
Акбаш жору баштанып,
Талпынасың койбойсуң.
Ашка-тойго жолотпой,
Айдаймын деп ойлойсуң.
Бука моюн букчугуй,
Булкулдайсың койбойсуң,
Куру каткырык, куу күлкү,
Кубалашып ойнойсуң.
Колуңдан келсе Таластан,
Кууп ийсем деп ойлойсуң.
Ашмара-Мерки, Таласты,
Аралап ырдап тойбойсуң.
Уңгулуу сөздөн бирөө жок,
Уяттын баарын айтасың.
Ушу турган көпчүлүк,
Ырчылыкты байкасын.
Мени менен айтышсаң,
Мерт болосуң кайтасың.
Жаакташкан кишиге,
Жалынса да болбоймун.
Колунан чыктым озунуп,
Токтогул акын торгойдун.
Анык болсоң Жөргөлөк,
Аттан түшүп жөрмөлөп,
Акын болсоң Айдаке,
Ар санаттан термелеп,
Тартынабы сермештен,
Табына келген ылаачын.

**оңко-чоңко** – кувырком
**темиңүү** – ударять ногами в бока лошади
**алгы – алымдуу, түзүгүрөөк** – ладный, правильный
**алкынуу** – яростно и с бранью наброситься
**талпынуу** – трепыхаться, стараться вырваться
**бука моюн** – шея как у быка
**букчугуй** – (о человеке) толстый, полный
**булкулдоо** – бултыхаться, вздрагивать
**уңгулуу сөз** – корень, корневые слова
**мерт болуу** – умереть, погибнуть
**озунуп** – опережая
**табына келген ылаачын** – тренированный сокол



Качырганда асмандан,
Кандай керет кулачын.
Куру каткырык кууланыш,
Кыргыз эл үчүн кубанчын.
Калык менен кармашар,
Айдакем, каруусу болсо чыдасын!
Тегеректеп турган эл,
Тебишкенди сынасын.
Алды менен качырып,
Айдаке, асылгансып турасың?
Акын Калык беттеди,
Айдаке, айлаңды кандай кыласың?

**беттеди** – направился
**айла** – хитрость, уловка

Айдараалыны беттеп, акындык менен эптеп, элди таңдандырып, айтышар жолун чектеп, ырдай турган ырымды ырдап бүтүп тура калдым. Мени көрө элек элдер жаңы ырчыга, жаңы сөзгө таңданышкан бойдон тизилишип турушту, таты сөздөн талыкшыбай угушту.

Айдараалы каткырып күлүп, кайра томсоро калып, элге билгизбей жолго салды.

– Атаңдын көрү,
Мунуңар Калык эмес эле.
Кара тажаал турбайбы?
Ыры азыраак кишини,
Ушунча каптап ырдайбы?
Кушчу, саруу (*род*) элимден,
Көргөнүм жок мындайды,
Тамаша кылат деп турсам,
Тартынбастан чындайбы?
Ыр – сенде, күлкү – менде,
Тыңшап туруп, бекер угуп кубаныч элде,
Бу жыйындан чыгайын,
Аягым менен жылайын.
Элди аралап бастырып,
Эптеп оокат кылайын, –

деп, кадыр эсе каткырып күлүп, эки ууртун сорунуп эрдин чормойтуп, көпчүлүк элдерди күлдүрүп, Айдараалы жөнөп кетти…

**талыкшыбай** – не утомился
**томсоро калып** – нахмурившись
**кара тажаал** – страшилище из страшилищ
**каптап ырдоо** – *здесь* окружая со всех сторон петь
**эки ууртун сорунуп** – сосая щеки
**эрдин чормойтуп** – вытянул губы трубочкой

1. Айдараалынын сырткы кебетеси кандай экен? Сүрөттөп бергиле.
2. Айдараалы менен Калык эмне жөнүндө ырдашты? Талдап көрүп, алардын таланттарына баа бергиле.
3. Эл шайырларынан, куудулдардан кимдерди билесиңер? Алардын чеберчиликтери жөнүндө пикирлерин айттыруу.



# Касым Тыныстанов

**(1901–1938)**

Совет доорунда өсүп-өөрчүгөн кыргыз маданиятынын тарыхында Касым Тыныстановдун өзгөчө орду бар. Ал – улуттук тил илиминде, көркөм адабиятта, эл агартууда, саясатта өчпөс из калтырган инсан.

Касым Тыныстанов – акын, прозачы драматург, адабиятчы жана коомдук ишмер, 1901-жылы Ысык-Көл районунда Чырпыкты айылында туулган. Кыргыз Совет адабиятына жана жазуусуна негиз салуучулардын бири. Айылдык молдодон, өзбек, орус-тузем мектептеринен билим алган. Окуучу кезинде татарча, өзбекче, казакча, орусча адабий чыгармалар менен таанышты. Студент убагында дүйнөлүк көркөм сөздүн, орус классикасынын, кыргызча тектеш тилдерде жаралган адабияттардын тажрыйбасын аздыр-көптүр өздөштүрдү. 1924-жылы Ташкент шаарынан кыргыз-казак агартуу институтун бүткөн. Анын ишке болгон жөндөмү эң мыкты болгон. 23 жашында алгачкы окуу китебин бир айдын ичинде жазып бүтүргөн. Ал кыргыз эли билимдүү болуш үчүн көп иштерди жасаган. Ал 1924-жылы кыргыздардын туңгуч гезити «Эркин тоонун» редактору, 1926-жылы Кыргыз эл комиссары (*министри*), 1935-жылы профессор болгон. Латын алфавитинин негизинде кыргыз алфавитин түзгөн. Анын «Эне тили», «Кыргыз тилинин морфологиясы», «Кыргыз тилинин синтаксиси», «Чоңдор үчүн алиппе» эмгектери, «Ысык-Көл», «Жайлоо», «Комуз», «Жаз», «Кыш» деген ырлары «Жаңыл Мырза» деген поэмасы жарык көргөн. Бирок, ал отуз жети жыл гана жашаган. К. Тыныстанов 1928–1936-жылдары газета-журналдык макалаларда, партиялык токтомдордо, республикалык даражадагы ар кыл чогулуштарда «улутчул», «байчыл», «контрреволюциячыл» дегендей жаманаттылар менен кайра-кайра каралanып, ал эми 1937-жылы «Эл душманы» деген жалган жалаа менен камакка алынып, 1938-жылы атылып кеткен. 1989-жылы Касым Тыныстановдун инсандык жүзү, саясий чыгармачыл ишмердиги толук акталды.

К. Тыныстанов кыска өмүр сүргөн, бирок анын өмүрү бир жагынан тынымсыз окуп-үйрөнүү, чыгармачылык түйшүк, илим издөө менен өтсө, бир жагынан мамлекеттик-партиялык куугунтук, басым, кысым ичинде өткөн. Ошон үчүн анын адамдык тагдырына да, чыгармачылык жолуна да зор трагедиянын тамгасы басылган.

Демек, анын өмүрү кандай кыйын өтсө, чыгармачылык мурасынын эл-журтуна кайрылып берилиши да ошондой эле драмалуу болду.

1991-жылы К. Тыныстановдун туулган күнүнүн 90 жылдыгына Чырпыкты айылында анын адабий-этнографиялык музейи уюштурулган, жазуучунун образы биринчи жолу скульптурада жасалган, «Кызыл профессор» (Авт. А. Чекиров) деген пьеса жазылып, 1997-жылы Ысык-Көл облустук К. Жантөшев атындагы драмтеатрында коюлган.



■ **прозачы** – прозаик
**коомдук ишмер** – общественный деятель
**негиз салуучулар** – основоположники
**жөндөмү** – способность
**туңгуч** – самый первый
**эл агартуу** – народного просвещения
**жарык көргөн** – вышел на свет, издаваться
**жалган жалаа** – ложный предлог, напрасно, не заслуженно
**инсандык жүзү** – личностное лицо
**саясий** – политический
**толук акталды** – полностью оправдано
**доор** – эпоха

1. Касым Тыныстанов Кыргызстандын кайсы аймагында, канчанчы жылы туулган?
2. Ал ким? Анын ишке болгон мамилеси кандай?
3. Кандай эмгектери бар?
4. Бүгүнкү күндө анын кыргыз элине жасаган эмгеги бааландыбы?
5. Кандай чыгармалары бар экен?
6. XX кылымдын окумуштуусу Касым Тыныстановдун трагедиялуу өмүрүнүн аягы XXI кылымдын окумуштууларынын жашоосунда кайталанган учурлар барбы? (Фактылар менен далилдеңиз).

1. Касым Тыныстанов деген темага синквейн жаз.
2. Берилген сөздөрдүн синонимин таап жаз.
*Туңгуч* – _________. *Жалган* – __________.

## Жаз

| | |
|---|---|
| Жер гүлдөдү жайнады, | **кепин** – саван |
| Ак кепинден кутулуп, | **оргуп** – бить ключом, бурлить |
| Оргуп, мөңкүп, кутуруп, | **кутуруп** – *(перен.)* стать буйным, взбеситься яростно |
| Суу каптады сай-сайды. | **сай-сайда** – русло реки, сухое русло |
| | |
| Келгин куштар күү менен, | |
| Жаз саламын сайрашты. | |
| Түркүн сонун үн менен, | **сонун** – прекрасным |
| Сызгырылтып айдашты. | **сызгырылтып** – плавно |
| | |
| Чымын-чиркей чээндеги, | **чээндеги** – место зимней спячки, нора, берлога |
| Угуп чыкты ызылдап. | **ызылдап** – издавать пронзительные звуки |
| Баарында жаз эмгеги, | |
| Ишке кирди быжылдап. | **быжылдап** – кишеть, быть во множес. |
| | |
| Арык-торук кылтылдап, | **кылкылдап** – делать игривые движения быть подвижным, шаловлив |
| Араң чыккан кыштагы. | |
| Даң салышып жылтылдап, | **жылтылдап** – сверкать, поблёскивать |
| Даакы жүнүн таштады. | **даакы** – весенняя шерсть ещё не вылинявшая он вылинял (о жив.) |



Жан жаныбар көбөйүп,
Жалпы жайык төлдөдү.
Элдин пейли кеңейип,
Айран, жуурат көбөйдү.

**төлдөдү** – плодиться, размножаться
**пейли кеңейип** – расщедрившись
**жуурат** – цельное кислое молоко

Баарына да дем кирген,
Баары майрам, баары мас.
Жалпысына жан берген,
Жаркыраган сулуу жаз!..

**дем кирген** – давать силу, вдохновлять

1. Жаз келгенде айланада кандай өзгөрүүлөр болуп жатат?
2. Келгин куштар эмне жөнүндө сайрашты?
3. Жан-жаныбарларда эмне өзгөрүүлөр болду?
4. Элдин пейли кандай болуп өзгөрдү?
5. Жаз келгенде адамдардын жашоосунда кандай өзгөрүүлөр боло баштады?

1. Ырга ылайык сүрөт тартып, сүйлөп бериңиз.
2. Жаз деген сөз менен кластер түзүңүз.
3. Төмөнкү макалдарды толуктап жазыныз.

*... – жарыш, күз – күрөш.*
*...... бир күнү жылга тете.*
*... – жаштык, ... – сулуулук.*



# Кыш

Ызгаар менен үшкүрүп,
Жетип келди кары кыш,
Жандыктан кан бөксөрүп,
Калтылдады кетти күч.

**ызгаар** – холод, стужа
**үшкүрүп** – тяжёлый вздох
**калтылдады** – делал движение

Байчечекей жайнаган,
Өлдү, солду, айтты: «Кош!»
Жаздай бизде сайраган,
Отор кетти келгин куш.

**отор** – отдаленное зимнее пастбище

Тегиз кепин орунду,
Токой да аппак, тоо да аппак.
Суу четинде муз тоңду,
Терең кетти ак чабак.

**кепин** – саван (арабское слово)
**ак чабак** – мелкая рыба

Кардан бутак кайышып,
Качырады, ыйлады.
Күч бере албай майышып,
Өлүм ырын ырдады.

Маймак аюу дардактап,
Жазды жаздай тойлогон.
Согончогун кучактап,
Алда качан сойлогон.

Жалгыз айылга каралап.
Жутап келди мал колго.
Ууру, бөрү сагалап,
Кирип келди короого.

**ууру** – вор
**бөрү** – волк
**сагалоо** – заглядывать, подсматривать

Качан кетет кары кыш?
Качан гүлдөр жайнашат?
Отор кеткен акын куш,
Качан келип сайрашат?

**сайроо** – петь

1. Жылдын кайсы мезгили келди?
2. Айлана кандай болуп калды?
3. Кар көп болгондо дарактын бутагы кандай болот экен?
4. Кышында аюу эмне кылат?
5. Акын эмнени күтүп жатат?

1. Ырды окуп түшүнгөнүңүздү сүйлөп бериңиз.
2. Сүйлөмдөрдүн бош орундарын толуктап жазыңыз.

*Быйыл ... аяздуу муздак болду.*
*Айлананы аппак ... каптап калды.*
*Кышында ... көп болсо, эгин мол болот.*



# Жоомарт Бөкөнбаев

**(1910–1944)**

Жоомарт Бөкөнбаев – кыргыз жазма адабиятына негиз салуучулардын бири, акын, драматург жана котормочу. Ал 1910-жылы Жалал-Абад областында Токтогул районунда Мазар-Сай айлында кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Ал атасынан беш жашында эле жетим калып, Борбу байдын коюн кайтарып күн өткөрөт.

Адырлуу тоо-токойдо байдын коюн кайтарып, жаш жүрөгүн жаралаган жетимдик өмүрүн Жоомарт кийин «Эжеме кат» аттуу ырында мындайча эскерет:

Өткөн күндөр өттү бизден,
Ойдон кетип көргөнүм,
Бирок кетпейт эч эсимден,
Ыйлап мага келгениң.
Кой артында мен жүргөндө,
Тапканыңды бергениң.
Дедиң боздоп, муң кайгыда:
«Жан күйөрүм, эрмегим»...
Тең көрүштүк, чыркырадык,
Борбу байдын чеңгелин!

Сөзгө чебер Алтынай апанын айткандары Жоомарттын сергек сезиминде калып, ой-кыялынын өсүшүнө көмөктөшкөн. Айрыкча, ал Токтогулдун ыр, күүлөрүн бала чагынан көп угат. Демек, элибиздин оозеки чыгармачылыгы, акындардын ыр, күүлөрү Жоомарттын адабий ишинин баштапкы алиппеси деп айтса болот.

Жоомарт 1924-жылы Жалал-Абаддагы Көк-Арт балдар үйүнө алынат, андан соң Оштогу педтехникумга, андан Фрунзедеги педтехникумга жиберилет. 1928-жылдан баштап ал Борбордук педтехникумдун студенти болот. Эң тунгуч ырын ал 1927-жылы жарыялаган.

Жоомарттын чыгармачылыгынын башталышы Совет өкмөтү жаңы курула баштаган учурга туура келди. Социалисттик коомдогу өзгөрүш, жаңылыктарды, элдин жетишкен ийгиликтерин кубана ырдайт.

Акындын 1933-жылы Москвадагы журналисттер институтунда окуп келиши анын өмүрүндөгү эң кымбат күндөрдүн бирине айланган. Акын үмүт көлүндө чабак уруп, айкын максат коёт.

Акын катары ал: «Жер алган кедейлерге» (1927-ж.), «Эмгек төлү» (1933-ж.), «Алтын кыз» (1934-ж.), «Жоомарттын ырлары» (1936-ж.), «Комуз» (1938-ж.), «Чабуул» (1944-ж.) жыйнактары жарык көргөн.

Согуш мезгилине арналган бир нече чыгармалары жарык көргөн. Алар: «Ата-Журт үчүн майданга», «Кош, Ала-Тоо, уулуң кетти майданга» деген ырлары.



Драматургия жанрында «Каргаша», «Семетей» пьесаларын, «Айчүрөк» операсынын либреттосун Ж. Турусбеков, К. Маликов менен бирге жазган. Ж. Бөкөнбаев котормочу да болгон. М. Лермонтовдун, Абай Кунанбаевдин, Ш. Руставеллинин, В. Маяковскийдин ырларын которгон.

1944-жылы Тоң районунун аймагында «Манас» эпосу жөнүндө кинотасма тартып, кайтып келе жатканда унаа кырсыгына учурагандыктан, ошол жердин аты акындын ысымы менен аталып калган.

■ **катары** – как
**майдан** – фронт
**жарыялаган** – опубликовал
**каргаша** – проклятие
**табият** – природа, естество
**көрүнүштөрүн** – явление
**көркүн** – вид
**сүрөттөө** – описывание
**сүрөттөөлөр** – зарисовки
**ички сыр** – духовная тайна

(?)
1. Ж. Бөкөнбаев качан, кайсы жерде туулган?
2. Балалык кези кандай өткөн?
3. Акындык шыгынын ойгонушуна кимдер таасир эткен? Талантын өнүктүрүү үчүн кандай аракеттерди жасаган?
4. Акын жана драматург катары кандай чыгармаларды жараткан?
5. Адатта, белгилүү инсандардын ысымы өзүлөрү туулуп өскөн жерлерге берилет, ал эми Ж. Бөкөнбаевдин ысымы кандай себептер менен Тоң районунун бир айылына берилген?

1. Берилген сөздөр менен сүйлөм түз. (Темага байланыштуу).
*Майдан, жарыяланган, котормочу.*
2. *«Кош, Ала-Тоо, уулуң кетти майданга»* – деген сөзгө синквейн жаз.

## АДАБИЙ ТЕРМИНДЕРДИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

**Пейзаж** (*фр.* – мекен, жер) – көркөм адабий чыгармаларда жаратылыш көрүнүштөрүн, табияттын көркүн сүрөттөө. Жазуучу пейзаждык сүрөттөөлөрдү жазуу менен табият көрүнүштөрүнө өз мамилесин билдирет, каармандардын ички сырын, мүнөзүн ачууга жардам берет.

Мисалы: Арча, кайың, карагай,
Четини бар Ала-Тоо.
Асман тарап өстүргөн,
Көкүлү бар Ала-Тоо.

Жазуучу бул чыгармасында Кыргыздын Ала-Toосунун кооздугун, кереметтүүлүгүн айткан. Ала-Тоону кооз, кереметтүү кылып турган өсүмдүктөр, жаныбарлар дүйнөсүн сүрөттөп көрсөткөн. Жазуучу болгон кооздукту окурманга жеткириш үчүн салыштырууну колдонгон. Демек, бул ыр саптары Кыргыз жеринин кооздугун айгинелеп турат.

# Кыргыздын Ала-Тоосу

Жайы-кышы кетпеген,
Мөңгүсү бар Ала-Тоо.
Асман менен тирешкен,
Белгиси бар Ала-Тоо.

**кетпеген** – несходящие
**мөңгү** – снежные вершины
**тирешкен** – касающийся

Балдан ширин туптунук,
Булагы бар Ала-Тоо.
Тукабадай кулпунган,
Тулаңы бар Ала-Тоо.

**ширин** – сладкий
**булак** – родник
**тукаба** – бархат
**тулаң** – трава (зеленная)

Аскалардан ышкырган,
Улары бар Ала-Тоо.
Ак пахтадай чубалган,
Туманы бар Ала-Тоо.

**улар** – горная индейка
**чубал** – волочиться, тащиться

Ала барчын, курч текөөр,
Бүркүтү бар Ала-Тоо.
Таштан ташка секирген,
Түлкүсү бар Ала-Тоо.

**ала барчын** – разновидность беркута
**курч текөөр** – сильный

Арча, кайың, карагай,
Четини бар Ала-Тоо.
Асман тарап өстүргөн,
Көкүлү бар Ала-Тоо.

**тарап** – расчесывая
**көкүл** – чуб

Ала-Тоонун арасын,
Айбандары жойлогон.
Аюу, жолборс, сүлөөсүн,
Аралашып ойногон.

**жойлогон** – бродившие
**сүлөөсүн** – рысь

Кекилиги, чилдери,
Кызыл-тазыл гүлдөрү,
Көңүлүңдү көтөрөт,
Куштун салган үндөрү.

**кекилик** – каменная куропатка
**чил** – бородатая куропатка

Маң-маң баскан чуудалуу,
Төөлөрү бар Ала-Тоо,
Топ-топ болуп ээрчишкен.
Чөөлөрү бар Ала-Тоо.

**чууда** – длинная верблюжая шерсть
**чөө** – шакал

Жаркыраган күмүштөй,
Кары сонун Ала-Тоо.
Салкын жели бетке урган.
Таңы сонун Ала-Тоо.





Жаш бетеге оттогон,
Малы сонун Ала-Тоо.
Куйрук-жалы төгүлгөн,
Кулан сындуу семирген.

**бетеге** – типчак (трава)
**жал** – грива
**кулан** – дикий осёл

Жүгүргөнү шамалдай,
Кулун, тайлар элирген,
Жылкысы бар Ала-Тоо.

**кулун** – жеребёнок-сосунок

Алтын, күмүш эшилген,
Кендериң бар, Ала-Тоо,
Көздөгөнүн койбогон,
Мергениң бар, Ала-Тоо.

**кен** – ископаемые, рудник

Душман жойлоп өтпөгөн,
Чебиң сонун, Ала-Тоо.
Тулку бою темирдей,
Элиң сонун, Ала-Тоо.

**чеп** – крепость
**тулку бой** – всё тело

Комуздарын сайраткан,
Ырчыларың, Ала-Тоо.
Аска менен жүгүргөн,
Уучуларың, Ала-Тоо.

**уучу** – охотник

Балбылдаган көздөрү,
Кыздарың бар, Ала-Тоо.
Асман менен айланып,
Учканың бар, Ала-Тоо.

Канча кылым картайган,
Жашардың го, Ала-Тоо.
Кайгы кетип ичиңден,
Тазардың го, Ала-Тоо!

**картайган** – старый
**жашаруу** – молодеть
**тазаруу** – очищаться

Ай-ааламды асмандын,
Тең карайсың, Ала-Тоо.
Алтын нурун жиберип,
Сен карайсың, Ала-Тоо.

**тең кароо** – равномерно смотреть

?

1. Ж. Бөкөнбаев «Кыргыздын Ала-Тоосу» – деген ырында эмнелерди сүрөттөп көрсөткөн?
2. Кайсы өсүмдүктөр жана жаныбарлар жөнүндө айткан?
3. Жазуучу ырында эмнени колдонгон?

1. Көп чекиттин ордуна тиешелүү сөздөрдү жаз.
   *Кыргыздын ....... тоолору бар.*
   *Жашыл тукабадай кулпунган ......... бар.*
   *Ала-Тоодо ...., ....., ....., ..... жойлоп, ойноп жүрөт.*
   Колдонуучу сөздөр: *тула, ак мөңгүлүү, аюу, түлкү, жолборс, сүлөөсүн.*
2. *Ала-Тоо* – деген сөзгө синквейн түз.
3. Ырдан үзүндү жатта.

# Жусуп Турусбеков

**(1910–1943)**



Ж. Турусбеков – акын, драматург. 1910-жылы Ысык-Көл областында Тоң районунун Күн-Батыш айылында туулган. 1916-жылы Үркүндө Кытайга барып, Октябрь революциясынан кийин кайтып келген.

Бала кезинен ата-энесинен ажырап, интернатта тарбияланат. 1922-жылы ал Түптөгү айыл чарба техникумуна өтөт. 1927-жылы «Кызыл Кыргызстан» республикалык гезитинде түзөтүүчү (*корректор*) болуп иштеди. 1929-жылы Жусуп Турусбековду Тверь шаарына совпарт мектебине жиберишет. Окуусун бүткөндөн кийин ал «Кызыл Кыргызстан» гезитинин бөлүм башчысы, «Ленинчил жаш» гезитинин редактору, Кыргыз драмтеатрынын мүдүрү, Кыргызстандын жазуучулар союзунун мүчөсү болгон. 1929-жылы «Лениндин жолу» деген биринчи ыры басылып чыккан.

Биринчи ырлар жыйнагы 1932-жылы чыккан. Отузунчу жылдары Ж. Турусбеков драматургия менен кызыгат. Эң маанилүү драмалык чыгармасы «Ажал ордуна» – деген музыкалык драмасы болгон («*Не смерть, а жизнь*»). 1939-жылы биринчи Кыргыз адабият жана искусство декадасында Москвада көрсөтүлгөн.

Акындын чыгармаларынын негизги темасы – эмгек. «Эртең менен», «Жаз келет», «Биз», «Тракторчунун ыры» – деген чыгармаларында ал эли жана мекени үчүн болгон эркин эмгекти даңазалап жазат. Жусуп Турусбеков өз чыгармачылыгында элдердин достугу, балдардын, өспүрүмдөрдүн тарбиясы жөнүндөгү темага көп көңүл бурган. «Жаңы полк», «Аскерге чакыруучунун ыры» – деген ырларында акын жаштарга өз Мекенинин патриотуболууга, ар дайым аны коргоого даяр болууга үндөйт.

Ошондой эле «Өткөн күндөр» 1930-жылы, «Эне» 1933-жылы жазылган поэмаларында жаңы замандын адамдарынын образдарын түзгөн. 1939-жылы жазылган «Кыргыздар» деген поэмасында эски заманды жактагандар менен күрөшкөндөрдүн образын түзөт. «Каракчынын трагедиясында» 1941-жылы совет элинин кайраттуулугун, фашизмдин мыкаачылыгын көрсөтөт. «Ажал ордуна» чыгармасында 1916-жылдагы кыргыз элинин азап-тозогун чагылдырган.

Согуш башталганда өз ыктыяры менен майданга кетип, 1943-жылы согуш талаасында курман болуп, жеңишти көрбөй калды. Жусуп «Ленин жолу», «Ук, жер жүзү!» аттуу ырларын жаңы стилде, жаңы формада жазган, бул ырлар эл ичинде кеңири тарап, айрыкча мектептерде, студенттик аудиторияларда декломация түрүндө жатка айтылып келген. Ошондуктан Жусуп кыргыз поэзиясында жаңычыл акын катары мүнөздөлүп келатат.

**үркүн** – переполох, сумятица, смятение, массовое беспорядочное бегство
**балдар үйүндө** – в детском доме
**айыл чарба** – сельскохозяйственный
**тарбияланат** – воспитывается
**басылып чыккан** – опубликовался
**маанилүү** – значительное
**курулушта** – в строительстве
**умтулууга** – стремление
**жактагандар** – защищавшие
**кайраттуулугун** – энтузиазм, самоотверженность, доблесть
**мыкаачылык** – людоед, кровожадный (перенос)
**азап-тозок** – мука мученская
**кеңири белгилүү** – широко известный
**улуттук** – национальный
**боштондук** – освобождение
**курман болот** – погиб

1. Жусуп Турусбеков ким? Анын бала кези кандай болгон?
2. Жусуп Турусбековдун кандай чыгармалары бар? Алар жөнүндө сүйлөп бериңиз.
3. Кандай драмаларды жазган?
4. Акын кандайча каза болгон?
5. Акындын негизги темасы – эмгек темасы болгон экен, эмгек темасын даңазалаган азыркы мезгилдеги акындардын чыгармаларынан мисал келтириңиз!

1. *Жактагандар, азап-тозок* деген сөздөрдүн синонимин тап.
2. *Үркүн, балдар үйүндө* – деген сөздөр менен темага байланыштуу сүйлөм түз.
3. *Үркүн* – деген сөзгө синквейн түз.

## АДАБИЙ ТЕРМИНДЕРДИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

**Форма** – мазмундун ачып берүү каражаты. Анын негизги элементтери: сюжет, композиция, тил, мазмун жетектөөчү ролго ээ болот да, өзүнө ылайыктуу форманы талап кылат.

**Мазмун** – искусстводо ар кандай чыгарманын өз мазмуну жана формасы болот. Бул эки түшүнүк бири-бири менен ажырагыс байланышта турат. Чыгарманын мазмуну коомдук турмуштун ар кандай жактарын, адамдардын өз ара мамилелерин көрсөтөт. Мазмунду түзүп турган негизги элементтер – тема жана идея. Мазмун өзүнө ылайык келген форманы тандайт.

## «Энем» поэмасы

Бул чыгарма кыргыз поэзиясындагы профессионалдык поэма. Ж. Турусбеков «Энем» поэмасында жаңы замандын жаңы образын көрсөтөт. Ал образ – окуусун бүтүрүп келген эненин баласы. Бала энесине башка болгондугун тентек, таарынчаак мүнөздөрүн таштагандыгын, билимдүү болгондугун, жакшы, шайыр адамдар менен жүргөндүгүн айтат. Ошондой эле апасынын сагынганын, түшүнө киргенин, ар кайсы ойду ойлогонун билдирет.



Улгайган эне менен билимдүү уулдун ортосундагы психологиялык конфликттин негизинде да кыргыз турмушунун карама-каршылыктуу жандуу материалы жатат. 20–30-жылдардагы кыргыз турмушу, кыргыз жаштарынын өмүр жолу чагылдырылган. Чынында Жусуп Турусбеков совет бийлигин бекеринен Эне деген эмес. Эне деген сөз бара-бара жеке маанинин чегинен чыгып, кеңири символдук мазмунга өсүп чыккан. Акырындап акын өзүнүн өткөндөгү аянычтуу тагдырынан бүтүндөй элдин тагдырын көргөн.

## Энем

| | |
|---|---|
| Күткөндүрсүң, | **күтүү** – ждать |
| Келдим, эне, аманбы? | |
| Кучактачы, | **кучактоо** – обнимать |
| Сүйчү беттен балаңды! | |
| Беш жыл бою, | |
| Тентип кеттим дайынсыз, | **тентип кетүү** – бродяжничать |
| Сагындың го, | **сагынуу** – тосковать |
| Бир көрө албай караанды! | |
| Сагынганда, | |
| Тентип кеткен балаңды, | |
| Жүзгө жоруп, | |
| Жүгүрттүң го санааңды? | **санаа** – забота, печаль |
| Каттоочудан: | |
| «Кат жазсын!» – деп, айттырып, | |
| Кийинчерээк, | |
| Ала бердиң мазамды. | **маза** – изводить |
| | |
| Тентек эле, | **тентек** – озорной, шалун |
| Эмне болду дедиңби? | |
| Күндө ойлоп, | |
| Асан кайгы жедиңби? | |
| Кимдер тилдеп, | |
| Кимдер шагын сындырып, | **шагы сынуу** – унизиться |
| Муңайтты – деп, | **муңайтты** – с печалью, с тоской |
| Кейиттиңби зээниңди?.. | **зээни кейитүү** – вызывать жалость |
| Ай, ушул сен, | |
| Кейий берген энемсиң, | |
| Бекер ойлоп, | **бекер ойлоо** – напрасно думать |
| Бекер кайгы жегенсиң. | **бекер кайгы жеп** – зря печалиться |
| Мен кетерде, | |
| Беттен өөп, кучактап: | |
| – «Кагылайын, | |
| Кайраттуу жүр» – дегенсиң. | **кайраттуу** – смелый, решительный |
| | |
| ...Энекебай, | |
| Кайратымдан жазбадым. | **жазбадым** – не изменился, не отрёкся |

Мен мурунку,
Мен эмесмин башкамын. **таарынчаак** – обидчевый
Тентек жана,
Таарынчаактык мүнөздөр, **мүнөз** – характер
Жаман экен,
Ишен, эне, таштадым!
Бирөө да жок,
Өзүң билген чагымдан.
Баягы мен,
Бүгүн бөлөк жаңырдым. **жаңырдым** – обновился
Берчи, энеке,
Мурункудай эмесмин. **мурункудай** – как раньше
Берчи, энеке,
Эмчегиңди сагындым!.. **эмчек** – женская грудь
Ха!.. Ха!.. Ха!..
Чүкө салган тулубум, **чүкө** – альчики
Ташта, энеке, **тулуп** – мешочек из шкурок с лапок зверя
Кереги жок мунуңдун!
Шайыр жаштар, **шайыр** – веселый
Арасында чоңоюп,
Чүкө ойнобойт,
Жигит болгон кулунуң! **кулунуң** – милый твой сыночек

Чүкөнү мен,
Кетерде эле төккөнмүн. **төгүү** – ссыпание, рассыпание
Ташта, энеке,
Чүкө ойноодон өткөнмүн.
Үстүбүздөн,
Зуулап өткөн 5 жылда, **зуулап өтүү** – промчаться
Шайыр жаштар,
Арасында өскөнмүн!

Мындан кеттим,
Кеткен бойдон кеткенмин.
Андан бери,
Беш жыл болду четтемин. **четте** – ходить стороной, сторониться
Жолдоштордун,
Күүсү менен унутуп,
Жүрүптүрмүн,
Мына быйыл эстедим. **эстедим** – вспомнил
Ушул уулуң –
5 жыл бою тентиген,
Кошо жүрдү,
Кайра тартпай эркинен. **эрк** – воля
Максатына,
Жетти, энеке, көрдүңбү?



Бир ойлобой,
Элден безип ээрчиген. **безип ээрчиген** – следовать, идти за кем-чем либо

5 жыл мурун,
Чүкө ойногон баланды,
5 жыл мурун,
Чүкө ойногон баланды,
Тарбиялап,
Шаардагы усталар,
Көрдүңбү, эне,
Балаң кайта жаралды! **жаралды** – появился

Эч ким менин,
Сындырбады шагымды,
Эч ким менин,
Сындырбады шагымды! **сындырбады шагымды** – не обидели
Эч ким мени,
Уруп-согуп ыйлатып,
Эч ким менин,
Кейитпеди жанымды.

Кайта мени,
Киши өңдүү ойлотуп,
Кезиккени,
Көңүл ачып ойношуп.
Тарбиялап,
Мектебинде окутту,
Киши кылып,
Сезимимди ойготуп. **сезим** – чувство

Окуп, эне,
Мектебимди бүтүрдүм,
Окуп, эне,
Мектебимди бүтүрдүм.
Шаардагы,
Өмүрүмдө 5 жылдык.
Көз ачылып,
Көп нерсеге түшүндүм.

Шайыр жаштар –
Тамашасыз жүрбөгөн. **тамаша** – шутка
Шайыр жаштар –
Тамашасыз жүрбөгөн,
Сабакта да,
Оюнда да, иште да,
Көрөсүңбү,
Уулуң, эне, гүлдөгөн!..



Көрөсүңбү,
Уулуң «КИМ» ди тагынган.
Көрөсүңбү,
Уулуң «КИМ» ди тагынган.
Аячу элең,
Жаның ачып, энеке,
Мен кой айдап,
Түшкөн кезде адырдан.

Мына бүгүн,
Ал күндөрдөн арылдым.
Комсомолмун,
Мына «КИМ» ди тагындым.
Берчи, энеке,
Эмчегиңди эмейин.
Берчи энеке,
Ак мамаңды сагындым.

Мугалиммин,
Техникумда окугам.
Мугалиммин,

**тагынуу** – приколоть

**адыр** – холмистая местность

**арылуу** – очищаться, избавляться



Мен жаштарды окутам.
Карысаң да,
Бизге, энеке, керексиң.
Сабатыңды,
Ачып кетем, окусаң!
Эпкиндүүмүн,
Бардыгын да бүтөмүн.
Нагрузка,
Бюрого да мүчөмүн.
Культмассовой,
Сектор болуп, энеке.
Жолго коюп,
Клуб ишин түзөдүм.
Келдим, эне,
Элди, жерди сагынып,
Келдим, эне,
Элди, жерди сагынып.
Эмнелер бар,
Эл ичинде айтып бер.
Туулган жерим,
Кетиптир го жаңырып?

**сабаттуулук** – грамотность

**эпкиндүү** – дышащий силой, излучающий энергию

**жаңыруу** – обновился

1. Эне менен уулдун образдары аркылуу эмнелерди түшүнүүгө болот?
2. Эки образдын ортосунда карама-каршылык барбы?
3. Эне эмнелерди ойлойт?
4. Уулу шаардан эмнелерди үйрөнүптүр? Кандай тарбияланыптыр? Азыр ким болуп иштейт экен?
5. Биз апаларыбызды ойлойбузбу? Бүгүнкү күндө апалар менен балдардын ортосунда түшүнбөстүктөр болушу мүмкүнбү? Болсо кандай нерселер үчүн?

1. Үзүндүнү жатта.
2. Кара сөз менен түшүнгөнүңдү айтып бер.
3. *Бала* – деген сөзгө синквейн түз.
4. Төмөнкү макалдарды жаттап келиңиз.

## Макалдар

Ата-энеңди сыйласаң,
Өз балаңдан жакшылык көрөсүң.

Ата-энеге баланын алалыгы жок.

Аганы көрүп ини өсөт,
Жеңени көрүп сиңди өсөт.

Балага – атасы сынчы.



# Түгөлбай Сыдыкбеков

**(1912–1997)**

Т. Сыдыкбеков – прозаик, акын, драматург, Кыргыз эл жазуучусу, Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын академиги, Кыргыз Республикасынын Баатыры. 1912-жылы боз үйдө (*в юрте*) туулган. Айылдык молдокеден, андан кийин 1920-жылы айылда ачылган мектептен билим алат. Жазууга кагаз, калем жок кыйналып окуган. Кийин Каракол шаарындагы Чехов атындагы мектептен билим алат, орус тилин үйрөнөт.

Оор кыйынчылыктарды башынан өткөргөнүнө карабастан окуусун таштабай улантып, Фрунзедеги айыл чарба техникумуна кирет, андан соң Ашхабад шаарындагы зооветеринардык институтунда окуган. Бирок ден соолугуна байланыштуу окуу менен коштошот. Узак жылдар бою оору менен кармашат, эрктүүлүгү жеңип оорусунан айыгат. Өзүнчө окуп, иштеп максатына жетет, жазуучу болот.

Ал «Ленинчил жаш» газетасында, Кыргызстан Жазуучулар союзунда, Кыргызмамбаста эмгектенген. Жазуучунун «Күрөш», «Баатырлар», «Акын булбул» – ыр жыйнактары жарык көргөн, 1937–1938-жылдары Кыргыз Совет адабиятында биринчилерден болуп «Кең-Суу» аттуу реалисттик романды жаратат. 1939–40-жылдары «Темир» романы, Ата Мекендик согушка арналган «Тарбия», «Муздакта», «Биздин замандын кишилери», аңгеме-повесттерин, балдар, мектеп турмушу жөнүндөгү «Тоо балдары», айыл турмушуна арналган «Тоо арасында» романын жазат. Аялдар темасына арналган «Зайыптар», «Батыйна» романдары, 1989-жылы «Көк асаба» романы жарык көрөт. Бул роман VI–XIII кылымдардагы тарыхый окуялардан кабар берет.

Жазуучу «Биздин замандын кишилери» деген чыгармасы үчүн 1947-жылы 3-даражадагы Сталиндик сыйлык берилип, кийин ал сыйлык СССР-дин Мамлекеттик сыйлыгы болуп аталып калган.

Т. Сыдыкбеков А. С. Пушкин, Некрасов, Чехов, Шолохов өңдүү жазуучулардын чыгармаларын кыргызчага которгон. 1997-жылы дүйнөдөн кайткан.

■ **баатыр** – герой
**Орто Азия** – Средняя Азия
**эмгектенген** – трудился
**жыйнак** – сборник
**жарык көрөт** – выходит в свет
**тарыхый окуя** – историческое событие
**кабар берет** – дает знать, сообщает



(?)
1. Залкар сүрөткер, чоң романчы Т. Сыдыкбековдун өмүрү, чыгармачылык жолуна байланыштуу кандай пикирлерди окугансыңар?
2. Кандай чыгармалары менен таанышсыңар? Алардын ичинен силерге өзгөчө жагып, таасир калтыргандары кайсылар?
3. Кайсы акын, жазуучулардын чыгармаларын которгон?

1. *Кабар берет, жарык көрөт* – деген сөздөрдүн синонимин жазыңыз.
2. Көп чекиттин ордуна тиешелүү сөздөрдү жазыңыз.
   *«Көк Асаба» романы VI–XIII кылымдагы ........ ........ кабар берет.*
   *Т. Сыдыкбеков улуу орус жазуучуларынын чыгармаларын .......*
3. *Т. Сыдыкбековдун* портретин сын атооч сөздөрдү колдонуп сүрөттөңүз. М.: акылдуу.

## АДАБИЙ ТЕРМИНДЕРДИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

**Стиль** (*грек.* – жазуу таякчасы) – көркөм чыгарманын бүтүндөй идея-лык-тематикалык системасынан (*идея, тема, образ, сюжет, тил*) көрүүчү көркөм биримдик, башкалардан айырмалап турган өз алдынчалык. Стиль түшүнүгү жазуучунун дүйнөгө болгон көз карашы анын тилинин, турмушту чагылдыра билүү ыкмасынын ар-түрдүүлүгү менен байланыштуу. Өзүнүн стили жок жазуучу адабий чөйрөдө көпкө жашай албайт, жазуучу үчүн эң негизги нерсе – өз стилин табуу. Мисалы: (Т. Сыдыкбековдун стилинин өзгөчөлүгү айылдагы жашоону көрсөтүү).

**Стилистикалык каражаттар** – кепке ар түрдүү кошумча маанилерди, эмоцианалдуулукту, экспрессивдүүлүктү киргизүүчү каражат. Алар анафора, эпифора, литота, параллелизм ж. б. (терминдер түшүндүрмө сөздүгүнө кайрылыңыз).

Мисалы: анафора (*гр.* – чыгаруу) Букардын тоосу бурулуш
Бурулуп учат улуу куш. (Токтогул)
литота (*гр.* – жөнөкөйлүк)
Тырнактай болуп жаралып
Тууган жер консоң оюма.
Көрсөтөр элем дүйнөгө
Көтөрүп жүрүп колума. (Б. Сарногоев)
параллелизм (*гр.* – жанаша айтылуучу)
Бетеге кетет, бел калат,
Бектер кетет, эл калат.
Осмо кетет, каш калат,
Оомат кетет, баш калат. (Б. Алыкулов)

# Көк серек

Т. Сыдыкбековдун кара сөздүн чоң устаты экендиги «Көк серек» аңгемесинде ачык, даана көрүнөт. Анткени жапайы жырткычтын кыял, жоругу, бөлтүрүктөрүнө болгон мамилеси, иш-аракети анын табиятына

дал келгендиги көрүнүп турат. Аңгемеде Көк серегинен ажыраган Көк канчыктын бөлтүрүктөрүн жетилтүүдөгү тарткан убайымы, келечектен күткөн үмүтү, карыган кезинде жан сактоо үчүн болгон аракети баяндалат. Карышкырлар да адам сыяктуу эле жашоо, тиричилик үчүн күрөшөт. Алар дагы жаратылыштын бир мүчөсү катары өз тукумун сактоого, илим, техника өскөн доорго, ага ылайыктуу куралдардан сактанууга, күнүмдүк жан сактоого аракеттенишет. Бирок кандай гана болбосун, бөрүлүк заңын сакташат. Буга Кынжыгыйды талап жеп коюшу далил боло алат. Көк серек менен Көк канчыктын бөлтүрүктөрү: Мантагай, Балпагай, Сербегей, Мулугуй, Кынжыгый. Аңгеме Көк канчыктын түшүнөн башталат. Түшүндө Көк серек чоң бугуну алып келип, бөлтүрүктөрүнүн атын айтып, тамакка чакырып жаткан болот. Түшүндө Кынжыгыйын чакырбай калганына өкүнөт. Кынжыгыйды акырында, кынжыйып алсыз болгон үчүн бир туугандары талап жеп өлтүрөт.

**кара сөз** – проза
**устат** – мастер
**ачык, даана** – открыто
**бөлтүрүк** – волчата
**иш-аракет** – действие (ия)
**табиятына** – природе
**жапайы жырткыч** – дикие хищники
**дал келгендиги** – совпадение

**көк серек, көк жал** – синий храбрец, самец
**серек** – дворняга
**көк канчык** – волчица
**убайым** – страдание
**үмүт** – надежда
**тукум** – потомство
**ылайыктуу** – подходящее
**заңын** – закон

## Көк серек

*(Үзүндү)*

«Ау-у, атаңар Көк серек барында, тетигил Ак-Чокунун тууралсындагы Көк-Жондо аябай баш тоголотчубуз… Эми антип баш тоголотуу азайып баратыр, балдарым…» – деп Көк канчык кыңылдап, чекир сымак кызгылт көздөрү канталап, өзү абдан эле аянычтуу кейипте жонун үрпөйтүп, куйругун чатына кыпчып калды.

Анын көз алдына мергенчинин элеси көрүнө түштү.

Кың-кың этти, капкара ууртарын кыпкызыл тили менен жаланып коюп. Анан бөлтүрүктөрүнө тиш ырсыйтты:

«Ы-ых-х...»

Шиберге жумаланып ойноп жаткан бөлтүрүктөр эненин ызасын анча сезбей ойной беришти бирин-бири шилилеп, томолонуп-жумаланышып.

Көк канчык бөлтүрүктөрүнүн оюнуна алаксый калды.

«Кың... уа-аң, өзүндөй көк жон тайманбас болуп чоңоёр бекен ушу балдарың, курган Көк серегим көрбөй кетти, э. Кантейин, кантейин. Убалы ошо мергенчиге жетсин».

Анан канчык бөлтүрүктөрүнө ачууланды:

«Ы-ы-р-р. Атаңар Көк серек баш тоголотуп берип койгонсуп кечке ойнойсуңар?! Силердей жетимдер эртелеп жетилбесе, кыштын каарында куурап калышат. Күн кечтеп баратыр. Койчулар койлорду эми короого айдап кетелегинде, эң болбосо, бир күрпөнүн басып калалы. Жүргүлө. Жорттук!»



Баятадан балтаңдап ойноп жатышкан бөлтүрүктөрү мукур кулактарын селейте тыңшагансып калышты.

Көк канчык ойсоктоп жойлой жөнөдү:

«Уа-ң-ң менин изим менен чубашкыла, акмактарым. Изимден четтегениң капканга чабыласың. Териң терс сыйрылат. Эшиттиңерби?» – деп койду.

Удаа келаткан чоңураак бөлтүрүгү – Балпагай энесинин куйругунун учун тиштегенсиди. Чынында ал тиштеген деле жок. Ошо эненин изинен адашпай жүрөйүн деп сактанганы болучу. Ал Балпагайды Мантагай туурады. Мантагайды, Мулугуй, аны Сербегей туурады. Кынжыгый илмеңдеп аз арттараак.

Азыр бөлтүрүктөр өз алдынча жортушка эрте. Эне, ырас, эң алдыңкы Балпагай кандайдыр бир уча албай калган канаттууну баса калып тытмалап ойногон кечээ. Мантагай, Сербегейлер ага аябай кызыгышты. Анан ичтери күйүштү.

«Биз качан ушу эр жүрөк агабызча өз алдыбызча канаттуу басар экенбиз» дешип.

Кынжыгый кыңылдап корккондой болду.

«Байкуш балапан, байкуш балапан...» деп.

Көк канчык кызыл тилин капкара ууртуна жалантты:

«Азамат... Бу Балпагайым өзүнчө азык тапканга жарайын деп калган тура» – деп.

Анан ал ошо замат бөлтүрүгүнө тап берип:

«Ы-рр! – этти. – Эй, дөдөй, өз олжоңо өзүң эле ойнобой чогуу болгула» – деп.

Ошондон кийин бөлтүрүктөр тигил олжону тытмалашты, жулкулашты. Анан оюндары канганда бири канатын чайнап, бири шыйрагын кемирип, бири төшүнөн аткып канаттууну жеп коюшту.

Бөлтүрүктөрүнүн ошол ынтымагын көрүп курч, коркпос, канталаган көздөрүн ачып-жуумп Көк канчык жерге боорун төшөп тукумдарынын жөрөлгөсүнө абдан ыраазы:

«Байкуштар... байкуштар... Мен барда буларым кор эмес. Мергенчинин огу тийбесе, капканы чаппаса, буларым көк жон бөрү болушат. Ыгы келсе, бир короо койду удургутуп тиш салып жондуусун тамактап, куйругу менен камчылап жетелеп кеткидей этем. Ыгы келсе, тайлак басып жегидей – тартынбас өстүрөм. Ал тургай кыр жондон жалгыз-жарым кишиси жолукса, андан эч качпастан ошо кишисине тиш салгыдай болушса э, бу бөлтүрүктөрүм...» – деп ойлогон.

Көк канчык көзүн ирмеди.

Арт жагынан Кынжыгый бөлтүрүгү кыңылдады:

«Эне, эне! Чарчадым. Кардым ачты» – деп.

Ага Көк канчыктын кыжыры келди:

«Ау-уң, чыда, акмак. Сен кимдин тукуму экениңди унуттуңбу. Күндө жортсо, күн тынбас – Көк серектин тукумусуң. Түндө жортсо түн тынбас – өз энең Көк канчыктын бөлтүрүгүсүң. Чыда! Чыдабасаң, бил: бөрүлөр жарымач тукумун өзү жеп алат».

Ушундан кийин Кынжыгыйы дым чыгарбай келе берди, келе бер-

ди кынжыгып. Балпагай мантаңдап, Мантагай борсолоңдоп, Сербегей сереңдеп, Мулугуй мулуңдап алардын эч бири деле чарчаган жок.

Деле убакыт көп өткөндөй болду. Энеден али дайын жок. Аба салкын тартты. Жанатадан күн күлүңдөгөн тигил борчукту азыр көлөкө каптады.

Кынжыгый акырын-акырын кыңылдады.

Мантагай ага тиш ырсыйтты:

«Жаагыңды бас... Өлөсүң. – Аун».

«Кардым ачты. Чыдай албай баратамын, байке. – Ау-и... иң».

«Чыда. Биз бөрү тукуму экенибизди билбейсиңби, акмак. Бөрү ток жүрбөйт, ар дайым ач жүрөт. Ачкачылыкка чыдагыла дебеди беле энем. Чыда кыңылдабай...»

Далайга-далайга жымжырт жатышты.

«Ың... коркуп жатамын» – деп койду Кынжыгый.

Мантагай ага тумшугун жыйырды аябай бөрүчө кыжырланып.

Кынжыгый жыйрылды бүрүшүп.

Күн кызылы абдан эле өчүп, тоо арасына коюу көлөкө жабылган кезде Көк канчык уңкулдап жетип келди. Ал аябай чарчап алыптыр. Көздөрү кыпкызыл болуп, билектери кан. Тумшугу, алкымы кан, өзү элтең-селтең этип кубангансып да, өкүнгөнсүп да тилин салып... анан бөлтүрүктөрүнө бир-бирден чоң-чоң сугум майды кусуп-кусуп таштады.

Өзүнүн ичи кабыша түштү.

«Бүгүнкү ырыскыңар ушул эле болуп калды, байкуштарым. Кишилер айткандай «бөрү тоют» болуп койгула. Биздин тукумга дайым чоң тоюш чанда-а... – ув! Ув!

Деги өзүңөр ылдамыраак торолбосоңор маа кыйын болуп баратыр. Азыркы кезде бизге жем табыш татаалдап кетти. Башта, кишилер бизди союлу менен коркутчу. Союл жетпес жерде биз аман болчубуз. Эми аларында мылтык дегени бар. Ал аркы кырдан «паң» эткенде бери кырдагы бизге «чуп» тиет.

Бир кезде Көк сереги көзүнө көрүнө калды.

Ал көк жал тартып килеңдейт. Тыяк-быякка жепжеңил каргып булак-булак секирип абада созулат. Анан бир кездери мүйүзү каркайган бугуну жепжеңил сүйрөп келатыр.

«Мантаңбайлар! Балпаңбайлар! Сереңбайлар! Мулуңбайлар! Атаңар бугу алып келатыр силерди тойсун деп» – кыйкырып жиберсе түшү экен.

Көк сереги көзүнөн кайым болду. Өзү коңулдап ийрилип жатыптыр. Түшүндө Кынжыгыйын чакырбай калганына Канчык өкүндү. «Уу-а-аң. – Ошо байкушту бир туугандары талап жешет, кынжыйып алсыз болгондо».

Ушундан кийин Көк канчык уктаган жок. Ал бөлтүрүктөрүн тим калтырды. Өзү таң алдында жойлоп чыкты дагы. Деги баштагыдай эмес жайытта жатып калган аксак-тексек жок. Кайберендер да житип-житип дайынсыз.

Күн чыгарда куру кайтты, Көк канчык.

Ай, деги жан багыш жылдан-жылга татаалдап баратыр.

Уйкусу канган бөлтүрүктөрү мантаңдап ачыкка чыгышты ойногусу келишип.

«Уаң, мейли, ойной беришсин. Азыр мергенчи жүрчү маал эмес, –





деди Көк канчык өзү да балдары менен ойногусу келип кыбыңдап: – Ата-а, атаңарча мен силерге эмдигиче бир жолу баш тоголотуп бербедим. Ургаачылык курусун» – деп өкүндү бечара канчык.

Анан ал ошо бөрүгө таандык сактык, көрөгөчтүк менен тыяк-быякка көз чаптырып, те кыраңдан бери чаарчыктарын ээрчитип чыга келген эликти көрүп калды.

От көздөрү ошол кыраң жакка өттү. Өзү купшуңдап балдарына белги берди.

«Уаң, акмактар. Жортуулга-а. Эми өзүңөрчө насип табышка алыңар жетип калды. Жүргүлө! Жүргүлө! Бөрү баласы карды ачканда ойнобойт. – Уаң... Көрдүңөрбү, көрдүңөрбү. Тиги кыраңда бизге азык жүр. Эми силер кичине эмессиңер. Тездегиле. Иң. Балпагай, сен алдыда зымыра. Сени көрүп тигил Сербегей, Кынжыгыйлар чыйралсын. Чыйралгыла-а».

Көк канчык далдаада зымырап, апай бетте амалданып жашынып, бөлтүрүктөрүн ошо элик оттогон кырандын наркы көмүскө жагынан баштап келди. Анан кайсы жагынан кандайча качырып кирерди баамдады. Бирок, ал ага убакыт өткөргөн жок. Убакыт өттү – колго түшкөн азыкты качыруу.

Ал ыкыс берип, ыкыс берип балдарына:

«Ууң мен энесин кубалап жөнөймүн. Силер адаша калган улактарын басып калгыла» деп жатты бөрүсүнчө жышааналап.

Элик жыт алгансыды. Кулактарын тикчийте кериле тартып шектене турду тыяк-быякка карап.

Көк канчык шибер менен шибер болуп боортоктоп жылып баратыр. Мантагай, Балпагай энесинен калышкан жок. Мулугуй мулуюп кыраңга жетти. Сербегей, Кынжыгый алынын барынча бөрүлүгүн көрсөтүшкө тырышты.

Тоо койну жымжырт. Чынында ушулар үчүн эле. Башка дүйнө өз ырын ырдап, өз күүлөрүн чертүүдө.

Кынжыгыйдын жүрөгү катуулап сокту.

«Баары олжого тунушуп, мен куру калсам уят. Анда өз бир туугандарым Мантагай, Балпагайлар эле мени бөрүчөсүнөн жектешет.

А-ың. Мен ошондон корком»...

Канчык Кынжыгыйдын өзүн шилиден тиштеп ыргытып жибере жаздады. «Ыр-ырр – бөрү баласы ушу сендей мазасыз болсо, ал өз жанын багалбайт шордуу?!»

Мантагай, Балпагайлар бир чаарчыкты шилилеп, шыйрактап өлгүдөй кызыл ала этиптир. Алар бирине бири азуу кагып, чаарчыкты кызгана башташыптыр. Мулугуй мулуңдап, Сербегей тийип-качып сереңдейт. Кынжыгый ошо энеси баамдагандай эле кынжыйып четте кыңылдап ыйлап олтур, уңшуп.

Эне ошого кыжырланды:

«Ыхх... эмине көрдүң сен, кынжыйып?!»

«Уң, караңызчы, эне. Тигилериң, байкуш кичинекей эликтин баласын аяшпай тиштеп жатышпайбы.»

Канчык Кынжыгыйдын өзүн шилиден тиштеп ыргытып жибере жастады.

«Ы-ырр... бөрү баласы ушу сендей мазасыз болсо, ал өз жанын багалбайт, шордуу?!»

Кынжыгый корконунан ыйлап жиберди кыңылдап.

«Шордуу, шордуу, – деди энеси ага. – Сен минтип кынжыя берсең өзүбүзгө жем болосуң. Бөрү шордуусун тирүү койбойт. Шордуу бүт бөрүнү жаман атты этип коёт. Тыңы, чыйрал. Сен да тигил чаарчыкты шилиле. Канына тоюн. Арр.»

Кынжыгый кыңылдады. Ал ошенткенде өз агасы Мантагайдан коркту. Кыйналган Чаарчыкты аяды. Аны энесине айталбай кыңылдап ыйлады.

Аны сезген энеси Кынжыгыйды «арр» этип четке кубалады.

Бир кезде беркилер чаарчыкты өлтүрүп алышып, жылуу канына тоюнуп жатышты, жыргашып...

«Эу-уң, мына бөрү болот деген! Силер эми мага жардамчы болосуңар мындан кийин», – деди Көк канчык бөлтүрүктөрүнө ыраазы болуп, өзү да чаарчыктын кемирчек төшүн кемирип жатып...

Айлар жылга айланды. Көк канчыктын ошол бөлтүрүктөрү эми ар бири килеңдеген көкжал бөрү. Алар эми эчтемкеден тайманбастар.

Күндөрдүн биринде адатынча өзү алда жакшы эле жыт алып сак келаткан эсил канчык ойдо жок жерден: эч бир киши келбес тар кычыктан анча байкас албай секирип коёмун деп оң колун билегинен капканга чаптырды.

Ошондо ал бөрүчө тиштенди «кың» этпестен. Анан тигилерге:

«А-у-ң, турган-турган жериңде тым болгула. Мен азыр колумду капкандан бошотоюн...» деди да өз билегин өзү бат эле кемирип, өз сөөгүн өзү «карс-карс» эттире чайнап салып, билегин капкандан бошотуп алды да... Сөөгүнүн какшаганына чыдай албай мурдун жыйырды. Бир жолу «кың» этти. Билегинен төмөн балпайган таманы капканда калды. Анан ал чолок колун чолтоң эттире сыңар аяктап, өз тобун коркунучтуу жолдон аман алып кетти.

Ар өмүрдүн төрөлүшү да, өнүгүшү да, карышы да, анан аягы да болот дечи.

«А-а-у-у-нң. Энелер карыды, кор болду. Карыса да мынча кор болбойт эле, ит капканчынын болот капканы мени сыңар аяк этип койду. Эми силер бөрүнүн тукумун улай бергиле, өздөрүңөрчө. Мен ушул зоонун айланасында эптеп чычкан басып жеп өлгөнүмчө күн көрөйүн, балдар».

Көкжалдары көздөрүнө жаш алышты.

«Ымм, мына ушундан улам: бөрүнүн көзүндө жашы келаткандыктан көзүбүздүн астында кара тамчы тагы бар. Бу биздин бөрүлүк жашыбыз. Силер эми көкжал тарттыңар баарыңар».

Бир маалда туура жактан карп-курп атчан киши чыга калды. Көрсө ал ушу зоону бөрү тукуму чердечү эле деп атайы эле ууга чыккан мергенчи экен. Ал өңөргөн мылтыгын окчо сундурду.

«Мына эми тарс этет. Мен үлдүрөп жерге кабышам» – деп ойлоду канчык.

Мылтык тарс эткен жок.

Мергенчи мылтыгын кайра ээрдин кашына койду:

– А-ай кургур... сыңар аяк болуп өзү да куруп зыянсыз болуптур. Күнүн көрө берсин, – деп атына камчы басты.

Кишинин бул боорукердигине акылы жете бербей Көк канчык үлдүрөп, көздөрүн тунартып киши кеткен жакты тиктеп туруп... анан уктап бараткансып боорун жерге төшөп козголбой жатып калды...

■ **баш тоголотуу** – обучать, подучать
**чекир сымак** – серый (о галазах)
**көздөрү канталап** – налиться кровью (о глазах)
**кейип** – вид, настроение
**шибер** – густая трава
**көк жон тайманбас** – смелый волк
**күрпөң** – ягнёнок
**мукур кулак** – короткоухий (о лошади)
**эшитүү** – слушать, слышать
**илмейген** – худой, замухрышка
**жортуу** – рыскать
**дөдөй** – придурковатый, недалекий
**олжо** – добыча
**жөрөлгө** – обычай, обыкновение
**кыңылдоо** – жалобно и слабо визжать
**көзү бозоруу** – обессилевший (от голода, от потери крови)
**зыянсыз** – безвредный

1. Т. Сыдыкбековдун «Көк серек» аңгемеси эмне жөнүндө?
2. Жырткычтар жаратылыштын бир бөлүгү дегенди кандай түшүнөсүнөр?
3. Жан багуу, жашоо үчүн бөлтүрүк кандай мыйзамды сакташы керек.
4. Көк канчык балдары жөнүндө кандай кам көрөт?
5. Башка жаныбарлардын жашоосу жөнүндө эмнелерди билесиңер? Алар бири-бирине кандай кам көрүшөт?

1. Венндин диаграммасын түзүңүз *(Балпагай – Кынжыгый)*.
2. Аңгемеге караштуу сериялык сүрөттөрдү тартыңыз.
3. Аңгемеден үзүндү жаттап айтып бергиле.



## Чыңгыз Айтматов

**(1928–2008)**

*Биздин Мекен таланттарга*
*кандай гана бай!*
*Болгондо да зор, дүйнөлүк масштабдагы*
*таланттарга бай…*
*Алардын бири – Кыргызстандын уулу*
*Чыңгыз Айтматов.*

**Михаил Шолохов.**

Батыш менен чыгышты бир маданий очокко бириктирген, улуттук салт-санаасын, тилин, дилин, өзгөчөлүгүн коргогон улуу гуманист, дүйнөгө белгилүү Кыргыз Эл жазуучусу, саясий ишмер, көптөгөн мамлекеттик сыйлыктардын ээси, дүйнө элдерине жакшы таанымал адам Чыңгыз Айтматов 1928-жылы Талас өрөөнүндө Шекер айылында кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган. Ал кыргыз жана орус мектептеринен билим алган. Улуу Ата Мекендик согуш убагында 1942-жылы убактылуу окуусун таштап, өзүнүн Шекер айылдык советинде катчы (*секретарь*), райфодо налог агенти, трактор бригадасынын эсепчиси болуп иштеген.

Анын атасы Төрөкул Чыңгыз кичине кезинде эле эрте дүйнөдөн кайтат. Ата-энеси кызматкер болгондуктан, алар Фрунзе жана Москва шаарларында жашап, окуган. Ошондуктан ал орус тилин жакшы билген. Чыңгыз атасынын ордуна үй-бүлөсүн багып, улуулардын оор жумушун эрте аткарат. Ал Бишкектеги айыл чарба институтун окуп бүтүрөт. Анын адабиятка болгон ышкысы 50-жылдары ойгонот, чыгармаларын кыргыз, орус тилдеринде жазат. Анын өспүрүм чагы согуш убагына туура келген, оор күндөрдө өзүнүн теңтуш, классташ балдары менен колхоздун ар кандай жумуштарына жардам беришкен, согушка кеткен аталарынын, байкелеринин ордун ээлеп, жеңиштин тез болушуна аракет жасашкан. Кийин Чыңгыз көптөгөн чыгармаларында өзүнүн башынан өткөн окуялар жөнүндө жазган. Бир катар чыгармалары балдар темасына арналган. Алар «Айтматовдун балдары» деген ат менен белгилүү. Анын чыгармалары дүйнө элдеринин көптөгөн тилдерине которулган. Чыгармаларынын негизинде кино-тасмалар тартылган.

Чыгармалары: «Биринчи мугалим», «Жамийла», «Саманчынын жолу», «Бетме-бет», «Гүлсарат», «Деңиз бойлой жорткон Ала дөбөт», «Ак кеме», «Эрте келген турналар» повесттери, «Кыямат», «Кылым карытар бир күн», «Тоолор кулаганда» (Түбөлүк колукту) романдары.

Залкар сүрөткер – азыркы учурда дүйнөдө чыгармалары эң көп окулган авторлордун бири. Бүгүнкү күндө Данияр менен Жамийла, Асел менен Илияс, Сейде менен Ысмайыл, Дүйшөн менен Алтынай, Толгонай менен Жер Эне, Танабай менен Эдигей, Султанмурат менен Мырзагүл, Авдий менен Бостон ар бир окуган окурманга белгилүү.



Эгерде жазуучунун чыгармачылыгына хронологиялык жактан көз жүгүртсөк, «Бетме-бет» 1957-жылы жарык көрдү. Анан бар болгону бир жыл өтүп өтпөй Арагонду тамшандырып, «сүйүү жөнүндө дүйнөдөгү эң улуу дастан» деген баага ээ болгон «Жамийла» повести жаралды.

Себеби, дал ушул повесть жаралгандан кийин анчалык көп убакыт өтпөй эле Ч. Айтматовдун «Тоолор жана талаалар повесттери» Лениндик сыйлыкка татыктуу болду. «Гүлсарат» повести үчүн СССРдин Мамлекеттик сыйлыгы, «Эрте келген турналар» үчүн республиканын Токтогул атындагы, «Ак кеме» повести жана киносценарийи үчүн СССРдин Мамлекеттик сыйлыктары, «Кылым карытар бир күн» романы үчүн кайрадан СССРдин Мамлекеттик сыйлыгын алган. Алп сүрөткердин алган сыйлык-наамдарынын толук эмес тизмеси мына ушулар. Ч. Айтматов – Кыргыз Республикасынын Баатыры, Эл жазуучусу, академик.

**кызматкер** – служащий
**дүйнөдөн кайтат** – умрёт
**багып** – *(здесь)* содержит
**айыл чарба** – сельскохозяйственный
**ышкысы** – желание, стремление
**залкар** – великий
**балалык күндөрү** – детство
**өспүрүм чак** – подросковый период
**оор мезгил** – трудное время
**айылдык кеңеш** – сельский совет
**катчы** – секретарь
**ысым, аты** – имя
**дүйнө** – мир

1. Ч. Айтматов канчанчы жылы, кайда туулган?
2. Анын балалык жана өспүрүм кези кандай өткөн?
3. Жазуучунун чыгармалары кайсылар?
4. Чыгармалары канча тилге которулган?
5. Эмне үчүн «Айтматовдун балдары» деп айтышат?
6. Жазуучу кандай сыйлыктардын ээси?
7. Ч. Айтматовдун дүйнөгө белгилүү жазуучу болушуна кандай сапаттар жардам берди?

1. Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы жана жашоосу деген темада концептуалдык карта түзүңүз.
2. Берилген сөздөрдүн ордун тап *(ышкысы, залкар, кызматкер).*
*Ч. Айтматов ...... үй-бүлөсүндө туулган.*
*..... жазуучу Кыргыз Республикасынын Баатыры.*
*Жазуучунун адабиятка болгон ...... 50-жылдары ойгонот.*

## АДАБИЙ ТЕРМИНДЕРДИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

**Сюжет** – адабий чыгармадагы мүнөздөрдүн өсүшү, алардын өз ара мамилелеринин чиеленишү жана чечилиши сюжет деп аталат.

**Сюжеттин элементтери –** көркөм чыгарманын сюжетин түзүү үчүн колдонулган окуялардын бирдиктери, мүнөздүн калыптануу процессинин бөлүктөрү (Экспозиция, окуянын түйүндөлүшү, кульминация, окуянын че-

чилиши жана айрым учурларда учуроочу эпилог менен пролог да кирет.). Мисалы: Ч. Айтматовдун «Бетме-бет» повестинин аягында Ысмайыл менен Сейденин бетме-бет келиши чыгарманын кульминациясы.

**Композиция** – көркөм чыгарманын курулушу, анын бардык бөлүмдөрүнүн бирдиктүүлүгү, көркөм образдарынын өз ара байланыштуулугу бир бүтүндүүлүктө болушу. Композициянын бөлүктөрү: **баяндоо,** диалог, монолог, портрет, пейзаж, лирикалык чегинүү ж. б.

Мисалы: Ч. Айтматовдун «Саманчынын жолу» повестиндеги Толгонай менен Жер Эненин диалогу:

– Амансыңбы, куттуу талаам?

– Аманчылык, Толгонай! Былтыркыдан дагы карый түшүпсүң го. Чачың куудай, колуңда таяк.

– Өмүр өтүп жатпайбы, арадан дагы бир жыл өттү. Бүгүн менин сыйынчу күнүм.

– Билем, күтүп жаткам, Толгонай. Бул жолу баланы да ээрчите келмек эмес белең?

## Бетме-бет

1958-жылы басмадан чыккан «Бетме-бет» повестинде жазуучу согуш мезгилиндеги элдин оор турмушун, Сейде сыяктуу карапайым кыргыз аялынын аң-сезиминдеги өзгөрүүлөрдү, өз жанын Мекенден жогору койгон Ысмайылдын тагдырын баяндайт. Анда Ата Мекендик согуш мезгилинде кыргыз айылдары дуушар болгон кыйын турмуштун айрым элестери чагылдырылган. Повестте адеп-ахлакка тиешелүү маселелер козголгон. Тактап айтканда, аскер качкынынын кейиштүү тагдыры сүрөттөлөт. Ошондо ал өз үй-бүлөсүн кыйнайт, бара-бара адамдык касиетин жогото баштайт. Акыры кара курсагынын гана камын ойлоп, өз кошунасынын, болгондо да, көп балалуу жесирдин уюн уурдап соёт.

Ч. Айтматовдун чыныгы чыгармачылык ийгилиги «Бетме-бет» повестинен башталган. Улуу Ата Мекендик согушта фашисттик Германияга каршы эл-жерди коргоо үчүн эр жеткен азаматтар фронтко аттанды. Алар Ата Мекен үчүн өз жандарын аябай, өмүрүнүн аягына чейин салгылашышты. Ал эми айылдагы кары-картаңдар, аялдар менен балдар тынымсыз эмгектеништи. Бул согуш совет эли үчүн чоң сыноо болгон. Мына ушундай оор мезгилде коомго жат терс көрүнүштөр да болгон.

Жазуучу өзүнүн чыгармасында согуш жылдарында кыргыз айлында болгон окуяны сүрөттөп көрсөтөт. Айылдын эр азаматтары душмандарга каршы кан майданга жөнөгөндө, алар менен кошо кеткен Ысмайыл өлүп калуу мүмкүнчүлүгү бар экенинен заарканып, жолдон качып келет да, кыш бою кыштагына жакын үңкүрдө бекинип жатат. Чыгарманын башкы каарманы Сейде – үй оокатка тыкан, адамгерчиликтүү, ак ниет, боорукер, эмгекчил адам. Сейденин бактысы узакка созулбады, анын бактысына согуш тоскоол болду. Бардык түйшүктү Сейде өз мойнуна алат, күйөөсү үйгө келгенде, баласын колуна алып отурганда, ал бардыгын унутуп, аз да болсо бактылуу болгусу келет. Ал Ысмайылды аяйт, андан ажырап жесир болуп



калуудан коркот. Күйөөсүнүн эптеп күн көрүү үчүн жанын калкалап, келечек жөнүндө ылайыксыз айткан сөздөрүнө алданат. Анын өз кызыкчылыгын көздөгөн опурталдуу жүрүш-турушуна ишенет. Сейденин эң чоң жаңылыштыгы, катасы жана кайгысы ушул. Ал көптөгөн оор нерселерди кайгы-капаны башынан өткөрөт. Таң эртеден кеч күүгүмгө чейин кара жанын карч уруп иштейт. Максаты жаз келгиче Ысмайылды багып, ашуу ачылганда башка жакка көчүп кетүү. Ысмайыл өз үй-бүлөсүн кыйнаганы аз келгенсип, бара-бара адамдык касиетин жогото баштайт. Акыры кара курсагынын гана камын ойлоп, өз кошунасынын болгондо да, көп балалуу жесирдин уюн уурдап соёт. Мына ушундан кийин Сейде Ысмайылдын кандай таш боор, кара ниет адам экенине көзү жетет, ал элге жат адам экенин түшүнөт. Сейде мындай адамдан кол үзүп, башын жогору көтөрүп, элге кайрылат. Бул мурдагы Сейде эмес, күчтүү, асылзаада, башкалардан артык адам экендигин далилдеген аял заты эле.

Ысмайыл болсо эл алдында өз жазасын алат.

■ **чыныгы** – настоящий
**ийгилик** – успех
**дуушар** – постигнуть
**кыйын турмуш** – трудная жизнь
**айрым** – некоторые
**элестери** – образы
**чагылдырылган** – запечатлено
**козголгон** – подняты
**адеп-ахлак** – воспитание, поведение
**маселе** – задача, проблема
**тактап айтканда** – если сказать точно
**аскер качкыны** – дезертир
**кейиштүү тагдыры** – печальная судьба
**майдан** – фронт
**заарканып** – тревожась, опасаясь
**үңкүр** – пищера
**кыйнайт** – мучить
**адамдык касиет** – человеческие качества
**кара-курсак** – пропитание
**камын ойлоп** – заботясь
**жесир** – вдова
**күйөө** – муж
**анчалык** – не очень
**өөн көрбөйт** – не видит ничего плохого
**жазадан калкалап** – защищая от наказания
**ырайымсыздык** – жестокость

1. «Бетме-бет» повестинде эмне чагылдырылган?
2. Повесттеги башкы каармандар кимдер? Алардын кылык-жоругу кандай?
3. Ысмайыл качан кармалат. Аны ким карматат?

1. Берилген сөздөр менен сүйлөм түз (текстке байланыштуу).
***Чыныгы, адеп-ахлак, аскер качкыны, адамдык касиет.***
2. ***Ысмайыл жана Сейде*** деген каармандарга Венндин диаграммасын түз.
3. Повесттен үзүндү жаттап, жатка айтып бер.

# Бетме-бет повести

*(Үзүндү)*

Кечинде, бутун араң сүйрөп, Сейде айылга кайтканда, Тотойдун сарайынын эшиги баягы эртең мененкидей эле аңырайып, кере ачылган бойдон туруптур.

Түн ичинде терезе чертилди. Башын өйдө чулгуп, чочуп кеткен Сейде «Сен кимсиң» – деп кыйкырып жибере жаздап, анан Ысмайылдын келип калганын билип, андан бетер эси чыгып кетти: «Кокуй, айыл дүрбүп жатканда, аны кайсы кудай кашайтып айдап келди, кармалат экен!». Сейде ордунан тура жүгүрүп, шашылыш эшикти ачты да, бат-бат шыбырады:

– Бол эртерээк, айыл жаман!

Эшикти кайра иле коюп, караңгыда Ысмайылды ички үйгө жетеледи. Терезелерди туюктап, билик күйгүзгөнгө болбойт. Ысмайыл колуна кармап турган бир нерсесин былк эттире жерге таштаганда, чочуп кеткен Сейденин жүрөгү да болк этип, кошо үзүлүп түшкөндөй болду. Ал эңкейе калып, жерде жаткан баштыкты сыйпалады. Колго жумшак бир нерсе урунду. Баштыктагы эт экен.

– Сен белең? – деди заматта тамагы кургап, буула калган Сейде.

– Чш, унчукпа! – Ысмайылдын көзү караңгыда жашыл от чалып, ал жакындап келип, бетке энтигип оор дем алды. – Унчукпа, ишиң болбосун!

Сейде унчуккан жок. Кимдир бирөө аны көкүрөктөн алып, тээ тигиндей түртүп жиберген өңдүү. Ал жыгыла жаздай, отурган ордунда жер таянды. Азыр, ушул кезде, турмушундагы бардык ишенген, сүйгөнүнөн ажырап, азап, кордук тартып сактаган кишиси анын бардык жакшы тилек, үмүттөрүн жерге тебелеп, жексен кылганда, ал ордунан тура жүгүрүп, бет алган жагына, түз, кыр дебей чыңырып, кыйкырган бойдон дүйнөдөн безип качып кеткиси келди. Бирок өйдө турууга чамасы жетпейт. Там астынүстүн келип, кимдир бирөөнүн чексиз күйүттө солкулдап боздогону кулакты тунжуратkансыйт.

– Эмне олтурасың, күйгүз биликти! – дегенге Сейде козголгон жок.

– Ой, эмне олтурасың, күйгүз дейм, биликти! – Эңкейип турган Ысмайыл жанына тизелеп жылып келген Сейдени көрдү.

– Ушул жетимдердин кешигине кол салгандан көрө, өзүбүздүн кунажынды союп салсаң болбойт беле!

– Былжыраба! – Ысмайыл аны ийнинен кыса кармап силкти. – Мени үйрөткөнүңдү коюп, өзүңдү бил. Заманаң бөрү болсо, бөрү бол! Ушул кезде ар ким өзүм гана тойсом дейт! Башкалар менен ишиң эмне экен, сен ачтан өлүп бара жатсаң да, бирөө келип казаныңа аш салып бербейт… Алган алып, жулган жулат! Акмак болбо!..

Сейде сүйлөбөй, жоопсуз отурганына Ысмайылдын жини келип, оозунан отко кактап чийки жеген түтүндүү эттин жыты каңырсып, ал аялын жакасынан бурап, киркиреди:

– Эмне унчукпайсың, яа! Эмне унчукпайсың, дейм?.. Мен өзүбүздүн кунажынды союп алсам, балабызга сүт кана, элдин балдары өзүңдүкүнөн артык болуп кеттиби?.. Жетишет, кышы менен калчылдап, тишимдин ки-





рин соруп отурдум… Мен уурдайм, мен жейм, аскерден качып келип, ачтан өлөйүн деген эмесмин! Өлсө башка өлсүн, бирок мен жөн эле өлө албайм!..

Сыртта жанаша көчөдөн короз кыйкырды, ага экинчи бири канат кагып, үн кошту. Ысмайылдын кетер маалы болуп калды, ал ордунан турду да:

– Көп сүйлөбөй, этти салып жегиле, сөөгүн көрсөтпөй жерге көмгүлө, уктуңбу? – деп тамекини аптыга соруп-соруп алып, таманына өчүрүп, чыгып кетти.

Ирең-бараң таң сүрүп, үй ичи бозоруп келе жатат. Терезе улам жарык болгон сайын, нары мештин түбүндө, бешикти кучактап отурган чачы ак-бозала аял терезени кадала карап, бир эле жерге тигилет. Терезенин нары жагында эмнеси бар болду экен, ал эмнени карайт? Эмне үчүн анын чачы бир эле түндө агарып кетти? Чаташып, түрмөктөлгөн ойлор терезени баркырата сындырып, жерди кезип, аралап, тиги кандай, бул кандай деп түшүнгүсү келет. Ооба, мына бул кичинекей терезенин нары жагында айыл жатат, эл жатат. Анда почточу Курман бар. Ооба, Ысмайыл да бар… «Бирок сен башкаларга окшобойсуң, сен башкачасың, жат адамсың… Өз элин ушундай жоо сайышканда таштап коргологон, акыр түбү өз элине душман болот экен да… Сени сактайм деп жүргөн экем, көрсө, ушундан сакташ керек эле…»

Бирөө жанынан үшкүрүнүп койду. Бурчта отурган кемпирди Сейде эми гана көрдү. Ээгин арык тизесине жөлөп ал дагы терезе жакты карап, кызыл жээк өңү өчкөн көздөрү менен кейиштүү тигилет. Албетте, түнү менен мында болуп жаткандын баарын ал угуп отурду.

Сейде чапанын кийип, баласынын оороолорун жоолугуна түйүп алды.

– Төркүнүңө кетесиңби? – деди кемпир.

– Кетем! – деди Сейде.

Кемпир мейлиң дегендей унчукпады.

Баласын көтөргөн Сейде эшиктин жанына барганда, алда эмнени кыялбагандай имерилип токтой калды. Көзүнөн шоргологон жаш баласынын бетине тамчылады эле, бала кың этип, эриндерин чопулдатып, козголо түштү. Бирок ошол замат эчтекеден капары жок болтоюп, уктап калды. Жерде жаткан баштыкты колтугуна кысып, баласын көтөргөн Сейде босогодон аттап, эшикке чыгып кетти. Кемпир мында да унчуккан жок.

Бир аздан кийин кемпир дагы үйдөн чыгып, эшигин ачык таштаган бойдон өз бет алдынча алда кайда талаага басып кетти…

Чийлүү коктуларды аралап, баласын көтөргөн Сейде, анын артынан ат минген Мырзакул, мылтыкчан эки солдатты ээрчитип келе жатышты. Жана туннелди коруган аскерлердин командири, бул эки солдатка жанаша кыштакка барып, сельсоветтиин председателине качкынды кармоого жардам бересиңер деп буйрук берген.

Сейде болсо баласын көтөрүп ушундан нары төркүнүнө кетет. Бул айылга ал экинчи кайтып келбейт.

Арткараак жерде келе жаткан эки солдат өздөрүнчө сүйлөп жатышты:

– Уюн уурдаткан ушул аял го, кандай дейсиң?

– Ошондой болуш керек?

– А-а, анда азамат экен. Акыры уурунун изине түшкөн экен да, бирок баласын таштабай, эмнеге көтөрүп келе жатат болду экен?



– Аны ким билсин. Деги өзү кандайдыр соо неме эмес. Жана сельсовет атка минип, балаңды өңөрүп ал десе, унчукпай басып кетти.

Мырзакулдар баш жагы туюк аң, майда-майда булактары бар, камыштуу коктуга келгенде, Сейде бурулушка токтой калды.

– Тээтиги жерде, камыштын арасында! – деп колу менен көрсөттү. Анан өзү купкуу болуп, алкымындагы жоолуктун түйүнүн бошото чечип, отура калып, эмне кыларын билбегендей баласын эмизе кетти.

Мырзакулду ээрчиген солдаттар ошол тарапты көздөй акырын басышты. Азыраак өтүп, Мырзакул аттан түшмөкчү болду эле, нары жактан Ысмайылдын кыйкырган дабышы чыкты:

– Ой, Мырзакул? Кайт артыңа! Мен акыры өлгөн кишимин, сени да ала жатам!

Мырзакул үзөңгүнү темине калып, ошол үн чыккан жакка кыйкырды:

– Көтөр колуңду, жүзү кара!

Тарс этип камыштын арасынан беш атар атылганда, ордунан секирип тура калган Сейде Мырзакулдун ат мойнуна жыгылып, жалгыз колу менен жалды тутамдай кармалап, майып колу менен беркисине жардамдашайын дегендей мултуң-мултуң этип жатып, анан акыры аттан ооп түшкөнүн көрдү. Аңгыча, таштарга бекине калган эки солдат, камышты аралата ок атып калышты. Нары жактан Ысмайылдын аткан октору ташка тийип, чу-ии, чу-ии этип четке кайып, кулак түбүнөн учкансып жатты. Тынч жаткан тоо арасы беш атарлардын үндөрүнө толуп, чуулдап кетти.

Бир убакытта солдаттын бири эси чыккандай кыйкырды:

– Эй, маржа, куда. Назад, назад! Убьет!

Баласын колуна көтөргөн бойдон Сейде туура Ысмайылды көздөй кетип бара жатыптыр. Ал эчтекеден сезбегендей бет алдын тайманбай түз тиктейт. Бул учурда анын таштан чапкандай бир калыпта мостойгон кара тору жүзүнө кандайдыр ичтеги зор күч, өкүмдүү адилеттик сезилип жатты. Анын каар менен муң-зарга толгон көзү Ысмайылды: «Чык бери! Кел, алдыма!» – дегенсип тиктейт. Сейде ар бир кадам илгери баскан сайын, шашып калган солдаттар эмне кыларын билбей:

– Эй, назад! Вернись сейчас! Вернись! – дейт.

Бирок Сейде кылчайып койбостон, камышта жаткан Ысмайылга салмактуу басык менен жакындай берди.

Тоо ичи демин тартып, тыптынч. Оозун басып, таштарга селее жармашкан солдаттар да, бери жакта туруууга умтулгандай, жалгыз колу менен жер чапчып, жүз төмөнүнөн жыгылган Мырзакул да, сур мөңгүлөрдү кабагына түшүрө асмандан бүркөлгөн зоокалар да, айлана дүйнөнүн баары бул учурда үн чыгарбай, ок качан атылар экен, бала көтөргөн аял качан жалп этер экен дегендей, коркунучту күтүүдө. Жок мындай болууга мүмкүн эмес! Ана, камыштарды шуудурата келип, Сейдени: «Кайт, артыңа кайт!» дегендей бет алдына шамал уруп, жоолугун учурду. Аял аны билген жок. Ал азыр өлүмдү көздөй эмес, адамдын бийик касиети, адилеттиги үчүн баласын керилген көкүрөгүнө кысып, башын өйдө көтөрүп, кетип бара жатты.

– Стой! – деп солдаттын бири чыдай албай кыйкырып, ордунан тура калды. Ал умтулуп аялдын артынан жүгүрөйүн дедиби, бирок аңгыча болбой, нары камыштын арасынан боз шинели алама-жулама, бети-башын са-

кал баскан киши секирип чыгып, мылтыгын кош колдоп өйдө көтөрүп, аялга калчылдап жүткүндү. Бетинен киргилт тер куюлган, капкара, түнөргөн Ысмайыл Сейдеге жакындап, бетме-бет келгенде, көзү алачакмактанып, мурунку Сейде эмес, кандайдыр башка, кандайдыр өзүнүн укмуштуу күчүн, өз артыкчылыгын, адалдыгын билип жалтанып койбостон, баласын көтөрүп, чачы боз-ала жылаң баш аялдын маңкайып турганын көрдү. Сейде анын көзүнө бийик жерде тургандай көрүнүп, ал өзү анын жанында кирбийгенсип, башын ийнине катып бир нерсе айтайын деп оозун чала ачкан бойдон, Сейденин аралашкан көзүн бир карап, мылтыгын тээ тигиндей ташка жанчып ыргытты да, колун көтөрүп, мылтыгын сундуруп келе жаткан солдаттарга корголоду.

**чочуу** – боязнь, пугливость
**черт** – стучи
**туюктап** – загородив
**таянуу** – опирание
**дүйнөдөн** – с этого света
**жетим** – сирота
**каңырсып** – неприятный запах
**киркиреди** – хрипел
**ирең-бараң** – предрассветная темнота
**тигилет, карайт** – смотрит
**үшкүрүк** – тяжёлый вздох
**жүзү кара** – мерзавец

1. Тотойдун ую Ысмайыл колдуу болуп жоголгонун билгенде, Сейде кандай абалда калды?
2. Ысмайылдын жеке мүдөөсүн, өзүмчүлдүгүн эмнеден улам байкоого болот?
3. Сейде менен Ысмайылдын элдешпес кагылышы эмнеден улам болду? Сейденин чачы эмне үчүн бир түндө агарып кетти?
4. Сейдеге үңкүрдө жаткан Ысмайылга бетме-бет чыгып анын бетин ачууга кандай күч түрткү берди?
5. Бүгүнкү күндө Мекенин коргогон, ага чыккынчылык кылган адамдар барбы?
6. Андай адамдарга кандай баа берсек болот? Өз оюнарды айткыла.

1. Сүйлөмдөрдү толуктап жазыңыз.
   ***Түн жамынган Сейде ....... барат.***
   ***Кошунанын уюн ..... уурдайт.***
   ***Сейде ..... бетме-бет чыгат.***
2. Эгерде **Ысмайыл** терс кылык-жоруктарды жасабаса, келечектеги алардын жашоосун кандай элестетет элеңиз? Сүрөт аркылуу көрсөтүңүз.
3. «Бетме-бет» повестиндеги **оң** жана **терс** каармандарды бөлүп жазыңыз.

# КОШУМЧА ОКУУ ҮЧҮН МАТЕРИАЛДАР

## Салт ырлары

Кыргыз элдик оозеки чыгармаларынын ичинен үрп-адат, салт ырлары кеңири орунду ээлейт. Мындай ырларга кошоктор (киши өлгөндөгү, кыз узаткандагы), керээз, арман, бешик, оюн ырлары кирет.

Үрп-адат ырларынын кээ бир түрлөрү ушул күнгө чейин эл арасында кеңири сакталып келе жатат.

## Кошоктор

Кошоктор адегенде адам өлгөндө ырдалган, айтуучунун ички кайгысын, өкүнүүсүн, күйүтүн чагылдырган.

**Кошоктор:** киши өлгөндө кошулуучу жана кыз узатууда кошулуучу кошоктор болуп экиге бөлүнөт.

Киши өлгөндөгү кошокторго «Карагул ботом», «Устанын аялынын кошогу», «Күлбөскандын кошогу», «Мергенчинин аялынын кошогу» ж. б. кирет.

### Устанын аялынын кошогу

Балкасы менен зер чапкан,
Бармагы менен мал тапкан.
Кычкачын кармап, зер чапкан,
Кызматы менен мал тапкан.
Көөрүгүн күндө өкүрткөн,
Көмүрүн сактап, бекиткен.
Баянын айтам бир канча,
Балкасын койбой секирткен.

Асылым уста, арстаным,
Бактыма кудай жазганым.
Балаңа калды мүлк болуп,
Болоттон соккон барсканың.
Дөөшүң калды темирден,
Көз ачык өттүң өмүрдөн.
Чың темирди балкытып,

**балка** – молоток
**кычкач** – кузнечные плоскогубцы
**зер** – золото
**көөрүк** – кузнечный мех
**баян** – рассказ, повествование
**уста** – мастер
**мүлк** – имущество
**барскан** – кузнечный молот
**дөшү** – наковальня

Өнөрүң ашты көмүрдөн.
Жалпы журт пайда көрсүн деп,
Жасадың таштан тегирмен. **тегирмен** – мельница
Туйгунум – устам барында,
Тууганы нанга кенелген.
Көзү ачык сенин балдарың,
Көтөрүп нанды кемирген.
Жайдарым, сендей табылбайт,
Жалпы бир элет элинден.
Суй салып ойноп жүрчү элем,
Сымбатым артып келинден.
Каз элечек мен элем, **каз элечек** – тюрбан больших размеров
Тойгузган эрим сен элең.
Каз элечек жыйналды,
Кара бет какшап ыйлады.
Торко элечек жыйналды.
Кадимки кадыр сый калды.
Арманын айтып кара бет. **кара бет** – несчастная
Азабың тартып кыйналды.
Кара бет менин үстүмдө,
Калдайган калың чыр калды.

Береним, уста өлгөн соң, **берен** – богатырь, молодец
Беш бармак тийди бетиме. **беш бармак** – пять пальцев
Жүдөп-какап, кор болуп, **кор болуу** – унижаться
Жүрөмүн калктын четинде.
Өзүңдөн калган үч балаң,
Эсен жүрсө, эр жетер,
Эр жеткенче, эс кетер.
Эсине албай дос кетер,
Карыптык башка келгенде, **карып** – обездоленный, бедняк
Кайгы менен күн кечер.
Эмгек кылсак эринбей,
Эптеп-септеп күн өтөр.

1. Уста кандай иштечү экен?
2. Ал өлгөндөн кийин баласына эмнелер калыптыр?
3. Балдары, туугандары кандай жашаптыр?
4. Аялы эмне деп кайгырып жатат?

1. Бүгүнкү күндөгү усталардын эмгектери жөнүндө сүйлөп бериңиз.
М.: **(Куруучулар, ..., ....., .....).**
**(Куруучулар бүгүнкү күнү көп кабаттуу үйлөрдү куруп жатышат).**
2. Жогоруда аталган усталардын колдонгон эмгек шаймандарын (куралдарын) атап бериңиз же сүрөт аркылуу көрсөтүңүз.



# Кыз узатуу

*(Жеңесинин коштошкон кошогу)*

Аркадагы көк конуш, **конуш** – место расположения села
Алты ыстарчын бир болуш, **ыстарчын** – аулный старшина
Атакең тапкан жай конуш.
Жай конушка конуп ал,
Кызыке,
Жайдары келин болуп ал! **келин** – невеста, сноха
Желкедеги бир конуш,
Жети ыстарчын бир болуш, **болуш** – волость *(ист.)*
Энекең тапкан жай конуш.
Жай конушка конуп ал,
Кызыке,
Жайдары келин болуп ал! **жайдары** – веселый, сердечный
Сары атка тумар тагып ал, **тумар** – амулет, талисман
Кудагый,
Салкын жерге багып ал!
Салкын жерге бакпасаң,
Санатылуу малыңды ал!
Көк атка тумар тагып ал,
Көлөкө жерге багып ал!
Көлөкө жерге бакпасаң,
Көпкө түшкөн малыңды ал!
Бийкеч жан,
Көгөргөн тоонун чокусу,
Көккө бир жакын көрүнөт.
Жат элге кетип барам деп,
Кызыке,
Көңүлүң жаман бөлүнөт. **көңүл** – настроение
Жай кийгениң мүлк эле, **бөлүнөт** – делиться
Кыш кийгениң түлкү эле.
Отурган жериң, кыз бийкем,
Оюн менен күлкү эле.
Оюн, күлкү тыйылар,
Кожо, молдо жыйылар.
Кокустан нике кыйылар. **нике кыюу** – сочетаться браком
А тоонун башы көбүргөн, **көбүргөн** – пениться
Бу тоонун башы көбүргөн,
Бийкеч жан,
Ата-энеден бөлүнгөн.
Тескейден аккан булак бол,
Бийкеч жан,
Теңтушуң менен ынак бол! **ынак бол** – будь близким человеком
Күңгөйдөн аккан булак бол,
Күйөөң менен ынак бол!

1. Кызга күйөөнү ким таалтыр?
2. Кыз кандай жашоодо жашаптыр?
3. Жеңеси кандай кеңештерди берди?

1. Башка улуттагы элдердин кыз узатуу салты жөнүндө жазыңыз.
2. Турмушка чыгып жаткан кыргыздын кыздарынын кийген киймин сүрөттөп бериңиз (Байыркы заманда, бүгүнкү күндө.).

## Арман ырлары

Теңсиз турмуштун айынан жаралган кайгы-муңдуу чыгармалар, арман ырларын түзөт. Арман ырлары өзүнүн тематикасы, мазмуну жагынан ар түрдүү: «Жокчулуктун арманы», «Карылыктын арманы», «Койчунун арманы», «Кыздын арманы», «Сокурдун арманы» ж. б.

■ **арман** – печаль

### «Жокчулуктун арманы»

Беш айчыктуу кызыл тон,
Кийгизбедиң жокчулук.
Безелентип боз жорго,
Мингизбедиң жокчулук.
Алты айчыктуу кызыл тон,
Кийгизбедиң жокчулук.
Алчаңдатып боз жорго,
Миңгизбедиң жокчулук.
Карагандуу кайкы жол,
Кондурбадың жокчулук.
Каршы алдымдан сен чыгып,
Оңдурбадың жокчулук.
Бетегелүү сары жон,
Кондурбадың жокчулук.
Бет алдымдан сен чыгып,
Оңдурбадың жокчулук…

**беш айчыктуу** – узоры в виде полумесяца
**жокчулук** – нищета
**боз жорго** – иноходец
**карагандуу** – покрытый, заросший караганником
**кайкы жол** – небольшая впадина между гор
**кондурбадың** – *(здесь)* не дал возможности найти свое место в жизни
**оңдурбадың** – *(здесь)* не дал возможности быть лучшим

1. Жокчулук деген эмне?
2. Кандай адамдар жокчулукка туш болот?
3. Алар эмнеге арман кылат?

1. Төмөнкү сөздөрдүн антонимдерин жазыңыз:
Жок X
Жокчулук X
Бай X
Кайгы X
2. Ырды жаттаңыз.



### Төркүнүнө жетпеген кыздын арманы

Суурулсун тулпар туягы,
Курусун кыздын ыраагы.
Ак түйүнчөк түйгөндөй,
Данакер бекен кыз байкуш?
Ат жеткис жерге бергидей,
Күнөөкөр бекен кыз байкуш?
Көк түйүнчөк түйгөндөй,
Данакер бекен кыз байкуш?
Көз көргүс алыс бергидей.
Күнөөкөр бекен кыз байкуш?
Тобурчак аттын токтугу,
Тозоктуу көлдүн окчуну,
Төркүнүм көлдө, мен мында,
Ичимде толгон көп муң да.
Тобурчак аттын туягы,
Тозоктуу көлдүн ыраагы.
Куркулдайдын уясы,
Кургак да бекен, суу бекен?
Куруп калган бир тууган,
Оору да бекен, соо бекен?
Ашуунун бели ак кезең,
Кара да бекен, кар бекен?
Кайрыларым бир тууган,
Аман-эсен бар бекен?

**тулпар** – скакун,
**туяк** – копыто
**ыраак** – далеко
**түйүнчөк** – узелок, связочка
**данакер** – примиритель
**көз көргүс жер** – земля, далекое место
**күнөөкөр** – виноватый, преступник
**окчун** – находящийся поодаль
**муң** – печаль, тоска
**тозок** – мучение

1. Кыз эмнеге арман кылат?
2. Анын төркүнү кайсы жерде экен?
3. Ал эмнелерди билгиси келет?

1. Кашаанын ичине берилген сөздөрдү пайдаланып, төмөнкү сүйлөмдөрдү толуктап жазыңыз (*тулпар, аман-эсен, төркүн, түйүнчөк, тобурчак, күнөөкөр).*
**Кызды алыска бергидей ал …….. беле.**
**Бир тууганы …….. бекен.**
**Ак…….. түйгөндөй, данакер бекен кыз байкуш.**

### Койчунун арманы

Койчу болдум башынан,
Кордукту тарттым жашымдан.
Кошомат кылып кой бактым,
Курсагымдын ачынан.
Чокоюм буттан суурулуп,
Чор болду таман туурулуп.
Чой-чойлоп жүрүп өлөмбү,
Чокудан бир күн буулугуп?

**койчу** – пастух
**кордук** – позор, унижение
**кошомат** – подхалимство, лицемерие
**чор болуп** – мозолистая подошва
**чоку** – вершина горы

Чарыгым буттан суурулуп,
Чарчадым таман туурулуп.
Чой-чойлоп жүрүп өлөмбү,
Чокудан бир күн буулугуп?
Эшикке жатсам, эчки капыр тебелейт,
Үйгө жатсам, байбиче капыр жемелейт.
Тезек тер деп кап берет,
Үйгө кирсем, көсөө менен тап берет.
Эшикке жатсам курушуп,
Кой, эчки менен урушуп.
Каржалсам билчү киши жок,
Ачка жатсам тырышып.
Кара өгүз минсем камчым жок,
Үйгө келсем, тынчым жок.
Муңканып зарлап ыйласам,
Арманым угар киши жок.

**чарык** – чарыки, обувь из сыромятной кожи
**буулугуп** – едва сдерживает слезы
**тебелөө** – топать, задавить
**жемелөө** – упрекать
**тап берүү** – набрасываться замахиваться,
**курушуп** – сжиматься, стягиваться
**каржалуу** – обессилевать, изнуряться
**өгүз** – вол, бык
**камчы** – кнут
**муңкануу** – печалиться, горевать

1. Койчу кандай кыйынчылыктарды көрүптүр?
2. Койлорду кайсы жерге жаят?
3. Ал кайда жатат?
4. Курсагы токпу же ачкабы?

1. Төмөнкү сүйлөмдөргө сөздөрдү туура коюңуз:
**Койчу ….. койлорду жайып жүрөт.**
**Бутундагы ……… суу болду.**
**Үйүнө келсе ……. жок.**
*(тоодо, тынчтык, бут кийими)*
2. Ыр боюнча түшүнгөнүңүздү сүйлөп бериниз.

## «Манас» эпосу.
## «Манас» эпосундагы Манастын ата-теги, төрөлүшү

Манастын ата-теги Байгурдан башталат. Байгурдан Бабур, Бабурдан Төбөй, Төбөйдөн Көгөй, Көгөйдөн Ногойхан, Ногойхандан Жакып, Жакыптан Манас. Манастын чоң атасы Ногойхан Чыңгызхандын жээни. Ногой Чыңгызхандын кызынын уулу. Ногойхан он төрт жашында миң башы болот. Кырк жыл мамлекетке көзөмөлдөө жүргүзөт. 1286–1306-жылдардын аякы жыйырма жылдын ичинде Алтын Ордодо бийлик үчүн үзгүлтүксүз күрөштө 25 хан алмашат. Бийликке Чыңгызхандын эң кичүү уулу Токтокаган келет. Ал бүт 25 хандын өлүмүндө Ногойхан күнөөлүү экенин айтып ага согуш жарыялайт.

Токтокаган менен болгон согушта Ногой жеңилип 17 аскери менен качат. Ошол убакта Ногой 80 жашта эле. 1306-жылы Ногой өлөт. Алтын Ордодо ал 60 жылдан ашык жашаган. Анын достору, үй-бүлөсү, дайыма аны менен чогуу болчу. Токтокаган анын үй-бүлөсүн Алтын Ордодон кууп жиберет. Ногойдун балдары – Жакып, Бай, Орозду, Үсөн (Көзкаман) Чыңгызхан империясынын ар кайсы аймактарына айдалат. 16 жашка чыккан Жакып Манастын атасы Алтайга айдалат. Жакып Алтайдан Чаянхандын кызы Бакдөөлөттү алат. Кайнатасынын жардамы менен аябай бай киши болот. Анын 48 миң аты болгон. Бирок көп жылдар бою баласы жок болгон. Болжол менен 1346-жылы 56 жашында уулдуу болот. Манасты Жакыптын улуу аялы Чыйырды төрөйт.

(Чыныгы аты – Шакен).

Манас курсактан түшкөндө үнү 30 кишиникиндей болуп, уучуна кан чеңгелдеп түшөт. Оозантканда бир карын майды жеп коёт. Жакыпка Акбалта сүйүнчүлөп барганда, ал жалдуу кула бээни туудуруп, Аккула кулунду кармап отурган экен. Бул кулун кийин, Манаска ат болуп калат.

**ата тек** – предки
**туугандык** – родственные
**жээн** – племянник
**миң башы** – тысячник
**көзөмөлдөө** – надзор
**бийлик** – власть
**үзгүлтүксүз** – непрерывные
**кайната** – тесть
**болжол менен** – примерно
**уучуна** – в руках (горсть крови)
**оозантканда** – дать отведать

## Манастын туула элегиндеги бабалары
*(С. Каралаевдин варианты боюнча)*

Түп атасы түгөл кан,
Түбүнөн кыдыр даарыган.
Башкы атасы баары кан,
Башынан кыдыр даарыган.
Түнөп өткөн жерине,
Түптүү мазар орногон,
Басып өткөн жерине,
Базарлуу калаа орногон.
Түп атасы Бабурхан,
Бабурхандан Төбөйхан.
Төбөйхандан Көгөйхан,
Көгөйхандан Ногойхан.
Ногойхандан Жакыпхан,
Кыргыздан тарап туулган.
Мунун кайратынан жан чыгып,
Кытайга салган чуулган.
Кайраттуу, мыктуу, заары күч,
Буда катылганды кылган түз.
Каракан ээлеп турганда,
Мейманкана беш сарай,

**түгөл** – все
**кыдыр даарыган** – счастливый удачливый
**мазар** – святое дерево
**калаа** – столица
**орногон** – образовалось

Берендин жайын сураба,
Мунун белгилүүсү бир далай,
Билеги жоон таш жүрөк,
Каракан болуп аталып,
Ал дагы бир мүчөлүү бадирек,
Айзакердек артык эр,
А дагы казылганды кылган түз.
Айбаты бийик заары күч,
А дагы ааламга чыр салган,
Ал Каракан өлгөндө,
Кайра келбес чын жайды,
Ошол киши көргөндө,
Аргын менен кыргыздын,
Кереге-уугун кыйратып, **кыйратуу** – разрушать, разгромить
Кытайдын Молто кан чыгып,
Келин-кызын ыйлатып,
Кытайдын Молто кан чыгып,
Кылымга татып чатагы,
Алөөкө деген да чыгып,
Балбандарын шайлашып,
Балбанын мыктуу камдашып.
Аргын, кыргыз аралаш,
Өзөн бойлой конгондо,
Каяшаакка жан калбай, **каяшаакка** – огрызаться, грубо возражать
Каяша айтып коюуга,
Калың журттан ал калбай.
Кытайлардын Молто кан,
Калайманды баштады, **калайман** – переполох
Каяшаак бергенди,
Койбой кырып таштады.
Алымын артык жороду,
Кайра айтып койгонду,
Кызыл канга боёду,
Кылча жанды койбоду,
Кайратланып алганда,
Калың кыргыз аргындын, **аргын** – *перен.* гибрид, метис
Каны суудай ташыды,
Каракан түшүп эсине,
Калың журттар жашыды.
Кара калмак манжуу журт,
Каарын салып узду алды.
Олжо кылып оңбогур,
Беш көкүлдүү кызды алды.
Талдын баарын сулатты,
Тамдын баарын кулатты,
Такыр чаап алды эми,
Акыр татыр заманды, **акыр татыр заман** – конец света



Журт башына салды эми.
Түтүнгө аламан салганы, **аламан салуу** – сделать набег
Тутанып кеткен бул доңуз.
Такыр жыйып алганы,
«Ал Каракан, өлбө – деп,
Бул өңдөнгөн кордукту, **кордук** – позор, унижение
Мендесине бербе!» – деп, **мендесине** – не дай бог беззащитному человеку
Калайыктын баары ыйлап,
Карып калган чал ыйлап,
Эртең тартып алат» – деп
Ойноо – өспүрүм кыз ыйлап,
Ай, Каракан өлбө» – деп
Бул өңдөнгөн кордукту,
Мендесине бербе» – деп,
Ал Каракан өтүптүр.
Кан талоосу бек азап,
Кандан калган кыргызды,
Камчыга ченеп бөлүптүр,
Молто менен Алөөкө,
Арага мыктап алыптыр,
Азапты бекем салыптыр,
Алы жок, алсыз кыргызга,
Түтүнгө асый салыптыр. **асый** – по пятому году, т. е. уже взрослый – о лошадях
Түгөнүп кеткен ал чочко,
Такыр жыйып алыптыр.
Аргын менен кыргыздын,
Жаккан отун өчүрүп,
Жабылта баарын көчүрүп,
Ал Каракан өлүптүр.
Каяша берген киши жок,
Аргын менен кыргызды,
Астын бапан айдаптыр. **бапан айдатып** – угнать куда-то далеко
Алсыратып ал журтту,
Түк койбой баарын жайлаптыр.
Каарланган капырга,
Же кармап берер мал калбай,
Же каяша айтар жан калбай,
Тополоңу тоз болуп,
Токтобой качып кайран журт,
Капаланып кайгырып,
Калк айласын табуучу,
Каракандан айрылып.
Айласын таппай быркырап,
Кан өлгөндө эки кан,
Кайратты мыктап салыптыр.
Кара кылбай калың журт,
Капкайда тентип алыптыр. **капкайда** – где, куда

Алымына чыдабай,
Бирөө тентип Алтайга,
Бирөө тентип Каңгайга,
Бирөө тентип Урумга,
Бирөө тентип Кырымга,
Элсиз эркин жер калып,
Каны жок каңгып эл калып,
Каракандын катыны,
Кара кийип тул калып.
Каракандын өзүнөн,
Казына толгон бул калып.
Каракандын сегиз уул,
Мунун баары жаштоо тегиз уул.
Бул Каракан өлгөндө,
Боортокто баары жаш калып.
Болбогон баары мас калып,
Атасы өлүп жаш калып,
Ошо Каракандын сегиз уул
Кээси жалкы кээси эгиз,
Мунун эрдиги журтка эңтегиз.
Калайыктын баарысы,
«Жетим балдар чоңойсо,
Мунун бир пайдасы тиер» – деп,
Тилек кылып жүрүүчү.
Атасы Каракан эле,
Каракандын сегиз уул бар эле,
Аман жүрүп чоңойсо,
Ажыратып кыргызды ала турган бала эле.
Балдардын эрени Жакып, Улак кан,
Кыр жагынан чалдырып,
Казына менен калың эл,
Дүйнөсүн талап алыптыр,
Муну менен ал балдар,
Талаада боздоп калыптыр.

**алым** – дань
**чыдабай** – нетерпеть, невыносить
**тентип** – бродить, бродяжить
**каңгып** – блуждать, не имея приюта
**тул калуу** – стать вдовой
**бул – пул** – деньги
**тегиз** – ровный
**боортокто** – *здесь,* были грудными, маленькими
**жалкы** – единственный, один
**эгиз** – близнецы, двойня
**эрен** – сильный, мужественный
**талап алуу** – разграбить, напасть
**боздоо** – горько плакать

## Манастын төрөлүшү

Акбалта айтып мындай кеп,
Бай Жакыпка мындай деп:
«Бай Жакып балам, сүйүнчү!
Бүгүн сенин багыңа.
Ач арслан шер келди.
Кайгырсак колго тийбеген,
Кабылан султан эр келди.
Чыдап адам калбады,
Колуна кош колдоп заар кармады,

**сүйүнчү** – сообщение радостной вести
**сенин багыңа** – к твоему счастью
**ач арслан** – голодный лев
**кайгырсак** – когда мы опечаленные
**заар** – отрава, яд, гнев, ярость, жестокость



Курсакта жатып бакырды,
Мунуң «Манастап» ураан чакырды.
Манасыңды туугандa.
Тамaны менен тик тууду.
Оң колуна кара кан,
Кармай түштү кан Манас.
Баркырап бала түшкөндө,
Түшкөн жерден чаң чыкты.
Ыйлаганда балага,
Жүрөк туйлап жан чыкты.
Көрбөгөндү көрүптүр,
Бала эмес бир желмогуз экен – деп,
Тогуз кемпир бечара,
Жүрөгү түшүп өлүптүр.
Көргөндүн көөнү бөлүндү,
Арт жагында балаңдын,
Кара көк жал жалы көрүндү.
Манасың жерге түшкөндө,
Нур төгүлүп тоюнду.
Кара көк жал кабылан,
Аты «Манас» болсун – деп,
Балаңдын аты коюлду.
Катындар ороп аларда,
Бу белгиси дагы бар.
Кара чаар кабылан,
Капталында чамынды,
Ал ымыркай баланы,
Ары-бери үч аттап,
Караса көзгө илинбей,
Кайда экени билинбей,
Кайып болуп жоголду.
Көсөө куйрук көк арслан,
Оң жагынан чамынды.
Арсланды көргөндө,
«Кандай шумдук болду?» – деп,
Катын качты чуркурап,
Калайыктын баарысы,
Түп көтөрө зыркырап,
Туулган бала Манастын,
Оң ийинден бир жыттап,
Сол ийинден бир жыттап,
Күр-күр этип толгонуп,
Берен менен арслан,
Кошо жатты комдонуп.
Бир карасаң баладай,
Бир карасаң сур жолборс,
Аман жүрүп чоңойсо,

**курсакта жатып бакырды** – закричал в утробе
**ураан** – призыв, лозунг
**тамaны менен тик тууду** – родила стоящего на ногах

Беттешкен адам аман түк болбос.
Чекеси жерге жеткени,
Асмандан кудайдын нуру чачылып,
Зилзала жүрүп кеткени,
Төрөгөн Манас уулуңуз.
Кудайдын сүйгөн кулу экен,
Ар мүчөсүн карасаң.
Токсон миң жандык уул экен,
Аман жүрүп чоңойсо,
Эрешен тартып эр болот,
Кара көк жал кабылан,
Каары толук шер болот.
Жүргөнү күйгөн чок болот,
Атары болот ок болот,
Аты Манас коюлду.
Ааламда жок болот.
Аты Манас шер ошол,
Айдалып келдик алыстан,
Тууганыбыз кыргызды
Таап берүүчү эр ошол,
Муңунду чечер эр ошол,
Бизди муңкантпай кетчү эр ошол.
Өзү Алтайда туулду,
Билсең кадыр түн келди.
Ойлоп көрсөң Жакып кан,
Бизге бир жакшылык тиер күн келди.
Мурун каалasaң сизге туш келди,
Бүгүн сенин түшүңө туушар иш келди.
Жакып бай кабыл келди көргөн түш,
Эркек төрөп Чыйырды,
Аты Манас коюлду.

1. Манастын ата-теги кимдин ата-теги менен байланышат жана эмне аркылуу?
2. Манастын ата-теги кимден башталат, аларды атап бер. Чоң атасы Ногой ким экендигин айтып бер.
3. Манастын атасы ким? Ал жөнүндө эмне билесиң?
4. Манас кантип төрөлөт?

1. Сөздөрдү колдонуп сүйлөм түз: *ата тек, жээн, миң башы, бийлик.*
2. Сөздөрдүн синонимин жана антонимин тап.
   *Калаа //*     *Калаа* **x**
   *Кыдыр дарыган //*     *Кыдыр дарыган* **x**
3. *Ногой* деген сөзгө синквейн түз.

# Манастын бала чагы алгачкы эрдиктери

Баланын бешик тою өткөрүлүп, келген эл атын – Ашырбек койду. Миндибай токойдон көргөн баланын аты – Манас болчу деди. Эл анын айтканын туура көрүп Ашырбек – Манас болсун дешти.

Сегизге жашы келгенде тентектиги ашынган Манасты атасы кагылып-согулуп эс кирсин деп койчусу Ошпурга кой кайтарууга берди. Ошпурдун коюн талаага союп, ар нерселерди сурап, бербей койгондо, койду тартып алып, тентек кылат. Ошпур Жакыпка даттанат. Манас үйүнө кайтат. Жолдон калмактарга жолугушат. Жакыпка кол салып, сабап киришет. Атасына болушкан Манас, алардын башчысы Кортукту укурук менен башка чаап өлтүрөт. Кортуктун баласы Шакум Манаска жардам берип, чогуу алтайлык калмактарды талкалап куул чыгышат. Ошентип Манас 15ке толот. Манас жолдоштору менен сүйлөшүп салбырынга чыкмак болот. Салбырында жүргөндө, Манас төрө болуп шайланат. Балдар чоролору болуп калат.

**бешик той** – торжество на 5–6 день рождения ребенка
**тентектиги ашынган** – ещё больше стало озорства
**кагылып-согулуп** – набраться ума остепениться
**даттанат** – пожалуется
**кол салып** – нападут
**болушкан** – заступившийся
**укурук менен** – укрюк, укрючина (жердь с арканом)
**кууп чыгышат** – изгонят
**төрө** – председатель, господин
**шайланат** – избирается
**салбырын** – охота

1. Баатырдын атын кантип коюшту?
2. Эмне үчүн Манас Ошпурдун коюн кайтарып калат?
3. Манас кандай эрдик жасайт?

1. Сүйлөмдөрдү толукта.
   *Баланын* ...... ...... , *эл анын атын Ашырбек койду.*
   *Сегизге жашы келгенде* ........ ....... *бала болду.*
   *Корукту* ....... ....... *башка чаап өлтүрүү.*
2. *Ошпур – деген сөзгө синквейн түз.*

# Манастын бала чагы

Мына ошондо эр Манас,
Күндөн-күндөн күн өттү,
Күн мезгили да жетти.
Жетиге келди зор Манас.
Мунун коюлган аты Чоң Жинди.

**зор** – великий, храбрый
**көк жал** – сильный, бесстрашный (эп.



волка)

Кара көк жал султандын,
Шер экенин ким билди.

**шер** – лев (*эп.* богатыря)

Сегизге чыгып серпилип,

**серпилип** – рвануло

Оң жол менен жүрбөдү.
Адам айткан сөз болсо,
Муну кулагына илбеди.

**кулагына илбеди** – не слышал

Айтса адамдын сөзүн билбеди.
Бешке чыга келгиче,
Берениң Манас баспады.

**берениң** – сильный, могучий, богатырь, герой

Чакырган аты Чоң Жинди,
Мунун чын Манас атын ким билди?
Жети жаштан сегиз жаш,
Бала чыгып келгенде,
Күйүп турган чок болду.

**чок** – горящие угли, (*здесь.* сумашедший)

Кырк үйлүү кыргыз ичинде,
Мындай тентек жок болду.

**тентек** – драчун, озорной

Балдар менен ойноду,
Ойногондо ал берен,
Ойногонду койбоду.

**ойногонду койбоду** – игроку не сдобровать

Ойноп берген балдардан,
Эген балдар сойлоду.
Каары келип кармаса,
Чыңырып балдар чыркырайт.
Чындап кармап жиберсе,
Талкан болуп быркырайт,
Бир күнү Манас Кабылан,
Оолугуп токтобой,
Кырк үйлүүдөн кырк бала,
Кыйбатын жыйып алыптыр.
Чоң Алтайдын талаасына,
Чогулуп оюн салыптыр.
Бул кырк үйлүү кыргыз балдары,
Кыйындан ойноп алыптыр.
Кыраан Манас ичинде,
Кымбаттан оюн салыптыр,
Кара калмак манжуудан,
Он беш менен он алты,
Экөөнүн орто жеринен,
Сексен бала барыптыр.

## Кыргыздардын көчүшү. Кыргыз элинин биригиши

«Манас» эпосунун экинчи бөлүгүндө Манас он бешке келгенде Алтайда жашаган кыргыздар чогулуп, кытайдан, калмактан коргонуу жөнүндө

кеңеш курушат. Алтайда турган кыргыздар жүз миң экен. Манасты кан көтөрүшөт. Андан кийин Манас күчтүү кол уюштуруп, калмактын каны Жолойду жеңет.

Акбалта Манаска Ала-Тоого барып, элди көрүп, Кошой Дөөгө кезигип, кеңешин угуп, келгин деген сөзүн айтат. Манас кырк жигитин алып Ала-Тоону көрүүгө бет алат. Каркыраны басып жердин малга жайлуу, элге токчулук бере турган, жер экендигин байкайт. Ысык-Көлдү жер соорусу турбайбы – деп аябай суктанат. Чеч-Төбө – Ата жерине келгенде Кутунай – кароолчу Кошойго келип: «Оргуп чыккан чаң көрдүм, орою суук жан көрдүм», – деп Манастын келишин кабарлайт. Кошой Манастын келишине той өткөрөт. Манас менен Кошой сырдашып, Эсенкандын Алоокенин кылыктарын эстешип, алты айдан кийин Манасты тосуп чыгарын эскертип, убаданы бекитишет. Манас Алтайга келип, кыргыз элин жыйнап той өткөрөт. Мына ошондо элге кайрылып, Ала-Тоого көчүү жөнүндөгү оюн ортого салат.

Манас колу менен кыргыз айлына келип, алар менен аралашып калат. Колдун аркасынан Алтайда калган кыргыздар да көчүп келишет. Ошондо Кошой Манаска кайрылып, алдыда толуп жаткан кармашуулар бар экенин айтат. Алооке хан тынч жатып албайт, ал бир шумдукту баштайт. Ошон үчүн ар дайым камдуу бололу, бири-бирибизге кабар берип туралы деген ойду билдирет. Манаска Таласка барып, Кең-Колдун оозунан орун алгын дейт.

**коргонуу** – защититься
**кеңеш** – совет
**кан көтөрүшөт** – избирают хана, предоставляют трон хана
**кол уюштуруп** – создавать войско, армию
**бет алат** – держит путь, собирается
**токчулук** – сытно
**байкайт** – наблюдает
**суктанат** – любуется, удивляется
**соорусу** – благодатная земля
**орою, түрү** – вид
**той** – торжество

1. Манас эпосунун канчанчы бөлүгүндө кыргыздар кеңеш курат? Ал кеңеш эмне жөнүндө?
2. Ала-Тоого баруу жөнүндө Манаска ким айтат? Манас Акбалтанын сөзүн кантип аткарат?
3. Манас Алтайга кайтып келип эмне кылат? Ала-Тоонун кайсы жеринен жай алат?

1. Кош чекиттин ордуна тиешелүү сөздөрдү жаз.
*Кыргыздар калмактан ............ жөнүндө кеңеш курушат. Манас .................. калмактын канын жеңет. Манас Ала-Тоону көрүүгө .............*
2. *Ысык-Көл* – деген сөзгө синквейн түз (текстке байланыштуу).
3. Ала-Тоодогу Кошойдун Манаска кайрылуусуна кандай макалдар ылайыктуу (эки-үч мисал келтир).

# Манастын Таласка көчүп келиши

Ак болотко айзаны,
Аштай чыгып дөө болуп,
Кырк үйлүү, кыргыз аз элге,
Кабылан Манас ээ болуп.
Кырк уруу кытай, манжууга,
Кыр жагынан чалдырбай,
Кыжылдаган кытайга,
Кыл эмесин алдырбай.
Алым тургай аш бербей,
Кырк уруу кытай көп элге,
Кыраан Манас ошондо,
Көчтү (буга), баш бербей,
Кордуктагы кыргыздын,
Ошо кыргыз айынан,
Кыжылдаган кытайга,
Кыргызды кыйла салыптыр.
Он экиге келгенде,
Ордо бузуп ок атып,
Ордолуу журтка баш бербей,
Алакандай кыргызды,
Ажыратып алыптыр.
Кырк үйлүү кыргыз көчкөндө,
Жебилгеси жер чийип,
Жетик байып алыптыр.
Аркалуу чыгып, Эр Манас,
Кыргыз үйлүүнү ошондо,
Санаасы менен болтурган,
Сандыгынын баарысын,
Сары алтынга толтурган.
Конулу менен болтурган,
Көмүркөйдүн баарысын,
Көп алтынга толтурган.
Туурдугун май кылган,
Тушукканда кыргызды,
Тура алгысыз бай кылган.
Кырк үйлүү кыргыз дардайып,
Оңуп калган кези экен.
Кундузу кымыз, туну кыз,
Болуп калган кези экен.
Кордуктагы кыргыздын,
Ошо кыргыз айынан,
Кыжылдаган кытайга,
Кыргынды кыйла салыптыр,
Он экиге келгенде,
Ордо бузуп, ок атып,

**ак болот** – белая сталь
**айзаны** – копье
**дөө** – великан
**кабылан** – сильный
**чалдырбай** – не подвергать бедствию, угрозе
**кыжылдаган** – кишеть, быть во множестве
**кыл эмесин** – ни волоска
**көчтү** – перекочевал
**баш бербей** – не подчиняясь
**кыргынды** – резня, бойня
**кордуктагы** – позор, унижение
**ордо** – ханская ставка, ханский дворец
**алакан** – ладонь
**ажыратып** – разлучив
**жебилге** – узорные попоны украшают верховых животных
**санаа** – мысль, дума, намерение
**көмүркө** – небольшой сундучок (из вер. кожи)
**туурдугун** – часть юрты, кашмы (их четыре)
**туну** – старшая (ий)
**кордуктагы** – позор, унижение
**кыргынды** – резня, бойня

Ордолуу журтка баш бербей,
Ээн көчүп жайлашып,
Кысыр эмди тай союп.
Багалак ойноп, даң салып,
Чатыраш ойноп, чаң салып,
Бүтүн кундуз терисин,
Жарты бөлүп алышып,
Кырсыкты кудай чечти деп,
Багелекке салышып,
Кыраан Манас барында,
Кыжылдаган кытайдан,
Кызыл куйрук ар алып,
Кыргыз эмес, ошондо,
Кымбаты Манас барында.
Кылымга жетчү мал алып,
Айдап жүрсө жылкысы,
Адырда жылкы алабаш,
Ал жылкынын ичинде,
Аргымак, буудан аралаш.
Айкөл Манас барында,
Армандын баары чачылып,
Болгон экен малга мас.
Коштоп кийип суусар бөрк,
Ыргап көчкөн кези экен.
Кегин алып калмактан,
Жыргап көчкөн кези экен.
Жакыпта бар сан кара,
Акбалтайда түмөн мал,
Капанын баары чечилип,
Кырсыктын баары кесилип,
Улук чыкты кан Манас.
Капанын баары чечилди,
Кайгынын баары кесилди.
Күйүттүн баары чачылды,
Күптүнүн баары ачылды.
Жаккан отун өчүрүп,
Кырк үйлүүнүн баарысын,
Жайбаракат көчүрүп,
Катагандын кан Кошой,
Караан болгон Манаска,
Дегенине көндү эми.
Сандап-миңдеп Кошойго,
Тийиштүүсүн берди эми.
Торучаар окко учканда,
Сандап-миңдеп көп кытай,
Тегеректеп турганда,
Беттеп Кошой барганда,

**ордолуу** – имеющий много родичей
**кысыр** – телёнок или жеребёнок, сосущие мать
**багалак ойноп** – устраивали борьбу
**кырсыкты** – беда, бедствие
**багелекке** – низ штанины
**кыраан** – ловкий, хваткий
**алабаш** – (о коне) заметный, славный
**аргымак** – породистая, кровная лошадь
**буудан** – скакун
**арман** – заветная мечта
**суусар** – куница
**бөрк** – шапка
**кегин** – месть, злоба
**түмөн** – несметное количество
**капа** – обида
**улук** – начальник, правитель, повелитель
**күйүт** – огорчение; горе
**күптү** – *перен.* печаль



Берен Манас канкорго,
Жолдош болуп калганда,
Каза жеткен өлгөндө,
Кабылан, жолборс Манаска.
Кары Кошой абакең,
Караан болуп бергенде,
Кагыш кылган жандары,
Өлгөнүнөн калганы,
Артык кыйын мыктысы.
Оюу менен болуптур.
Кытайды ойрон кылганда,
Чылбырга колу толуптур.
Кыргынды Манас салганда,
Кытайды кайра сайганда,
Айзакерден ыктуулар,
Абыдан кыйын мыктуулар,
Алты миңден ат алган,
Ала албаган бел боштор,
Алтымыштан ат алган.
Жеткилеңдүү эрендер,
Жекеге чыккан берендер,
Жети миңден ат алган.
Жете албаган топорлор,
Жети жүздөн ат алган.
Бир-бирине олжосун,
Мактанч кылып көрүшүп,
Көп алганы азына,
Соогатты калың беришип.
Митайым ойлоп алышып,
Момундарын залими,
Уурдап алып аттарын,
Өз тамгасын салышып.
Орондошо калышып,
Калысына барышып,
Кызыр чалган эр барда,
Кыйла мүлктү табышып,
Бөөт-бөөт бел менен,
Көчүп жүргөн кези экен,
Бөлүнүп чыккан тер менен.
Агала желек, кызыл туу,
Ыргап көчүп келатат.
Башчы болуп, кан Манас,
Баары чери жазылып,
Жыргап көчүп келатат!
Каалаганы Ала-Тоо,
Көйнөгүн чечип жууган жер,
Ата-баба кеткен жер,

**олжосун** – добыча, трофей
**мактанч** – хвастовство, похвальба
**соогатты** – подарок из военной или охотничей добычи
**митайым** – мошенник, жулик, пройдоха
**момун** – воздержанный, скромный, смирный
**орондошо** – огрызавши
**калыс** – справедливый
**бөөт-бөөт** – отдельные горные перевалы
**чери жазылып** – разогнать тоску

Малы жайнап өскөн жер,
Чыңырып эне тууган жер,
Киндик канды бууган жер,
Жерин көрүп шалпылдап,
Жетик көчүп алыптыр.
Кымыздан тарткан аракты,
Көөкөргө куюп жайнатып,
Багылан козу, татты аш,
Баары көчүп токтобой,
Жан казанга кайнатып,
Эренче тонун кийишип,
Желбеген жорго минишип,
Тынбай-көчүп өтүшүп,
Муразына жетишип,
Кичи-Жылдыз, Чоң-Жылдыз
Катар ашып көчтү дейт.
Өгүз-Ашуу, Тай-Ашуу,
Катар ашып келди эми,
Иленин башы Үч-Арал,
Өрүүн боло берди эми,
Үч-Жыргалаң, Көңүздү,
Бойлой көчүп алды эми.
Көк-Тал бойлоп сыдырып,
Чоң, Илени кыдырып,
Айлампалуу урчуктан
Кечип чыккан кези экен,
Таш-Кечүү деген тумшуктан.
Ат боройлоп сыдырып,
Тегиз көчүп кыдырып,
Ылдый карай бет алса,
Каркылдаган карга жок,
Куркулдап учкан кузгун жок,
Сары-Өзөн ата дээр экен,
Кең Иленин жээги экен.
Аккан суунун оюна,
Чоң өзөндүн боюна,
Чогула журт конду дейт.
Эки журттун айрылыш,
Эр адамдын кайгырыш.
Жеткилең өрүүн болушуп,
Жети күн анда конушуп,
Жээги Ак-Чийдин чаты экен.
Сары-Өзөндүн башы экен.
Талаада мунар чаңы бар,
Жаныбарым Сары-Өзөн.
Түзүндө кулан дагы бар.
Ат баспаган жер болгон,

**киндик канды бууган жер** – родные места
**багылан козу** – ягнёнок
**муразына** – мурасына – наследство
**иле** – ловкость, проворство
**өрүүн** – отдых, остановка
**айлампалуу** – то, что имеет вокруг себя проход, проезд
**тумшуктан** – спускающийся вниз продолговатый выступ предгорья
**кузгун** – стервятник
**оюна** – низина, впадина, котловина
**чаты** – пространство между двумя реками перед их слияни



Ошондой жер ээн болгон.
Алмасы бышып көн болгон,
Жаңгагы кулап сай толгон,
Ээсиз ээн жер болгон.
Талынын башы ийилген,
Кумунун үстү чийилген.
Курган жердин белгиси —
Берекелүү көрүнгөн.
Көргөн жандын көңүлү,
Албан түрдүү бөлүнгөн.
Жылтырканы, шыбагы,
Жаныбарым Сары-Өзөн,
Жылып аккан.

**берекелүү** – благодатный
**албан** – цвет вид, сорт
**жылтырканы** – изень, *(раст.)* кохия распростёртая

## «Семетей» эпосу.
## Каныкейдин Букарага качышы

Каныкей – Семетейдин апасы. Манас жана анын жакындары каардуу душмандардан каза тапканда Каныкей абдан терең кайгыга батат. Бирок анын акылдуулугу чоң кайгыны жеңүүнү мажбур кылды. Ал бийликтин башына турду.

Ачуусун ичине каткан Манастын айрым туугандары, Каныкейдин чечимдери менен макул эмес эле. Алар улуу баатырдын жалгыз мураскорун – кичинекей Семетейди өлтүрүүнү чечишет.

Каныкей кичинекей Семетейди сактоо максатында жышыруун өз атасына, Букарага качууга аргасыз болот. Каныкей, Семетей, Чыйырды үчөө чогуу качышат. Каныкей келечекте боло турган ханды өстүрүп жана Семетейди Манас атасынын ыйык иштерин улантуучу катары тарбиялайт.

■ **каардуу** – коварный (-ая, -ое)
**душман** – враг
**каза тапканда** – когда умер
**кайгы** – скорбь
**бийлик** власть
**ачуу** – *здесь* злость
**ичине каткан** – затаивший внутри
**айрым туугандары** – некоторые родственники
**чечимдери** – решения
**мураскор** – наследник
**мажбур болуу** – быть вынужденным
**жашыруун** – тайно
**өлтүрүү** – убить
**ыйык** – святой
**улантуучу** – продолжатель

1. Каныкей ким? Эмне үчүн Каныкей терең кайгыга батат?
2. Каныкейдин күчтүүлүгү эмнеде?
3. Каныкейдин бийликке турушун душмандар кандай кабыл алышат?
4. Каныкей кичинекей мураскорду кантип сактап калат?

1. Жаңы сөздөрдүн жардамы менен сүйлөмдү толукта.
*Семетей Манастын* ..... *жана* .... .
*Каныкей Семетейди* .... .... ..... .
.... *душмандар Семетейди* .... .... ...... .
2. Синквейнди Каныкей деген сөзгө түз.

## Каныкей Букарды көздөй качканда Бакайдын сөзү

«Тирүү болсоң барарсың,
Төркүнүң таап аларсың.
Төрөдөн калган туякты,
Өз билгениңче багарсың.
Минген атың жоорутпа,
Баатырдан калган туяктын,
Теги эле көөнүн оорутпа.
Киши көзүн салбасын,
Каныкей сөзгө кулак сал,
Киргил болуп калбасын,
Баланы жаман бакканың.
Өзүңө болот жаман ат,
Чыйырды менен Каныкей,
Силерге бала аманат».
Берметтей жашы тизилип,
Жүрөк боору эзилип.
Кайрат кылып хан Бакай,
Калбасын деп кечигип.
Семетейди колмо кол,
Ортосуна алышты,
Кезектешип баланы,
Өөп жыттап канышты.
Бакай менен Сарытаз,
Баруучу жолго бет айтып,
Эки бирдей байталдын,
Басмайылын бек тартып,
Атталышып жөнөдү.
Каныкей менен Чыйырды.
Айрылышып кете албай,
Агызып жашын кыйылды.
Ак жол тилеп кош айтып,
Абакең Бакай тыйылды.
Карап калган Сарытаз
Хан Бакайга кеп айтат:
«Кайда барып жан сактайм,
Каралдым Бакай – деп айтат.
Мен Манастын тушунда,
Эшик ага эр элем.
Бээжинге бектер барганда,
Беренден кайсы кем элем?
Аркасында Манастын,
Ардакталган шер элем.
Карасаң азыр Манастын,

**төркүн** – родители и родня жены
**төрө** – господин
**жоорутпа** – натереть до ссадин, набить ссадины
**туяк** – *перен.* муж. потомство
**көөнүн** – *здесь.* не обижай
**жаман ат** – позор, опозориться
**аманат** – что-либо данное на хранение
**кайрат** – взять себя в руки
**колмо кол** – ведя под руку
**кануу** – удовлетворяться
**байтал** – кобылица
**басмайыл** – катаур (подпруга, идущая через седло)
**жашы кыйылды** – заливаясь слезами
**тыйылды** – успокоился
**жан сактоо** – жить
**эшик ага** – уважаемый
**берен** – герой, молодец
**шер** – он и богатырь и храбрец



Караанына зар болдум.
Хан ордодон айдалып,
Арамдарга кар болдум.
Таласта туруп нетейин,
Тал кармап алыс кетейин.
Көрсөтпөйт жакшы ит өлүгүн,
Итчелик жокбу эсебим?
Айкөлдүн уулу келгенде,
Алдынан тосуп жетейин».

**кар – кор** – унижать
**нетейин** – как мне быть
**эсеп** – счёт

## Каныкейдин Тайторуну чаптырышы

Букарага келгенде Каныкей Семетейди көтөрүп, Чыйырдыны ээрчитип Букарды көздөй качат. Ал жерге барганда, атасы Темиркан Каныкейге үй, жай мал бөлүп берет. Семетейди таякеси Ысмайыл багып алып, жетиге чыкканда окутат. Семетей шок чыгып молдо, кожо-эшендерди сабай баштайт. Темиркан той берип, Семетейди кан көтөрөт. Тойдогу күрөштө Семетей Төө балбандын колун сууруп өлтүрөт. Каныкей: «Семетей келечекте эр болуп Манастын ордун басар бекен» деген үмүт менен алтымыш асый Тайторуну төлгө кылып чабат, эркекче кийинип, өзү атты сүрөөгө аттанат. Ысмайыл Каныкейдин бул кылыгына намыс кылып: «Эжең карган атын чаап, элге шылдың болду, башын кесип кел» – деп Семетейди жумшайт. Семетей балбандары менен Каныкейдин башын алууга камданып жолун тосуп турат. Семетей ошо кезге чейин Каныкей өз энеси экенин биле элек болчу. Семетей жесир эжесине боору ооруп, Тайторуну сүрөшүп чыгарып алат.

■ **таякеси** – дядя (по линии матери)
**шок** – озорной
**молдо, кожо-эшендер** – представители религии
**сабай баштайт** – начнёт бить
**күрөштө** – в борьбе
**өлтүрүп коёт** – убьёт
**колун сууруп** – оторвав руку
**эр болуп** – став смелым, храбрым
**үмүт менен** – с надеждой
**алтымыш (асый)** – по пятому году (т. е уже взрослый) *здесь* 60 лет, год
**төлгө кылып** – загадать на счастье (пустить на счастье)
**сүрөө** – клич (громкий крик с призывом на помощь)
**намыс кылып** – разгордиться, гордиться
**жесир** – вдова
**боору оорул** – сдобрился, пожалел

1. Семетей кандай болуп чоноёт?
2. Тойдогу Каныкейдин кылык-жоругу?
3. Ысмайылдын Каныкейдин кылык-жоругуна көз карашы кандай? Семетейге кандай буйрук берет?

1. Туурасын «т», катасын «к» менен белгиле.

*Темиркан Семетейдин таякеси.* ( )
*Каныкей Семетейдин апасы.* ( )
*Чыйырды Семетейдин энеси.* ( )
*Ысмайыл Каныкейдин атасы.* ( )

2. *Келечекте, үмүт менен, таякеси* – деген сөздөр менен сүйлөм түз.

## Каныкейдин Тайторуну чаптырышы

«Кимдер каалап койчу экен,
Мендей жесир катынды.
Төлгөгө чаап көрөйүн,
Тайтору тулпар атымды!
Чаба турган Тайтору –
Кетмен туяк, кең соору,
Кенен жердин малы эле.
Чыгып калса Тайтору,
Букарга кызык салайын.
Батаңды берчи, энеке,
Падыша атам алдына,
Эркекче болуп барайын.
Дубаңды менден аяба,
Үмүткөр болгон балаңа!
Медерим, менин энекем,
Каршылык кылбай, кайгырбай,
Батаңды бергин берекем!»
Ак байбиче Чыйырды,
Кол көтөрүп барбайып,
Күрсө-күрсө жөтөлүп,
Алда деп колду көтөрүп,
Жараткан деп жар ыйлап,
Бир кудайга зар ыйлап,
А дүйнө кеткен Манасты,
Колдой көр деп дагы ыйлап.
Ажыбай, Бакай эки кан,
Ар иш кылып колдой көр,
Айланайын бир кудай,
Балам, Каныкей ишин оңдой көр.
Алмамбет, Чубак эгизим,
Жесириме көзүң сал,
Сыргак, Серек теңизим,
Бу жеңеңди сүрөп ал!
Алтымыш түрдүү кожосан
Кырк эки кызыр, илиястар,
Ишин кудай оңдочу,
Жесиримди колдочу!

**каалап койчу** – пожелал бы
**катынды** – женщину
**тулпар** – скакун
**кетмен туяк** – большие копыта
**кең соору** – изобилие земли
**дубаңды** – заклинание
**үмүткөр** – с надеждой
**медерим** – милая
**каршылык кылбай** – не будь
**кайгырбай** – не пережив
**берекем** – дорогая
**жараткан** – создатель
**зар ыйлап** – горький плач
**теңизим** – великодушный
**кожосан** – ходжа, потомок первых халифов
**эки кызыр** – пророк Хизр



Жесир байкуш баламды,
Айланайын бир кудай,
Жан деп кудай жаратсаң,
Жер каратып койбочу!
О, Каныкей, кулунум,
Тилегиң кудай берсинчи,
Ушу турган Тайторуң,
Букарга чыгып келсинчи!
Муну мындай таштайлы,
Каныкейдин иниси,
Кан Ысмайыл баатырдын,
Кылыгынан баштайлы.
Карт буурадай күркүрөп,
Каарын көргөн адамдар,
Карай албай зиркиреп,
Капалуу баатыр Ысмайыл,
Калк ичинен кеп угуп,
«Бузулган катын Каныкей,
Букарда жатып ээлигип,
Атын чапты» – деп угуп.
Жесир жүрүп жээлигип,
Ат чабам деп ээлигип,
Сегиз кандан эл издеп.
Болбой калган кезиби?
Эрге көөнү бузулуп,
Оңбой калган кезиби?!
Каныкейди көргөндө,
Кан эмеспи Темиркан,
Көрүп алып тардыкты,
Көп бек кейип ардыкты.
Каныкейге таарынып:
Эй, Каныкей, кулунум,
Атыңдын оозун бура тур,
Өткөрө башың барыңда,
Кулунум, өзөңгө бойлой конбочу.
Өлөрман катын дедиртип,
О, Каныкей, кулунум,
Калкка шылдың болбочу.
Бел байлаган белиң жок,
Берен балам, Каныкей,
Бегирээк атың чабуучу.
Белесте турчу кыйкырып,
Белгилүү Манас шериң жок.
Ат чабам деп Каныкей,
Бузулбачы жөнү жок.
Догурунуп Каныкей,
Көп алтын санап таппачы,

**кылык** – поступок
**буура** – верблюд-производитель
**каар** – гнев, ярость, злоба
**зиркиреп** – струиться
**бузулган катын** – развратная женщина
**ээлигип** – возбуждаться, горячиться
**ардыкты** – неудовольствие, неудовлетворён
**өлөрман** – женщина, которая готова идти на всё
**бегирээк** – крепче, крепкий
**догурунуу** – грубо требовать

Көп канга шылдың бир болуп,
Кулунум, Тайторуну чаппачы.
Сен балам, бел байлаган белиң жок.
Кабылан Манас шериң жок,
Сенин, ат чаба турган жөнүң жок,
Айкырып сүрөөн салуучу,
Ак жолтой кыргыз элиң жок.
Жесир жүрүп кулунум,
Желикпегин жөнү жок.
Ой, Каныкей, кулунум,
Ырыска тууган чунагым,
Сегиз жүз түтүн колунда,
Каныкей, жан кордугун тарттыңбы?
Төрт түлүктүн баары бар,
Каныкей, мал кордугун тарттыңбы?
Ой, Каныкей, кулунум,
Аркар атса бөздөп ал,
Алакандай Букардан,
Кан башым менен мен өзүм,
Төрт тулпар чаптым көздөп ал.
Өзүм чаптым Актулпар,
Чыгып келсе Актулпар,
Баш байгесин өзүң ал.
Башы менен кошуп ал,
Шаатемир чапты Чоңкүрөн,
Ысмайылдын Чоңкашка,
Көлөйкандын Каракашка аргымак,
Экөөнү таштап бирөөнү ал.
Кимиси чыгып келсе да,
Башы менен, баш байгесин такыр ал,
Мен сенден ат талашсам оңбоюн!
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Каныкей туруп муну айтат:
Каркыра деген кайран куш,
Карчыгага жегиздиң.
Капага малган кайран жан,
Качып келсем Букарга,
Атама жесир дегиздиң.
Кууну кушка жегиздиң,
Куруп турган жанымды.
Атама жесир дегиздиң.
Оңбогон атам оңбодуң,
Жесир деп кошо кордодуң.
Кагылайын, атаке,
Сан жыйылган топ беле.
Самаркан, Букар бул шаарда,
Элинен чогуу айрылган

**сүрөөн** – клич, громко кричать

**чунагым** – *перен.* несчастный, бедняжка



Менчелик жесир жок беле?!
Ата, кагылайын, атаке,
Актулпар чапсаң ал чыкса,
Малдан өлгөн мен канчык,
Баш байгесин алганда,
Не мураска жетейин.
Тоспо, ата жолумду,
Коё бер ата колумду,
Таалайга бүткөн мал эле,
Ушул турган Букарга,
Тайторум чаап кетейин.

## Каныкейдин жомогу

Семетейдин балбандыгын көргөн кандар аны чоңойтпой жаштайында өлтүрүүнү ойлойт. Манастын энеси токсон бештеги Чыйырды: «Семетейди көрсөт» – деп, Каныкейге жалынат. Каныкей Семетейди үйүнө ээрчитип барып, Манастан калган өтүк, кылыч, тебетей-чепкендерин берип, кандардын арам ойлорун Семетейге айтат. Семетей кандарды сабап туш-тушка куйт. Семетей токойдогу көмүрчү Сарытаздан элинин, жеринин жайын уккандан кийин, тамак ичпей, сөз сүйлөбөй бир нече күн таарынып жатып калат. Каныкей аргасыздан «Кечээ атаң Манас Бээжинге барып, Алмамбет, Чубактан, айрылып Коңурбайдан найза жеп, Таласка келип өлдү. Отуз эки жашымда жесир калдым. Атаңдын керээзи боюнча, сени алты арамдан ала качып, мында келгенмин. Эми Таласка баргын» – дейт.

■ **балбандыгын** – силач, исключительная сила
**жаштайында** – смолоду
**жалынат** – умоляет
**кылыч** – меч, сабля
**тебетей-чепкендерин** – шапка муж., муж., стёганной одежды
**арам** – нечистый, запретный (противоп., адал)
**туш-тушка** – в разные стороны
**көмүрчү** – угольщик
**таарынып** – обидевшись
**айрылып** – разлучившись, разделившись
**керээзи** – завешание, предсмертное наставление

1. Каныкей Семетейге эмнелерди берип, эмне айтат?
2. Семетей эмне үчүн таарынат? Кантип таарынат?
3. Каныкей эмне дейт?

1. Сүйлөмдөрү улантып жаз.
   *Чыйырды Каныкейге ....*
   *Семетей кандарды сабап ....*
2. Сөздөрдүн антонимин жаз.
   *арам* ×...,   *кечээ* ×...,   *ак* ×....
3. Семетей деген темага синквейн түз.

# Каныкейдин жомогу

*(Үзүндү)*

Ой, кулунум, угуп ал,
Муңканганым Аксарай.
Муңумду айтам бир далай.
Казылып калган орумду ук,
Караан кылган жетимим,
Кайнап жаткан шорумду ук.
Адам бир болсоң жетимим,
Ичимден чыккан сонунду ук.
Дүнүйөм көрбөй тыйынча,
Чачканымдан келейин.
Таластан качып жөө тентип,
Кулунум, качканымдан келейин.
Кечээ, берениң атаң өлгөндө,
Беренден калган сан дүйнө,
Бет алып кирип алты арам,
Казынаны бөлгөндө.
Буланды булап алганда,
Алты арам бузукту мыктап салганда.
Эсебим жаман тапканда,
Көкбөрү кылып сүйрөтүп,
Менин эмчегим жара чапканда.
Зарлансам кудай алабы,
Тиледим сендей жалгыз баланы.
Уулум, адырда жылкы ала баш,
Аркада чунак өзүң жаш,
Айкөлүм атаң өлгөндө,
Моминтип таланды көргөн ушул баш.
Жетимим мындан жол тартсаң,
Жер маанисин айтайын:
Букардан чыгып жол жүрсөң,
Ат аябай мол жүрсөң,
Токумдай жерде коосу жок,
Буурсун тийген чийин жок,
Суур казган ийин жок,
Мунарыктап бурчтанган,
Булуң тартып урчтанган.
Кең Букардын кең Ак-Чий,
Кең Ак-Чий деген жер ошол.
Кейип тентип Букарга,
Качып келген мен ошол.
Кебимден кылча унутпай,
Эстеп жүргүн сен ошол.
Кең букардын зор Ак-Чий,
Алты күндө өтөрсүң.

**муңкануу** – печалиться, горевать
**муң** – печаль, горе
**шорум** – моя беда
**тентүү** – бродить, бродяжить
**берениң атаң** – отец, богатырь
**булаң** – грабеж
**бузукту** – разрушение, разгром
**чунак** – озорник, шалун
**таланды** – разгроблены
**токумдай** – маленький клочок земли
**коо** – ложбина
**буурсун** – соха
**ийин** – нора
**мунарыктап** – затуманивший





Андан ары барганда,
Күлешендин Гүл-Токой,
Гүл-Токойго жетерсиң.
Гүл-Токойдон кеткенде,
Ары карай өткөндө,
Боз ала чаңгыл, Боз-Бөлтөк.
Боз-Бөлтөккө жетесиң,
Боз-Бөлтөккө чыкканда,
Балакетиң алайын,
Кулунум, бир ээлигип кетесиң.
Чунак уулум угуп ал,
Көңүлүң жаман бөлүнөт.
Алды жагың карасаң,
Айтылуу Кокон көрүнөт.
Андан ары ашканда,
Боз мойнокту басканда,
Көк өзөндүү бел келет,
Көрсөң мындай жер келет.
Аман-Жолдун бели ошол,
Эсил энең карабет келген жер ошол.
Эчен уруу жол айтам,
Абайлап уулум угуп ал.
Аман белди басканда,
Андан ары ашканда,
Сыр-Дайраны басарсың.
Кемпир менен балаңы,
Керилип куу жан көтөрүп,
Тарчылыктуу күн көрүп,
Таластан тентип кеткемин.
Кыштын кыраан чилдеден,
Мен энекең бей таалай.
Ошол аккан Сыр-Дайра,
Кырк эки тепчип кечкемин.
Сыр-Дайрадан кечерсиң,
Ары карай өтөрсүң,
Чыйырчык, Салар эки өзөн,
Эки өзөнгө жетерсиң.
Олуя өткөн мазар бар,
Кагылайын кулунум,
Зыярат кыла кетерсиң.
Андан ары барганда,
Боз мунарык керүү ошол,
Чалкайыңкы кең өзөн,
Олуя-Ата жери ошол.
Олуя-Ата барганда,
Күн батышты карасаң,
Кара-Балта, Сокулук,

**чаңгыл** – цвет не чистый
**ээлигип кетүү** – возбуждаться
**карабет** – несчастная
**тарчылык** – теснота
**чилде** – холодные дни зимы
**тепчип кечүү** – переправляться через речку
**зыярат** – поклонение святым местам



Бүлбүлдөп жону көрүнөт.
Ошолорду көргөндө,
Уулум, көңүлүң жаман бөлүнөт.
Оң колго жетим бурулсаң,
Ээр белдей боз мойнок,
Жорго деген бел ошол.
Энекең... мен кара бет бей таалай,
Жобоп ашкан жери ошол.
Ошол ээр белдей мойнокко,
Чыга көр, жетим, сен ошол.
Ар жак жагын карасаң,
Бөөт-бөөт жер келет,
Бөлтөк-бөлтөк бел келет.
Адыр-адыр жер келет,
Адырмак артуу бел келет,
Жылгындуу Кең-Кол жер ошол.
Күндүзү кымыз, түнү кыз,
Жыргалдуу кыргыз эли ошол.
Ошол элден айрылып,
Каңгырган энең мен ошол.
Атагы кеткен ааламга,
Атаң сенин эр Манас.
Хан ордо тиккен атакең,
Жериң сенин кең Талас.
Ак калпак кийип жардаган,
Элиң сенин көп алаш.
Ак сакалын жайкаган.
Адамдын сырын байкаган.
Акылы артык даанышман,
Бакай деген абаң бар.
Айлымды чаап тентиткен,
Атаң Манас атасы,
Хан Жакып чоң атаң бар.
Чоң дөөлөткө семирип,
Чокчоңдогон элирип,
Кандуу камчы кара кол,
Абыке, Көбөш агаң бар.
Чоң атаң Жакып жоо болуп,
Хан ордом чапты талкалап.
Абыке менен Көбөштөн,
Семетей сени калкалап,
Качып келдим төркүнгө,
Хан атамды аркалап.
Арка мойнуң каткыча,
Ата-тегиң айтпадым.
Канаттууга кактырбай,
Карегимдей сактадым.

**бөөт-бөөт жер** – отдельные горные местности
**бөлтөк-бөлтөк бел** – отдельно выступающие горные перевалы
**адыр-адыр** – холмистая местность
**адырмак бел** – горный хребет
**атак** – слава
**аалам** – вселенная, мир
**хан ордо** – царский дом
**жарданган** – оповещать, объявлять (был известным)
**сырын** – тайну
**даанышман** – мудрый, мудрец
**дөөлөткө** – богатству, достоянию
**элирип** – беснуясь, словно бес в него вселился

Опол тоодой жетилдиң,
Орундалды максатым.
Атаң Манас күмбөзү,
Кең-Кол ата оюнда.
Алмалуу булак, шумкар таш,
Ашып түшчү жолуңда.
Токсон миң эркеч майында,
Кыш бышыртып бек салдым.
Канча кылым өтсө да,
Козголбосун деп салдым.

## Семетейдин Таласка келиши

Ошентип, Каныкейден эл-жеринин дарегин уккандан кийин, Семетей Таласка жөнөйт. Адыр-адыр тоо, боз будурмак бел ашып, ээн талаа, эрме чөл басып, нечен дайра суу кечип, жүрүп отурат. Мунарыктуу чоң белести ашса, Таластын ичи көрүнөт, чыдай албай жетимдин көзүнөн жашы төгүлөт.

## Семетейдин Таласка келиши

*(Үзүндү)*

Ажалым жетсе өлөм деп,
Атам өткөн Манаска.
Куран окуп келем деп.
Астыдагы мингени,
Темиркандын тулпары,
Колундагы алганы,
Ысмайылдын болоту.
Касаба колдо калкылдап,
Манастан калган жетимиң,
Баатыр Таласка жүрдү жаркылдап.
Букардан чыгып жол тартып,
Бурулбастан бек басып,
Бозоргон мунар бел ашып,
Боруму сонун жер басып.
Айныбай бала жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Кең Букардын зор Ак-Чий,
Мыктуу тулпар атчанга,
Эрикпей жүргөн бендеге,
Алты күндүк жол экен.
Мунара Ак-Чий дээр экен.
Ал Ак-Чийди басты эле,
Оркойгон тоонун тумшугун,
Жетимиң оодарылып ашты эле.

**дарек** – адрес
**боз будурмак бел** – холмистый перевал
**эрме чөл** – пустыня, дикая степь
**мунарык** – лёгкая мгла
**мол жүрүү** – не жалея коня много ездить
**бенде-пенде** – человек
**тумшук** – морда, клюв, хобот



Атадан калган жерине,
Кетип барат Семетей,
Баякы аргын, кыргыз элине.
Астындагы Актулпар,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң тетири теминип,
Бет алып жетим жол жүрүп,
Күн кылкылдап батарда,
Күлешендин Гүл-Токой
Гүл-Токойго жолукту.
Ат аябай мол жүрүп,
Аянбастан жол жүрүп,
Адырмак ала жер басып,
Боз будурмак белди ашып,
Самсаалаган тоо басып,
Салынган эчен коо басып,
Жээк менен сыдырып,
Боз мунарык керүүнүн,
Боо менен кыдырып,
Сыр-Дайра кечип жол тартып,
Ашуу, ашып, таш басып,
Акылы алек баланын,
Ашып-шашып жол тартып.
Бөөт-бөөт бел көрүп,
Бөксөлүү эчен жер көрүп,
Ичке-Талдап сыдырып,
Чыйырчык, салар эки суу,
Бою менен кыдырып,
Актулпарды чалдырбай,
Жатып уйку кандырбай,
Эски Ташкент, Чалдыбар,
Эңкейип жетим ашты эле,
Казы-Курттун чоң талаа,
Түз кара чөл, үйгөн кум,
Чымчып жээр чөбү жок,
Чык этип коёр суусу жок.
Ээн талаа күйгөн кум,
Эрикпей жетим басты эле.
Энекем жаткан,
Кайыпчынын Кара-Үңкүр,
Кара-Үңкүргө тартты эле.
Актулпарды чалдырып,
Кайыпчынын үңкүргө,
Жатып уйку кандырып.
Ат бороюн сыдырып,
Энеси келген жол менен,
Эрикбей жетим кыдырып.

**самсаала** – болтаться, свесившись вниз
**чалдыруу** – пасти коня

Талас көздөй жол жүрүп,
Талыгыш жок мол жүрүп,
Ээр белдей белестин,
Эченин катар ашты эле,
Эчен дөбө, эчен сай,
Эрикбестен басты эле.
Жээк жолдоп сыдырып,
Олуя-Ата, кош Мерки,
Бою менен кыдырып,
Олуя-Ата келгенде,
Күн батышты караса,
Кара-Балта, Сокулук,
Карарып жону көрүнүп.
Көрбөй калса жетимдин,
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Оң кол жагын караса,
Мунарыктуу чоң белес,
Өзөнчө кайкаң көрүнөт.
Жорго деген бел ошол,
Жоргонун белин ашты эле,
Ары жагы Кең-Кол, чоң Талас,
Эңкейип көрсө көк чалкак,
Таластын ичи көрүнөт.
Жылгындуу Кең-Кол, чоң Талас,
Жер соорусу турбайбы,
Муну жердеген адам тунбайбы?!
Адыр-адыр бел экен,
Бөлүнгөн эчен төр экен.
Бөлөкчө бейиш жер экен!
Адырдан аркар куюлуп,
Адырдын чөбү суюлуп.
Будурдан бугу куюлуп,
Будурдун чөбү суюлуп.
Тектирден теке камалып,
Текенин жүнү сабалып,
Керүүдөн кийик токтотуп,
Текеси жүздөн топтошуп,
Жаткан экен кең Талас!
Тоолорунда улары,
Токоюнда чынары,
Оролуп чөптөн жүрө албайт.
Бугу, марал, улары.
Адыр-адыр бөлүнөт,
Алыстан караан көрүнөт.
Эски жүнү булайып,
Кош кулагы чунайып.
Улуп чыкты Кумайык.

**талыгыш жок** – не утомился
**көк чалкак** – широко раскинувшееся высокогорное пастбище
**бейиш** – рай



Бөксө менен бөгүлүп,
Бөгүп келди Кумайык.
Үч-Кошойду жээктеп,
Үрүп жүргөн кези экен,
«Семетейим келет» деп,
Билип жүргөн кези экен.
Кумайыкты кучактап:
«Айланайын Кумайык,
Каракандын шаарына,
Кара кылар тууган жок,
Качып кеткен – мен байкуш,
Кан Манастан айрылып,
Кашкулак издеп талаадан,
Каңгырап калган – сен байкуш.
Атамдан калган – мен карып.
Деп ошентип Семетей,
Кумайыкты жетелеп,
Барар жагын тотолөп,
Барбайып карап турганда.
Кула чолок кайып бээ,
Келе калды жанына.
Энеси Каныш айткандай,
Ай туяк чалып жолуна.
Кумайыкты тойгузду,
Кула бээнин канына.

**бөгүү** – пригибаясь
**ай туяк** – однокопытные
**тунуу** – получить удовольствие
**чунак кулак** – безухий, одноухий

1. Семетей эл-жеринин дарегин уккандан кийин кайда жөнөйт?
2. Кандай жерлерди басып өтөт?
3. Эмнеге көзүнүн жашы төгүлөт?
4. Таласты көргөндө кандай ойго келди?
5. Кумайык менен жолугушуусу кандай болду?

1. Таластын көрүнүшүн сүрөттөп сүйлөп бериңиз.
М.: Кең Талас абдан кооз жер (Жер соорусу кооз дегенди билдирет.).
2. Кумайык (ит) деген сөзгө кластер түзүңүз.

## Тоголок Молдо

## Чыгармалардын мазмуну жана идеясы

Тоголок Молдонун «Дыйкандын аялынын кошогу» деген чыгармасында Датка жана анын кол алдында иштеген дыйкандын аялынын ортосундагы карама-каршылык көрсөтүлгөн. Дыйкан датка тарабынан өлгөнүн айтып, даткага жакшылык каалабаганын билдирип жатат. Чыгарманын идеясы ошол замандагы адамдар ортосундагы теңсиздик, бири-бирине таш боор мамиле жасагандыгында. Кедей адамдардын оор турмушу көрсөтүлгөн. Ошондой эле дыйкандын аялы даткага каргышын айткан.

**карама-каршылык** – противоположность
**тарабынан** – со стороны

**каалабаганынан** – не желание
**теңсиздик** – неравенство, неравноправие
**таш боор** – жестокосердный

## Дыйкандын аялынын кошогу

Дыйканымды өлтүрдү,
Баласы мендей какшасын.
Башыма жабыр келтирди,
Эч кылмышы жок эле,
Дыйканымды күнөөлөп,
Жайлаптыр датка өлтүрүп.
Жалпы журтка күбөлөп,
Багымды датка байлады,
Мээнетим бекер сайлады,
Кара бет жесир калган соң,
Капасын айтып сайрады.
Тикирейип көп ыйлап,
Тилин тишке кайрады.
Асылым дыйкан арстаным,
Талыкпай ташка басканым.
Кара жолтой какшаалга,
Жок эле менин жазганым.
Арманын айтып, ар качан,
Алганы дартын козгосун.
Казы – мупту жолумдан,
Каршы чыгып тозбосун.
Какшаал казы залимдин,
Кара кийип катыны,
Тукуму тарап, тоз болсун!
Уугу сынып кыйрасын,
Уулу мендей ыйласын.
Керегеси кыйрасын,
Келини мендей ыйласын.
Түндүгү сынып, кыйрасын,
Тууганы мендей ыйласын.

**дыйкан** – земледелец
**какшасын** – *здесь*: пусть плачет
**жабыр келтирди** – быть притесняемым угнетаемым
**эч кылмышы** – без преступления
**күнөөлөп** – обвинения
**журт** – народ
**мээнетим** – мука, мучение, тяготы
**жесир** – вдова
**кара жолтой** – приносящий несчастье
**какшаал** – суровый, дикий
**тукум** – потомство
**уук** – онина
**кереге** – деревянная решетка (часть юрты)
**түндүк** – верхний деревянный круг, остова юрты

1. «Дыйкандын аялынын кошогу» – деген чыгармада эмне көрсөтүлгөн?
2. Аял эмнени билдирип жатат? Дыйкан ким тарабынан өлгөн?
3. Ырдын идеясы эмнеде? Кошок, арман – деген сөздөргө аныктама бер.

1. *Теңсиздик, таш боор, муңдуу, кемчилик, бактысыздык* сөздөрү катышкан сүйлөмдөрдү таап оку, котор.
2. Жогоруда берилген сөздөрдүн антонимин тапкыла.
3. *Аял, датка* – деген сөздөргө Венндин диаграммасын түз.



## Гүл ойрон

Дөөлөс уруусунан Ысык-Көлдө XIX кылымдын орто ченинде Арпа деген жигит төмөнкү таптан болуп, 30 жаш чамасында ажалынан өлүп, үч баласы жетим калат. Зайыбы Чыны деген аял кошокчу чыгып, «Гүл ойрон» деген сөздү бир баштап айтып, бир айтканын экинчи кайталап айтпайт.

Асылым Арпа гүл ойрон,
Кандай журук баштадың?
Катын менен балаңды,
Каран түнгө таштадың.
Жашында өлгөн оңорбу,
Жаш кезинде тул калган,
Мендей бейбак болорбу?
Кара бет атка конорбу?
Кызылды кийген оңорбу?
Кыш чилдеде тоңорбу?
Келининде кесилип,
Кара бет атка конорбу?
Ыргалып чыккан буудайым,
Ырайым кылбай кудайым,
Асылым Арпа гүл ойрон,
Айрылдым сенден, жубайым.
Жайкалып чыккан буудайым,
Жардам кылбай кудайым,
Жаш кезинде айрылдым,
Асылым Арпа жубайым.
Асылым Арпа гүл ойрон,
Кара чачым жайдырдың,
Калдайтып кара салдырдың.
Калк ичинде мен шордуу,
Кайран Арпа ойронду.
Кабыланга чалдырдым,
Жашыл алма колго алып,
Бейиште бекен гүл ойрон?
Жаш алган жарым калды деп,
Кейиште бекен гүл ойрон?
Кызыл алма колго алып,
Бейиште бекен гүл ойрон?
Кыз алган жарым калды деп,
Кейиште бекен гүл ойрон?
Жергеңден келген жети каз,
Жетөөн коюп, бирөөн ат.
Жети эшиктүү бейиштин,
Эшигин ачып, төрүн бас.

**ажалынан** – от своей смерти
**төмөнкү тап** – нижнее сословие
**асылым** – милый (-ая, -ое)
**журук** – поступок, выходка
**оңорбу** – разве это хорошо
**тул** – вдовой
**бейбак** – несчастный (в фольк. полож. эпит.)
**кара бет** – наглая
**ыргалуу** – качаться
**ырайым кылуу** – милосердие, мягкосердечие
**гүл ойрон** – погибший, уничтоженный
**жубай** – супруг
**бейиш** – рай
**кейиш** – огорчение

1. «Гүл ойрон» чыгармасында эмне айтылат?
2. Арпанын зайыбы ким? Ал эмне жөнүндө айтат?

1. *Арпа* – деген сөзгө синквейн түз.
2. Чыгармадан үзүндү жатта.

## Молдо Кылыч
## Чүй баяны.
## Сүрөттөлгөн мезгил

Молдо Кылычтын «Чүй баяны» аттуу поэмасында орустарга болгон мамилесин, көз карашын шарттуу түрдө эки мезгилге бөлүп көрсөткөн. Алгачкы жана кийинки. Эгерде алгачкы мезгилде толгонуу, чочуркоо, шектенүү, жек көрүү мүнөздүү болсо, кийинчерээк акындын көз карашында белгилүү өзгөрүүлөр пайда болот. Алгачкы мезгилде акын ислам динин орустар булгап коёт го деп коркуп аларды жек көрсө, кийинчерээк Чүй боорундагы жаңы өзгөрүүлөрдү, чарбадагы жаңылыктарды орустар алып келгенин айтат.

Негизинен «Чүй баяны» антиорустук ойдогу казал деле эмес, андагы башкы ой Чүй өзөнүнүн керемет табиятын, эли-жерин ачып көрсөтүү.

Чыгарманын эң басымдуу бөлүгү Чүй өзөнүнүн өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүн айтууга багытталган.

Акын 140 өсүмдүктүн атын атайт, ар биринин өзгөчөлүктөрүн, алардын адам жашоосундагы маанисин белгилейт.

Казалчы, Сары Өзөн Чүйдүн 73 жаныбарын атайт жана ал аркылуу бул аймактын флорасынын жалпы өзгөчөлүктөрүн көрсөтүүгө аракет кылат.

**мамиле** – отношение
**көз караш** – мнение точка зрение
**шарттуу** – условно
**чочуркоо** – чуждаться, пугаться, дичиться
**шектенүү** – подозрение
**жек көрүү** – ненавидеть
**чарбада** – в хозяйстве

## Чүй баяны

Мен айтамын санатты,
Казалдарды көп жаздым,
Канча такта кагазды.
Мыс Токмок калааны.
Келип орус жай кылды
Жылгын-Башы талааны.
Каршы-терши көп тилди,
Карагайга арааны.
Ойду-тоону коруду,
Орус деген калкыңдын,
Кыйын экен буйругу,
Малай кылды кыргызды.
Тил билгендин баарысын,

**казал-ыр** – стихи
**кору** – охранять, ограждать



Кеңсаларга тургузду,
Күнөөкөрдү коркутуп,
Набактыга киргизди.
Болуш коюп, бий шайлап,
Элге борум билгизди.
Жылгын-Башы талаасы,
Жылгындары көп экен.
Айыл конуп илгери,
Жылкы саачу жер экен.
Эми калаа орноду.
Баш-аягы базардын,
Ат чабымдай болжолу.
Тиккен багы, тереги,
Тиктеп турса адамдын,
Эсеп жетээр болбоду.
Токмокко шаар толуптур,
Ар уруктан көбөйүп,
Толгон базар болуптур.
Кең Чүй ата өзөнү,
Кенен болот турбайбы.
Калкы-журтун карасаң,
Калың айдайт экен го,
Кара таруу, буудайды.
Буурчак менен жүгөрү,
Бул кылууга баарысын,
Жарды дебей, бай дебей,
Көп айдаптыр бедени.
Арбын экен жаныбар,
Ар немеден уругу.
Кара куурай, зыгыры,
Салып туруп зоотко,
Сыгып алар майы бар.
Кең Чүй ата жакасы,
Чарылдаган бакасы,
Ийнелиги, көгөнү,
Кенен болот жаныбар,
Кылкылдаган өзөнү.
Кара суу да кундузу,
Кашкулагы мадылы.
Кызыл карсак, түлкүсү,
Арбын болот карышкыр,
Аюу, жолборс, илбирси,
Шимеңдеген чөөлөрү.
Тай, сүлөөсүн, суусары,
Ач күзөнү, коёну,
Арбын болор жүргөнү,
Каш кулагы, мадылы,

**күнөөкөр** – виноватый, преступник
**набак** – тюрьма
**болуш** – волость
**бий** – бий (киргизский судья)
**калаа – шаар** – город
**кең** – широкий, просторный
**калк, журт** – народ
**кара таруу** – просо
**буудай** – пшеница
**буурчак** – горох
**беде** – клевер
**арбын** – много
**кара куурай** – конопля
**зыгыр** – лён
**жакасы** – *(здесь)* окраины, окрестности
**ийнелик** – стрекоза
**кундуз** – норка
**мадыл** – дикая кошка
**карсак** – общее название рыскающих зверей
**чөө** – красный волк, шакал
**сүлөөсүн** – рысь
**суусар** – куница
**ач күзөнү** – хорёк

Карап турсаң каңкылдап,
Соорусунун ак жону.
Кең Чүй ата жаныбар,
Абайласаң, жеринде,
Ар жаныбар уругу.
Тандап атып алгыдай,
Талаасында элиги,
Марал менен бугуну,
Эчки, теке жаныбар,
Тайгаланбай ташына.
Аркар менен кулжасы,
Атып алса күзүндө,
Уйдукундай жамбашы,
Коёндору козудай.
Карап турсаң жаныбар,
Коондору сокудай.
Байкап турсаң суусунда,
Балыктары манектей.
Кудай бетин көргөзбө,
Сар жыланы билектей.
Карап турсаң Чүйдөгү,
Кара курту көмүрдөй.
Чаян менен жыланы,
Арбын болгон менен да,
Адамга жок зыяны.
Түктүү сары жаныбар,
Музоо баштын ыраңы.
Кескелдирик дагы бар,
Билериктей бир жанды,
Узундугу бир карыш,
Бу да сонун жаныбар.
Айтканындай көп экен,
Абайласаң жарандар,
Ар жаныбар толук бар.

**марал** – важенка (самка оленя или марала)

**манектей** – *(здесь)* огромный, большой

**чаян** – скорпион

1. «Чүй баяны» поэмасында акын эмнени көрсөткөн?
2. Орустар кайсы жерге келиптир? Кандай өзгөрүүлөрдү киргизиптир?
3. Кең Чүйдө кандай жаныбарлар бар? Чүй жаныбарларынын аттарын дептерге жазуу. Жаныбарлардын аттарын төмөнкүдөй бөлүштүрүп жазуу:

   а) канаттуулар;
   б) жырткычтар;
   в) териси баалуу жаныбарлар;
   г) адам жей турган жаныбарлар;
   д) жерде-суудa жашоочулар;
   ж) сойлоочулар;
   з) сүт эмүүчүлөр.



4. Чүй өсүмдүктөрүнүн аттарын дептерге жазуу. Алардын ичинен дары өсүмдүктөрдү атагыла жана алардын дарылык касиеттерин белгилегиле.
5. Ырчы эмне үчүн «Кең Чүй ата жаныбар» деп кайрылууда? «Ата» жана «жаныбар» деген сөздөрдүн маанисин кандай түшүнөсүңөр?
6. Казал качан жазылган деп ойлойсуңар?

1. Ырдагы Чүйдүн көрүнүшүн сүрөт аркылуу көрсөтүңүз.
2. Бир жаныбарга синквейн түзүңүз.

М.: балык

________

____________

________________

______

3. Үзүндүнү жаттоо.
4. Түшүнгөнүңүздү кара сөз менен айтып бериңиз.

## Калык Акиев
## Жер кепеде өткөн күн ыры жөнүндө

Калык Акиевдин «Жер кепеде өткөн күн» деген ырында чыныгы турмуштук окуя (*жизненное событие*) жазылган. Ырда Калыктын атасы Акынын оор турмушу баяндалган. Ошол мезгилде бай-манаптар уруу-уруу (*род, племя*) болуп бөлүнүп, өз ара чабышып (*драться, воевать, сражаться*) турушкан экен. Жеңилген жак (*сторона, которая проиграла бой*) жеңгендерге өлгөндөр үчүн *кун төлөп* турушкан. *Кунду* ошол айылдагы бардык эл төлөшчү. Калыктын атасы Акыга да он эки жылкы төлө дешет. Акы *кун төлөш үчүн* уюн, атын, үйүн берсе да, салыктан кутулбайт. Үйү жок калып, балдары менен жөө-жалаң, түндөп качып жөнөйт. Акыры качып отуруп Кетмен-Төбөгө келет да, *жер кепеде* жашайт. Акы уста киши болгон экен. Боз үйдүн жыгачын чаап, акысына бир ат алып, балдарын багууга аракеттенет. Жалгыз аты бир күнү музда жардан учуп өлөт экен. Ата-энеси аты өлгөнгө күйүнсө, кичинекей ачка балдары аттын этин жейбиз деп сүйүнүшүптүр. Ал кезде жалпы эле кедейлер оор турмушта жашашкан.

Акындын бул ыры – ошол кездеги жалпы эле кедей адамдардын көргөн кыйынчылык (*трудность*), оор турмушун баяндаган (*рассказывающий*) чыгарма.

■ **кун** – плата за погибших, за умерших
**кун төлөө** – платить кун (*здесь*: налог)
**жер кепе** – землянка



**А. Турумбеков. «Жаңы жашоого карай».**

Сүрөтчү Асанбек Турумбековдун «Жаңы жашоого карай» деген сүрөтүнө көңүл буруп, бул сүрөт эмне үчүн ушундайча аталганы жөнүндө ойлонгула. Сүрөттө кимдер тартылган? Бул адамдар эмне кылып жатышат? Жалгыз өгүзүнө (*вол*) жүгүн артып, үй-бүлөсү менен көчүп бара жаткан адам жөнүндө айтып бергиле. Бул көрүнүштү (*вид, явление, событие*) ырдагы каармандын үй-бүлөсүнө салыштырууга болобу? Калык Акиевдин «Жер кепеде өткөн күн» ырындагы жыртык шым кийген, баласы чыркырап, аялы зыркырап отурган мерген менен бул сүрөттөгү адамды салыштыргыла.



## Жер кепеде өткөн күн

*(Эски турмуштан)*

Жалоондой мерген азамат,
Жалгыз үйлүү, жалгыз ат.
Өзүнүн кылган кесиби,
Мергенчилик насиби.
Кийик-куштан башкага,
Тийген эмес жазыгы.
Тирүү туруп көрүүгө,
Тиши бычак бөрүгө.
Кузгун, жору, шум түлкү,
Тарп талоочу көбүнө.
Уюн атын талатып,
Үйү-жайын баалатып,
Өлүм санда, тирүү эмес,
Өмүр жашын санатып,
Асынганы бир мылтык,
Чокою чарык, шым жыртык.
Элден журттан уялып,
Эки этегин бек кымтып,
Арманын айтып буркурап,
Аялы кошо зыркырап.
Эки жашар баласы,
Кошулуп ыйлап зыркырап…
Өмүрлөшүм сен элең!
Кадыр-көңүл калбаган.
Аташканым алганым,
Арылгыс болду арманым.
Жүрөгүмө жык толду,
Жайылып эски зардабым.
Алса мейли дейт элем,
Атым менен уюмду.
Аман койсо болду эле,
Кара алачык үйүмдү.
Кайдан таап беремин,
Кашкулак менен суурча,
Каза албасам ийинди.
Ачка жатып айылсыз,
Талаага түнөп дайынсыз.
Дайра кечип, тоо ашып,
Дал он беш күн жол басып.
Асынганы бир мылтык,
Көтөргөнү бир бала,
Талкан сурап ар кимден,

**жер кепе** – землянка
**эски турмуш** – старый быт
**насип** – судьба, доля
**жазык** – грех, вина, проступок
**тарп** – остатки трупа, падаль
**чарык** – обувь из сыромятной кожи с толстой подошвой
**зардап** – жгучая боль
**кашкулак** – барсук
**ийин** – нора
**суур** – сурок
**дайра** – река

Башына түштү көп санаа. **санаа** – горе
Барганы тааныш эл эмес,
Анык болду думана…
Кирерине үйү жок,
Саарына ую жок.
Жардам кылар даны жок,
Жатар жайы дагы жок.
Боз кыроо болгон күзгө жуук,
Кыргый келген күнү суук.
Кыштоосуна эл конду,
Жердин бети тоң болду.
Жер тоңсо да бир кепе,
Казайын деп ойлоду.
Карагайлуу өткөө, **өтөк** – горная впадина
Казып кирди жер кепе.
Терезе жок, тешик бар,
Каалга жок, эшик бар.
Шамал айдап шаштырып,
Кепеге толот жааган кар. **кепе** – шалаш, избушка
Кереге эмес чечерге,
Кепеси менен курусун,
Үй эмес жүктөп кетерге.
Алы келбейт мергендин,
Алачык үйгө жетерге.
Чээнге кирген аюудай,
Үч жыл турду кепеде.
Мергендикке ишенип,
Ок сунат эчки, текеге.

1. «Жер кепеде өткөн күн» деген чыгарма эмне жөнүндө?
2. Эмне үчүн Калыктын үй-бүлөсү жер кепеде жашап калышкан?
3. Жер кепени кандай элестетесиңер?
4. Ошондой шартта жашаган адамдардын жашоосун жакшы деп айтууга болобу?

## Алымкул Үсөнбаев

**(1894–1963)**



*«...Кыргыз элинин сүйкүмдүү ырчысы Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгы жана өмүр жолу жөнүндө сүйлөгөндө, анын чыгармасын элдик фольклордон ажыратып кароого болбойт».*

К. Маликов

Алымкул Үсөнбаев 1894-жылы Талас өрөөнүндө Кара-Арча айылында кедей үй-бүлөдө төрөлгөн. Кедейлик, жетимчилик аны эрте жетилтет. Уккан ырларын жомокторун эсине түшүрүп, кайталап айта баштайт. Комуз черткенди, ага кошуп ырдаганды үйрөнөт. 1936-ж. Кыргыз мамлекеттик филармониясында иштейт. Алымкул аксакал эл-жерин жандай көргөн, эл тагдырын өз тагдырым деп түшүнгөн ырчылардан эле. Анын дагы бир аты «Төкмө» эле. Тааныган, билгендердин баары ушинтип аташчу. Бул сөздүн кыргызча мааниси жалпыга маалим: ырды жамгырдай төгүү, үстөкө-босток чуурутуп айтуу, жакшы ойлорду уйкашка салып буйдалбай тез айтуу. Ал минтип аталууга татыктуу болчу. Элдик оозеки адабияттын кийинки өкүлдөрүнүн ичинде эң көрүнүктүүлөрүнүн бири эле. Кыргыз жергесинде, анын булуң-бурчтарында Алымкул төкмөнү билбеген же анын ырын укпаган адамды чанда кезиктирүүгө болор. Ырдоо, ырды төгүп айтуу өнөрүнө жаңыдан талаптанып жүргөн кезинде, анын али тажрыйбасыз жаш шыгын андан ары өнүктүрүүдө, жолго салууда улуу Токтогулдун таа-сири өтө күчтүү эле. Алымкулдун багына ошол учурда Токтогул Таласка келип калат. Токтогулдун дүңгүрөгөн атагын ал ага чейин эле уккан, көрсөм деп эңсеген. Токтогулдун акындык күчү гана эмес, бир калыптуу жүрүш-турушу да, жайдары шайыр мүнөзү да, адамдарга кичи пейил мамилеси да, анын жалпы эле бийик адамгерчилиги жаш ырчыга унутулгус таасир тийгизген. Алар андан кийин да бир канча ирет жолугушту, чогуу ырдашты. Бул – бирин-бири түшүнүп, бири-биринин талантын кадырлагандык эле.

1936-жылдан, Кыргыз филармониясына чакырылгандан тартып, анын эл менен байланышы күчөдү. Концерттик бригадалар менен не бир жайдын чыйылдаган ысык чилделеринде же кыштын кычыраган аяздуу сууктарында колхоз-совхоздорду кыдырып концерт берип, элди күрдөөлдүү эмгекке, Ата Журттун күчүн чыңоого чакырып жүрдү. Алымкул Үсөнбаевдин дагы бир өзгөчөлүгү, ал элдик көп күүлөрдү, айрыкча өз устаты Токтогулдун күүлөрүн чебер аткарчу. Улуу Ата Мекендик согушка арналган ырларын жазат. Элди жеңишке жана душманды жок кылууга үндөп ырдаган. Акын – «Ырлар жана поэмалар», «Согушуп жаткан эрлерге», «Комуз», «Улуу дос» жана башка отуздан ашык китептердин автору. Акын Кыргыз ССРинин Эл артисти, манасчы.

**жетимчилик** – сиротство
**жетилтет** – созреть, вызреть до определенного состояния
**эсине түшүрүп** – вспомнив, запомнив
**үн кошуп** – напевать, подпевать
**жок кылуу** – уничтожить
**үндөп** – призывая

1. А. Үсөнбаев ким? Качан, кайда туулган? Кандай жашоодо жашаган?
2. Кайда иштейт? Кандай ырлары бар?

1. Көп чекиттин ордуна сөздөрдү таап жаз.
*Аны кедейчилик, ...... эрте жетилтет.*
*Ал ырларды ....... кайталап айта баштаган.*
*Комуз черткенди ага ....... ырдаганды үйрөтөт.*

2. Төмөнкү сөздөр менен сүйлөм түз.
*Жок кылуу, үндөп.*

## АДАБИЙ ТЕРМИНДЕРДИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

**Тема** (*гр.* – нерсе, предмет) – адабий чыгармада автор тарабынан идеяны ачып берүү үчүн атайын алынган турмуштук көрүнүштөр, окуялар негизги маселелердин жыйындысы көтөрүлгөн проблемалар. Горькийдин сөзү менен айтканда: «Тема – автордун турмуштук тажрыйбасынан жаралган идея». Ошондуктан тема менен идея – көркөм чыгарманын ажырагыс биримдигин түзүп турган өзөгү.

Мисалы: Ч. Айтматовдун **«Бетме-бет»** повести.

**Идея** (*гр.* – ой, пикир) – чыгарманын идеясы – көркөм чыгармада берейин деген ой, максат, ал образдар системасынын бирдигинде берилет. Жазуучу өз чыгармасында белгилүү бир маселелерди ортого коюу менен чектелбейт, өзүнүн идеалы катары анын чечимин берет, мамилесин билдирет, баалайт.

Мисалы: Ч. Айтматовдун «Атадан калган туяк» аңгемесинин идеясы – алыстагы согуш апаатынын ооруктагы атасын таптакыр көрбөгөн балага тийгизген таасири.

## Чыгармалардын мазмуну, идеялык бөтөнчөлүктөрү

Алымкулдун чыгармаларынын тематикасы өтө бай. Ал өзүнүн чыгармаларында элинин турмушун, ой-санаасын билгизген баатырдык күрөштөрүн даңазалаган. Ата Мекендик согуш А. Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы көрүнүктүү темалардын бири:

Мисалы: «Чолпонбай», «Баатырлардын анты», «Ушул кез». Алымкул Мекенди коргоочуларды туруктуулукка, баатырдыкка үндөгөн. Кийинки жылдарда дагы көп ырларды, поэмаларды жаратты. Алар тематикага кеңири, мазмунга бай. Акындын көпчүлүк ырлары эмгек каармандарына арналган.

Мисалы: «Тамекичи Зуураткан», «Тракторчу Осмон», «Койчу Алматай». Алымкулдун ырларында тынчтык, боордоштук, достук темасындагы чыгармалар да арбын. Акындын мурасы мекенибиздин көркүн, жерибиздин сулуулугун элестеткен назик, сүйүү ырларына да пейзаждык лирикага да бай. Мисалы: «Күз», «Жазга маал», «Каркыранын көрүнүшү», «Күздүн таңы», ж.б. Поэмалары: «Ысык-Көл», «Биринчи бригада».

Айтыш чоң ырчылык чеберчиликти талап кылат. Ошондуктан айтышка бардык эле ырчылар түшө бербейт. Айтыш ырчылыктын чоң сыноосу болгон. Акындык айтыштарга Алымкул да катышкан.

**ой-санаасы** – мысли, печаль
**күрөштөрүн** – подвиги
**турмуштун** – судьбу
**билгизген** – определял
**туруктуулукка** – стойкости
**үндөгөн** – призывал
**эмгек каармандарына** – героям труда
**боордоштук** – братство
**арбын** – много
**мурасы** – наследство
**чеберчиликти** – творчество
**сыноо** – испытание

1. Алымкулдун чыгармаларынын тематикасы кандай?
2. Акындын чыгармаларынын тематикасын кандай бөлүктөргө бөлөсүң?
3. Эмне чоң чеберчиликти талап кылат?

## Аккан суу

Абал мурун жалтылдап,
Кайдан чыкты аккан суу?
Аскасы бийик көк тескей,
Сайдан чыкты аккан суу.
Жайдан чыкты аккан суу.
Агарып кары кетпеген,
Агарган аска бийик тоо,
Таштан чыкты аккан суу.
Аяк башы керилген,
Саздан чыкты аккан суу.
Алтындай жүзү жаркырап,
Кыш күнү ичсең жыпжылуу,
Жерден кайнап оргуштап,
Булактан чыкты аккан суу.
Жээгине көк камышты,

**абал** – издавна, испокон веков
**аккан суу** – текучая река, вода
**жалтылдап** – сверкая
**тескей** – северный склон
**жайдан** – местность
**сайдан** – русло реки
**аска** – скала
**аяк башы** – вся, всё (начало, конец)
**саз** – болото
**жүз** – поверхность

Курап чыкты аккан суу.
Жер тамырын көгөртүп,
Бурап чыкты аккан суу.
Жер жайнаган дайраны,
Улап чыкты аккан суу.
Кайнап башат жаркырап,
Тоодон чыкты аккан суу.
Ак жалама боорунан,
Канат алган аккан суу.

**жалама** – гладкий, ровный

Ааламга тийип пайдасы,
Таратылган аккан суу.
Көк жалама боорунан,
Канат алган аккан суу.
Керек болуп дүйнөгө,
Жаратылган аккан суу,
Көк ирим дайра туш-тушка,
Таратылган аккан суу.

**ирим** – пучина, омут

Кара жерди как жарып,
Кайнап чыкан аккан суу.
Калкылдап жердин үстүнө,
Жайнап чыккан аккан суу,

**калкылда** – (о поверхности воды) шевелиться

Канча бир деңиз түбү жок,
Дайра чыккан аккан суу.
Ай-ааламга күч берип,
Пайда чыккан аккан суу.
Ак жалама зоолордон,
Жарып чыккан аккан суу.
Алкымына жез канат,
Балык чыккан аккан суу.
Айдай толуп жаркырап,
Жарык чыккан аккан суу.
Ай-ааламдын милдетин,
Алып чыккан аккан суу.
Аңкагандын суусуну,
Канып чыккан аккан суу.

**аңкаган** – томиться жаждой

Көк жалама зоолорду,
Жарып чыккан аккан суу.
Жердин бетин гүлдөтүп,
Пайда болгон аккан суу.

**кирген суу** – полая вода

Күнү-түнү тынбастан,
Жүрүп жатат аккан суу.
Тийген жери кулпунуп,
Күлүп жатат аккан суу.
Тийген жери кулпунуп,
Терең экен аккан суу.

**кулпун (кулпур)** – отливать различными оттенками

Кыбыраган жандарга,
Пахта, жибек, кызылча,

**кыбыра** – делать медленные движения



Арпа, буудай, ак сулуу,
Ар өсүмдүк дандарга,
Керек экен аккан суу.

1. Аккан суу кайдан чыгыптыр?
2. Суунун айланага пайдасы барбы же жокпу?
3. Ал кимдерге жана эмнелерге керек?

1. *Суу – өмүр,* суу – жашоо деген сүйлөмдү түшүндүрүп бериңиз.
   М.: ***Суусуз жашоо жок.***
2. Ырдан үзүндү жаттаңыз.

## Комуз

Тилге жолдош, үнгө дем,
Комузду кошуп ырдайлы.
Бабабыз черткен бул комуз,
Баркына жетип сыйлайлы.

**бабабыз** – наш предок

Өрүктөн тандап чабылган,
Карагай капкак жабылган.
Үч кыл тагып жибектей,
Күлүктөй таптап багылган.

**таптоо** – тренировать

«Комузум» деп ыр жаздым,
Кошулуп далай ырдаштым.
Жаш кезимден үйрөнүп,
Жан-дилим бирге сырдаштым.
Сайраса комуз күүлөрүн,
Жарашып сайрайт тилдерим.
Шаңкылдап колдо турганда,
Кубулжуйт мукам үндөрүм.
Урматтуу кыргыз элинен,
Уккандын көөнү эриген.
Колумда сайрап турганда,
Коштогон аттай элирем.

**жан-дилим** – *здесь.* всей душой, от всего сердца
**шаңкылдаган** – звонкий, серебристый
**кубулжу** – (о голосе) переливаться
**мукам** – ритм, мелодичность, переливчатость
**көөнү** – настроение
**коштогон** – объединяющий

Аркар, кулжа жайнаган,
Белди ырдайлы комузум.
Абийир, бакка орногон,
Элди ырдайлы, комузум.

**элирүү** – стремиться

1. Комузду кимдер чертип келген?
2. Комуз эмнеден жана кандай жасалат?
3. Акын эмнелер жөнүндө ырдайт?

1. Комуздун башка музыкалык аспаптардан айырмасын аныктап жазыңыз.
2. Белгилүү комузчуларды атап бериңиз.
3. Төмөнкү сүйлөмдөрдү толуктап жазыңыз.

*... кыргыз элинин улуттук музыкалык аспабы.*
*Филармонияда ...... ансамбли бар.*
*Айнура ..... жакшы чертет.*

4. Ырдан үзүндү жаттаңыз.

## Эл достугу

Эски убакта эл элек,
Эрегишип урушкан.
Эзилип байдын колунда,
Бошобой башың жумуштан.
Эркиндиктин доорунда,
Эми болдуң туушкан.

**эл достугу** – дружба народов
**эски** – старый (-ые)
**эрегишип** – спорить, препираться
**урушкан** – ссора
**эзилип** – угнетались
**туушкан** – братья

Урматтап бардык улутту,
Шумкардай таптап түлөткөн.
Жапан чөл бетин жашартып,
Жайнатып түркүн гүл эккен.
Элдердин таттуу достугун,
Жетекчибиз партия,
Болоттон бекем ширеткен.

**урматтап** – уважая
**шумкардай** – как кречет
**таптап** – тренировав
**түлөө** – линять
**жапан** – дикий
**ширеткен** – сваривать, закалять

Карагай, кайың талы бар,
Сай-сайы толгон малы бар.
Ак булут кетпей түнөгөн,
Аркасында аппак кары бар.
Ак талга конгон булбулдай,
Акындын сайрар чагы бар.

**карагай** – ель
**кайың** – береза
**сай (ы)** – русло

Коңур салкын жүргөн жел,
Кой, жылкысы аралаш.
Катар конгон колхоз эл,
Аптада арык семирткен.
Адыры токой, салкын төр,
Бир энеден туугандай,
Бир уядан учкандай,
Туусун кармап Лениндин,
Душманды жеңдик куткарбай.
Сайранда, элим сайранда,
Таалайлуу өлкө – биздин жай.

**апта** – неделя
**сайранда** – гулять, наслаждаться

# К. Тыныстанов Ысык-Көлгө

Касым Тыныстанов «Ысык-Көлгө» деген чыгармасында өзү туулган жерине болгон сагынуусун билдирүү менен бирге өз мекенинин коюздугун, жайкалган алтын кен экендигин ошондой эле калың токоюн, торгоюн, ак куусун, суусун сүрөттөгөн. Акын бул чыгарманы казак жергесинде жүргөндө жазган.

## Ысык-Көлгө

Кайдасың кең Ысык-Көл, туулган жерим,
Киндигим кесип, кирим жууган жерим!
Көргөн жан коюздугуңду сагынат ко,
Жайкалган сен Каракол алтын кеним.

**туулган жер** – родная земля
**киндигим кесип** – родные места (букв., где была остановлена кровь пуповины)
**көргөн жан** – увидевшая душа
**сагынуу** – тосковать, скучать
**жайкалган** – величаво
**алтын кең** – золотое богатство

Барсыңбы, Түп, Жыргалаң эки өзөн суу!
Үстүнө каздар конуп уя салган кыйкуу.
Жайылган соодагердин койлорундай,
Көл бетин беришпеди үйрөткөн ак куу.

**өзөн суу** – река
**жайылган** – разойтись, раскинуться во все стороны
**соодагердин** – купца
**үйрөткөн** – дрессированные

Айланаң ашык эмес, калың тогай.
Ушады тогайыңнан сайрап торгой.
Турады көз алдымда бул күнгидей,
Кетпейсиң көкиректен мына сол жай!

**тогай, токой** – лес
**жай, жер** – место
**туулган жер** – родина

Жылтырап таудан аккан сууң кандай?
Балапан конуп, учкан нууң кандай?
Сай-сайдан кечке турум анчыркаган,
Бураң бел арууларың сенин кандай?!

Ах, жерим! Жаңылдырдың мени эсимен,
Таянып түскөн кезде күн бесиннен.
Кең далаң көрүнүүчү эди бейиске окшап,
Макмал жел коңургакпен самал эскен!..

1. Чыгарма кайда жазылган?
2. Эмнени сүрөттөйт?
3. Ысык-Көл кандай жер экен?
4. Түп, Жыргалаң кандай суу?

1. Ырдан үзүндү жаттоо.
2. *Мекен* деген сөздүн синонимдерин жаз.



## Жайлоо

Күзгүдөй мөлтүрөгөн тунук булак,
Сай-сайдан үн алышып, түшкөн туйлап.
Ыр ырдап, токсон түрдүү күүгө салса,
Үнүнөн танасыңбы турсаң тыңшап.

**мөлтүрөгөн** – прозрачный, чистый
**туйлап** – резвиться, бурлить, прыгать
**күү** – мелодия
**тана** (сыңбы) – отрицать, не признавать

Токтобой жүрүп турган жели кандай,
Таптаза, каштай тунук, жыттуу атырдай.
Бетиңден сылап, сыйпап эркелетсе,
Көңүлүңдө кайдан калсын чер жазылбай.

**жели** – легкий ветерок
**эркелет** (се) – ласкать, баловать
**чер жазыл** (бай) – разогнать тоску, тоска не развеевшаяся

Килемдей түрдүү чөптүн гүлү аралаш,
Үстүндө малы жатса адашып баш.
Саргарып сан жылдардай күткөн жыргал,
Көзүңө көрүнбөйбү элес-булас.

**элес-булас** – на миг, смутно

Мындагы айран, кымыз кең эмеспи,
Булактай агып жаткан кен эмеспи.
Дүркүрөп төрт түлүгүң өсүп турса,
Кең жайлоо жанга жыргал жер эмеспи.

**төрт түлүк** (үн) – домашний скот, (виды скота), в достатке



1. Кыргыз жериндеги кандай жайлоолорду билесиңер?
2. Жайлоонун абасы кандай?
3. Ден соолукка пайдалуубу?
4. Автор жайлоонун көрүнүшүн кандай сүрөттөгөн экен?

**Ж. Бөкөнбаев** «Жайдын кечи» деген ырында жаратылыштын кооздугун даана салыштырып көрсөткөн. Тактап айтканда, ошо жайдын кечиндеги асмандын көрүнүшүн, дайранын агымын, булбулдун үнүн, жалбыздын жытын, торгойдун таңшыганын угуп, көпөлөктөр кыналып учканын айткан. Ошондой эле кечкирип түнгө жакын калганда, тоолор уйкуга кирип, күүгүмдөн карагай башы көрүнбөй калганын, андан соң жылдыздар асманга чачырап чыгарын айткан.

Бул көрүнүш жаратылыштагы кандай сонун керемет!

## Жайдын кечи

Манаттай асман кызарып,
Магдырап барат айланам.
Чачырайт көбүк бетиме,
Чамынып аккан дайрадан.
Муңайым тартып угулат,
Булбулдун үнү сайраган.

**манаттай** – ворсистая ткань
**магдырап** – состояние покоя млеть, наслаждаться
**чамынып** – мчась
**муңайым** – печалиться

Жалбыздын жыты буруксуйт,
Жаныңа жыпар чачкандай.
Торгойлор тынбай таңшышат,
Токтогул күүсүн тарткандай.
Кыналат күүгө көпөлөк,
Кыз менен жигит жаткандай.

**жалбыз** – мята
**буруксуйт** – издавать сильный запах
**таңшышат** – заливается
**күү** – мелодия
**кыналат** – прислоняться

Үлгүрөп тоолор баратат,
Уйкуга батып алсырап,
Карагай башын көрүүдөн.
Карарган күүгүм жашырат.
Токтой тур, курбум, токтой тур,
Чолпон да чыгар чачырап!

**үлгүрөп** – дремля
**уйку** – сон
**көрүүдөн** – смотря
**күүгүм** – сумерки
**жашырат** – скрывает

1. «Жайдын кечи» – деген ырында эмне сүрөттөлгөн?
2. Кайсы көрүнүштөр аркылуу жаратылыштын кереметин ачып берген?
3. Кайсы көрүнүштү эмнелер менен салыштырган?

1. Берилген сөздөр менен сүйлөм түзүңүз.
*Магдырап, буруксуйт, күүгүм.*
2. Ырды жаттаңыз.



# Сүйүнбай Эралиев

**(1921)**

Кыргыз эл акыны, Токтогул атындагы Мамлекеттик жана Бүткүл союздук А. Фадеев атындагы сыйлыктардын лауреаты Сүйүнбай Эралиев 1921-жылы Талас районундагы Үч-Эмчек айлында туулган.

Анын өмүр жолу, бүткүл жашоосу чыгармачылык иши, кыргыз адабияты менен байланыштуу.

Сүйүнбай Эралиевдин лирикалары менен поэмалары улуттук көркөм ойдун өнүгүшү жана жаңыланышы үчүн дайыма салым болуп келген.

Анын көптөгөн чыгармалары бар. Алар: «Ак Мөөр», «Жаңыл Мырза», «Уяң жылдыздар», «Жылдыздарга саякат» ж. б.

Эң алгачкы китеби 1949-жылы жарык көргөн. 1969-жылы «Кыштак кечтери» жыйнагы үчүн Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгына ээ болгон.

Жазуучулар Союзунун ардактуу өкүлү катары акын көптөгөн жолугушууларда, кездешүүлөрдө болууга туура келет. Мына ошондо окурмандар: «Өмүрүңүздө эсте калаарлык кайсы учурду жакшы деп эсептейсиз?» – деп ар дайым сурап каларын эскерүү менен, өз кезегинде төмөнкүдөй жооп берерин да акын эсибизге салат. «Өмүрүмдүн кызык жана унутулгус учуру мектеп жана окуучулук курак. Өзүм окуган Көк-Арык мектеби көзүмө туутан энемдей ысык көрүнөт. Айылга барсам ага кайрылбай кетпейм. Сентябрда, жаңы окуу жылындагы сырдалган парта, доскалардын өзүнчө жагымдуу жыты бирге окуган, бирок азыр аз калып бараткан курбу-курдаштар эстен кетпейт…».

С. Эралиев – Казакстандын адабият жана искусство тармагындагы Эл аралык Жамбыл атындагы сыйлыктын ээси.

2000-жылы Кыргыз жана боордош Казак элдеринин ортосундагы достукту чыңдоодогу зор салымы үчүн Казакстан Республикасынын «Алтын көпүр» аттуу Эл аралык сыйлыгы берилген.

«Элдердин достугу» ордени, Улуу Ата Мекендик согуштун биринчи даражадагы ордени, III жана I даражадагы Манас ордендери, көптөгөн медалдар жана Ардак грамоталар менен сыйланган.

2006-жылы Кыргыз Республикасынын Баатыры деген ардактуу наам берилген.

■ **жаңыланыш** – обновление
**салым** – вклад
**жолугушуу** – встреча
**учур** – время
**курак** – возраст
**курбу, курдаш** – друзья



1. Сүйүнбай Эралиев качан, кайсы жерде туулган?
2. Кандай чыгармаларды жараткан? Силер кайсы чыгармасын окудуңар эле? Силерге кандай каармандары жакты? Эмне үчүн?
3. Акын кандай сыйлыктарга татыктуу болгон?
4. Акындын эсте калаарлык учуру кайсы экен? Силердин эстен кеткис күндөрүңөр кайсы деп ойлойсуңар?
5. Адамга окуучулук күндөр эмне үчүн кымбат?

## АДАБИЙ ТЕРМИНДЕРДИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

**Эпилог** (*гр.* – соңку сөз) – негизги окуя баяндалып бүткөн соң, автордун каармандардын кийинки тагдыры жөнүндө, же ошол окуянын кийинки айрым жыйынтыктары жөнүндө баяндап берет. Мисалы: А. Токомбаев «Жараланган жүрөк» повестинин эпилогунда Тарпаңбай менен Гүланданын сүйүүсүнүн кийинки мезгили жөнүндө маалымат берилет.

**Пролог** (*гр.* – алгачкы сөз) – адабий чыгармалардагы киришүүнүн бир түрү, анда автордун ниети чыгарманын кыскача мазмуну алдын ала баяндалат. Каармандар жөнүндө алгачкы түшүнүк берилет, бүткүл чыгарманын кийинки жүрүшү үчүн өзөк болуучу окуялар баяндалат.

Мисалы: Т. Үмөталиев «Кубат» поэмасында мындай пролог киришме менен өзүнүн чыгармасына карата оюн билдирет:

Бул датанды жазмак элем мен эчак,
Кечигипмин даабай жүрөк тартынчаак.
Тартынбаган согуштарда кан күйгөн,
Ыр алдында боло жаздым коркунчаак.

**Лирикалык чегинүү** – композициялык ыкма, сюжеттүү чыгармалардагы окуяларга, жекече каармандарга карата өз көз карашын, мамилесин билдирген автордун сөзү.

Мисалы: С. Эралиев «Ак Мөөр» поэмасынан сүйүү жөнүндөгү ойду тереңдетүү:

Сүйүү, сүйүү! Укса канбас сыры бар,
Ойду ойлонтуп кумарланткан ыры бар.
Ылгый таза ынактыктан жаралган,
Жалыны бар чалпоо сезим жылынар.

## Ак Мөөр поэмасынан кыска маалымат

Атактуу Соң-Көлдө Мөөр деген сулуу кыз жашаптыр. Мөөр Болот деген жээни экөө бири-бирин сүйүп баш кошобуз деп макулдашышат. Бирок хан Жантай Ак Мөөрдүн сулуулугуна кызыгып, бийлигин пайдаланып, Ак Мөөрдү аялдыкка алмак болот. Болот да ырчы жигит болот, ал жылкы багып алысыраак жерде экен. Ак Мөөр жоолугун берип бир баладан Болотту чакыртат. Болот менен Мөөрдүн жолукканын акын төмөнкүдөй сүрөттөп жазган:

## Ак Мөөр поэмасынан үзүндү.
## Кош, Соң-Көл

«Айтсаң боло, уксаң боло жараткан –
Алп күчтөрү аалам эркин караткан,
Таңды, кечти тартип менен өткөрүп,
Бирөөгө бак, бирөөгө муң тараткан.
Акыл берер аргаң барбы кызыңа,
Жай ичинде мөндүр каккан дарактан.
Гүл ачалбай урап түшкөн мөмөдөй,
Улам солуп, куурап кетип бараткан?!

**алп күч** – великая сила
**бак** – счастье, удача
**муң** – печаль, тоска
**кагуу** – грубо отвергнуть

Кайда күлпөт, кайда өмүрдүн жаш чагы,
Кайда күндөр, эркелетчү баштагы?
Айтчы Соң-Көл, айланайын тунук көл,
Же мен байкуш өз бооруңдан башкабы?
Чынар эмес, чырпыгыңдын бүрү элем,
Тагдыр минтип жарга согуп таштады?..
Мөөр олтурат суу жээгинде үңүлүп,
Өзүн көрүп… тамган ысык жаштагы.

**күлпөт** – дружеская кампания
**чырпыктын бүрү** – молодые листочки
**үңүлүү** – внимательно смотреть

Эмне болгон, аза күтүп мынчалык?
Жүрчү эле го жүзүн жарык нур чалып?
Санаа чарчап, баш кеңиреп ой менен,
Бүт түн бою чырм этпеди тынч алып.
Эртеси эрте киши келди Жантайдан:
«Мынча жаттык урмат-сыйга курчалып,
Кайталы эми… бүгүн жолго камынсын?»…
Кантмек сулуу? Жутар уу жок бир чалып…

**аза күтүү** – оплакивать
**баш кеңиреп** – быть растерянным, не знать что делать
**чырм этпөө** – не спать

«Туш тарабым тайгак кыя, тар кезең,
Багы кемге турмуш минтип жарды экен.
Дайны чыкпай түптүз түндөй тунжурап,
Көздөн учат жан кыйышпас жар десем.
Бирок калдың кагылайын туулган жер,
Кайра сени көрөр күнүм бар бекен?
Жок антпейм го… Аттиң мынча кең дүйнө.
Акыр келип алакандан тар бекен?»

**тайгак кыя** – скользкий косогор
**багы кем** – несчастный
**тунжуроо** – быть безмолвным, печальным
**аттиң** – как жаль, какая засада

Үйүн карайт: «Чындап таштап кетеби?
Кел!» дегенсип желп-желп этет этеги.
Эртең жатар бейитиңдей бозорот,
Бер жактагы үйүп кеткен тезеги.
Кош уясы, кыйбас алтын бешиги,
Кайгы шаты, эркелиги кечээги,

**бейит** – могила



Ошондо өткөн… Жаштык ойноо курагы,
Сүйүү курап… аны ураткан кезеги.

Айыл жакта Жантай белен кайтууга,
«Ак Мөөр кайда? Түшкөн дейби кай сууга?
Апкел бери… эрке кызды атка сал!..
Адил келсин кеби бардыр айтууга?!
«Калың десе биз деле?.. дейт Келдибек.
«Кур калбаңыз, айтып жатат бай туура?»
Кыз атасы кырчоосуна тырмышып,
Онтоп жатып үй жанынан жай тура.

**белен кайтууга** – готов возвращать

Басып келди: «Көрдүң Жантай алымды –
Бак жылдызым бүгүн көктөн алынды.
Эми мага тирүү калып не опо?
Өлтүрүп кет – бергениң шол калыңды?»
Байкуш карып, боздоп ыйлап өңшөңдөп,
Башына ороп – чылбырына чалынды.
Жантай чоочуп «ие Келдибек, Келдибек,
Жогот» деди, бул өлөрман чалыңды?»

**не опо** – какая польза

Ал аңгыча Маржан келип жармашты,
«Кордо кана, биз шордууну, жармачты?!»
Чачын алып тизгинине байлады:
«Сүйрөт ылдам!» Жанды өлүмгө арнашты.
Ага болбой Келдибектер, Баяндар,
«Кеткиле» деп сакал, чачтан кармашты.
Күңгүрөнүп айлана журт кошо ыйлап,
Жүрөгү үшүп балдар карап жардашты.

**кордоо** – позорить, оскорблять
**жармач** – слабый, немощный

Үнгө умтулду, өйдө турам деп эчен,
«Байкуш апам, кантип калган кебетең?
Эмне таптың, мени өмүргө апкелип?
Кыз курусун… кыз деген бир кеп экен.
Мен ыраазы, ак сүтүң кеч апаке,
Балаң үчүн мээриң чалкар кең экен.
Кош бол эми…
Көрөбүзбү, жокпу же,
Олдо менин муңдуу байкуш энекем?!»

**мен ыраазы** – я удовлетворён, доволен

Сүйүү – ушул, кээде отуна кактамак,
Кээде – таштай салкындыгын сактамак,
Нелер болбойт катмарында турмуштун…
Мезгил эмес, бирок аны тактамак.
Кызды кара: үмүтүнө кеч кирип,
Өпкө кагып, бүлк-бүлк этип ак тамак,
Жиби үзүлүп чууруп жаткан берметтей.
Ат жалына жылп деп жылуу жаш тамат…

**кактамак** – сушить, жарить
**салкындык** – прохлада
**тактоо** – уточнить
**чууруп** – сыпаться



Адам эмес, аз бүлбүлдөп ат эле,
Көч карааны өчүп барат бат эле.
Анын мында бардык берип кеткени:
Көздүн чели, көкүрөктүн дарты эле.
Ботосу өлгөн боз ингендей зыркырап,
Кан шимирип кала берди ата-эне.
Анан кантет, айыбы жок Ак Мөөр кыз,
Ай, Күнү эле, алпечтеген заты эле…

**көч** – кочёвка, перекочёвка

Коюнду жайдын колотко,
Кош көрбөдү кудайым,
Сендей кудалап бычкан ээ Болотко.
Кош көрбөдү кудайым,
Сендей жыт алышкан Болотко.
Соң-Көлдүн башы тал менен,
Солкулдап ыйлап баратам.
Зордукчул Жантай чал менен.
Кербендер өтөт мал менен,
Кейип ыйлап баратам,
Кеминдик Жантай чал менен.
Менин кебезден бүчүм үзүлдү,
Келбейт деп койдуң түшүмдү.
Жетимиште Жантай чал,
Жеткирип тоюн түшүрдү.
Боору таштай Жантай чал,
Боздотту сендей кишимди.
Бой тумарым үзүлдү,
Болбойт деп койдуң түшүмдү.
Сенин аргымагың торуган,
Аттандым Соң-Көл боорунда,
Атамдай Жантай чал менен,
Жолборско изиң чалдырдың.
Жоругу жакшы Мөөрүңдү,
Жорудай чалга алдырдың.
Атамдай болгон картаң чал,
Мени алганына уялам.
Азамат болсоң тим жатпай,
Атчан жатып кубала.
Айтышкан сөздү унутпа,
Антыбыз бар го убада.

**колот** – узкая горная долина
**зордукчул** – насильник
**кербендер** – караваны
**кебез** – пахта
**бүчү, топчу** – пуговица
**түш** – сон
**жорук** – ход, походка
**ант** – клятва
**убада** – обещание

1. Сулуулук дегенди кандай түшүнөбүз?
2. Эмне үчүн Мөөр Жантай ханга күйөөгө чыгууга макул болду?
3. Эмнеге Болот Мөөрдү коргоп кала албады?
4. Кыргыз кыздарынын мурдагы замандагы орду, эркиндиги, маданияты кандай эле?
5. Бүгүнкү күндөгү кыргыз кыздарынын абалы, эркиндиги кандай?
6. Жүрүш-туруштарындагы оң жана терс көрүнүштөр кайсылар?

1. Сүйлөмдөрдү толуктаңыз:
**Соң-Көлдүн сулуусу ...... болгон.**
**...... жоолугун берип Болотту чакыртат.**
**Жетимиш жаштагы ...... чал той өткөрдү.**
2. Чыгармадан үзүндү жаттаңыз.

# Чыңгыз Айтматов
# Саманчынын жолу

**Ч. Айтматовдун** Ата Мекендик согуш мезгилин сүрөттөгөн чыгармаларынын бири «Саманчынын жолу» повести. Бул повестте бүтүндөй бир Субанкулдун үй-бүлөсү апасы Толгонайдан башкасы согушта эли жерин коргошуп курман болушат. Ал эми Толгонай тылда өз эмгеги, көтөрүмдүүлүгү, күчтүүлүгү, адилеттүүлүгү менен согушту жеңүүгө жардамын берет. Бул чыгарманын башкы каарманы – Толгонай. Анын тагдыры абдан оор. Ал – бир учурда эле эне, аял, жетекчи. Ал майданга күйөөсүн, балдарын узатты, бирок бири да кайтып келишпеди. Күйөөсү – Субанкул, балдары – Касым, Майсалбек, Жайнак, гүл сүйгөн келини Алимандан айрылды.

Жазуучу бул чыгармасы менен адамдын улуулугун, залкарлыгын, бийиктигин биринчи планга алып чыккан. Апа баланы кыйналып жарыкчылыкка алып келет, эне үчүн ар бир бала өтө кымбат. Бирок эне баланы эл үчүн төрөйт, Ата Мекенинин керегине жараган адам болсун деп тарбиялайт.

Адам жана жер. Киндик кан тамган жер адам үчүн эң ыйык. Жер-Эне менен Толгонайдын диалогу бекеринен эмес. Жер-Эненин образы шарттуу экенине карабастан, андагы сүрөттөлүп жаткан турмуш окуялар, ал окуяга катышкан адамдар, алардын оор тагдырлары ушунчалык далилдүү, ишенимдүү.

Тагдыр Толгонайдын эң акыркы үмүтү болгон гүл сүйгөн келини Алимандан ажыратып, ал бир үйдө жалгыз калды. Толгонай жашагысы келбей, баарын кечип кеткиси келди, бирок дүйнөгө жаңы адам келди, ал кичинекей наристе өмүрдүн бар экенин, жашоонун уланып жатканын билдирип, турмуш менен күрөшүүгө үндөдү.

Жер-Эне менен болгон сырдашууда Толгонай өз башынын кайгы-капасын гана айтпастан, бүт адамзаттын атынан сүйлөйт.

«Саманчынын жолу» – адамзаттын жолу деп адабиятчылар бекеринен айтышпаса керек.

**сүрөттөгөн** – описывающий
**курман болушат** – погибают
**көтөрүмдүүлүгү** – выносливостью
**адилеттүүлүгү** – справедливостью
**тагдыры** – судьба
**учур** – время
**жетекчи** – руководитель

1. Ч. Айтматовдун согуш мезгилине арналган кайсы чыгармаларын билесиң?
2. «Саманчынын жолу» повестинде кимдер жөнүндө сүрөттөлгөн?
3. Каармандар кимдер?



# Саманчынын жолу
*(Повесттен үзүндү)*

– Амансыңбы, куттуу талаам?

– Аманчылык, Толгонай! Былтыркыдан дагы карый түшүпсүң го. Чачың куудай, колуңда таяк.

– Өмүр өтүп жатпайбы, арадан дагы бир жыл өттү. Бүгүн менин сыйынчу күнүм.

– Билем, күтүп жаткам, Толгонай. Бул жолу баланы да ээрчите келмек эмес белең?

– Ооба. Бирок бул сапар да жалгыз келдим.

– Демек, сен ага эчтеке айткан эмес экенсиң да, Толгонай.

– Жок, айталбадым.

– Айтор, эртеби-кечпи, акыры бир күнү ал угат да. Элдин арасында оозу бош бирөө-жарым жок дейсиңби?

– Анын чын. Эртеби-кечпи, акыры бир күнү билет. Аркы-теркини түшүнө тургандай чоңоюп да калды өзү. Бирок мен үчүн дале чалагайым бала сыяктанат. Корком, балалык кылып, өткөн-кеткенди туура түшүнө албай, ичи сууп калабы деп аярлайм. Анткени менен адам чындыкты бир күнү билиши керек да. Мен билген чындыкты, элдин баары билген чындыкты азырынча жалгыз гана ал билбейт. Аны укканда эмне дээр экен, кандай ойго кабылып, кептин аныгына жете алар бекен? Канткенде баланын жүрөгүн үшүтпөй, жаштайынан турмуштан көңүлүн калтырбай, сырымды айтып бере алар экенмин? Эки ооз сөз менен түшүндүрүп берчү иш болсо кана. Кийинки күндөрдө ойлогонум эле ушул. Кышында сыркоолоп, төшөктө жатканымда, өлүмдөн анча корккон жокмун, ажал жетсе каяша кылбай, шыр эле жүрүп кетмекмин. Бирок көзүм жумулуп айтар керээзимди айтып жетише албай, өзүм менен кошо көр астына ала кетемби деп, аябай жүрөгүм түштү. Ал эси жок аны кайдан билсин, демейде тентек чалыш неме мектепке да барбай калып, жанымдан чыкпай жүрдү. Апасын тарткан күйөрман: «Эне, кай жериң ооруйт? Суу ичесиңби, же дарыңдан берейинби, эне? Үстүңдү жылуулап коёюнбу?» – деп эле турат. Ушинткенде оозум барбады, кудуретим жетпеди. Байкушум эч кандай арамзасы жок, жеткен бир ишенчээк, дагы эле наристе бойдон. Эчтекеден күмөн санап койбойт. Анан мен кантип айтмак элем. Ушуну менен эле сөздүн учугун табалбай алекмин. Минтип да, тигинтип да таразага тартып көрөм, жөн эле айтып берчү жомок эмес экен да. Айланып келип бир пикирге такалам: болгон чындыкты бала туура түшүнүш үчүн мен ага жалгыз гана анын тагдыры эмес, бүт заманымдын тарыхын, өткөн-кеткендер жөнүндө, өзүм жөнүндө, баарына күбө болгон, касиеттүү талаам, сен жөнүндө, өзүм жөнүндө, ал түгүл ушул кезде эчтекеден бейкапар минип ойноп жүргөн велосипеди жөнүндө айтып беришим керек. Балким, мына ошондо гана туура болор, турмуш баарыбызды бир түйүнгө байланыштырып салган турбайбы, эчтекесин жашырып, эчтекесин кошумчалай албаймын. Ал эми бала эмес, кексе киши да бул ишти ар кандай түшүнөр. Көзүм тирүү турганда, ушул ыйык парзымдан кутулсам, өлсөм да арманым болбос эле...



– Айткандарың туура, Толгонай. Отурчу бери, ташка, бутуң оорулуу эмеспи, бир акылын табарбыз. Алгачкы жолу ушунда келгенин эсиңдеби, Толгонай?

– Андан бери нечен заман өтпөдүбү, эстей албасмын.

– Жок, сен ошону эстеп көрчү, Толгонай!

– Эсимде жакшы калбаптыр. Кичинемде, орок маалында ата-энем мени чөмөлөнүн түбүнө олтургузуп коюшчу.

– Ооба, колуна бир сындырым нан берип коюшчу.

– Кийин, чоңоё түшкөнүмдө, эл жайлоого көчкөндө, ушул арада эгин коруп чуркап жүрчү элем. Анда мен тызылдап жүгүргөн, саксайган сары кыз эмес белем...

– Ырас, Толгонай, жыңайлак, жылаңбаш жатакчынын кызы элең. Бирок шайыларды кийбесең да, бой жеткенде кандай сонун кыз болдуң. Сен анда көлөкөңдү каранып басчусуң. Өзгөчө эртең мененки көлөкөң так өзүңдөй сымбаттуу эле.

– Анда мен он жетидеги курагым. Ошол жылы орок тартып жүрүп, Субанкулга жолукпадымбы. Субанкул Таластын жогору жагынан жалданып келбеди беле. Азыр көзүмдү жумсам, Субанкулдун ошондогусу элестелет. Жапжаш, он тогуз – жыйырмалардагы жигит. Өзү ичке көрүнгөнү менен колдору тарамыштуу, сом темирдей салмактуу эле. Жылаңач этине кийген тар күрмөнү дайыма желбегей жамынып жүрчү. Жанаша жерден шарт-шарт орок тартып жүрсө, адамдын жүрөгү кубанат – ар кандай ишти сулуу иштеген азаматтар болот эмеспи. Субанкул ошондой болчу.

– Силер дайым элдин алды болуп келчү элеңер жумушка.

– Чын. Эл тура электе, таң ирең-баранда Субанкул экөөбүз ээрчишип келчүбүз. Ал мени бери жактан тосуп, күтүп турчу. Ошол күндөр, ошол тамылжыган таң атуулар биздин сүйүү күндөрүбүз экен. Биз ээрчишип келе жатканда, дүйнө башкача көрүнүп, башкача сезиле турган. Эл-журтка нан берген, айланайын дыйкан талаам, бозоруп саргарып жатсаң да, албырган таң эртелерин деңиздей төгүлүп, кучагын жая сенчелик эргип, сенчелик жоомарттанып ким тосуп алат! Ошол таң эртелерин сага орток болуп биз тосчубуз, торгой тосчу. Көркү жупуну боз чымчык көкөлөгөн бийиктикте тыным албай канат кагып, дырпырап, томуктай болсо да, не бир толукшуган күүлөрдү төктүрүп, безеленип сайрай турган. «Ана, биздин торгой сайрады!» – деп коёр эле Субанкул. Кызык, торгойду да биздики деп алган экенбиз. Көмөкөйүңдөн айланайын торгоюм...

– Ырас, Толгонай, ошол торгой силердики болучу.

– Эсиңдеби, жер, баягы айлуу түн? Балким, жаратылышта экинчи андай түн болбос. Ай жарыгында орок тартабыз деп Субанкул экөөбүз калып калбадык беле. Тээ карайган борчуктан канаттай болуп ай чыкканда, жылдыздар дагы асман бербей жабыла көз жарышты. Ошондо биз Субанкулдун таар күрмөсүн төшөнүп, арыктын кашатын жазданып жатканбыз. Ошол түнү биз өмүрлүккө шериктеш жар болуп кошулдук. Субанкулдун чоюндай колу көкүлүмдү сылап, мандайымды, бетимди эркелете сылаганда, кан жүгүрткөн туйлаган жүрөгү алаканынан сезилип жатты. Мен ага эркелеп: «Субан, кандай дейсиң, биз бактылуу болобуз, ээ?» – десем, эсиңдеби баягы айткан сөздөрү. «Жер, суу элге тең болсо, биздин да ай-

доо жерибиз болсо, биз дагы эл катары жер жыртып, эгин сээп, кырман бастырсак – бак-таалай ошол. Андан артыктын бизге кереги эмне, Токон. Дыйкандын энчиси – сепкен эгининде» дебеби беле.

Үлпүлдөгөн түнкү шоокумда салкын тартып, жер, сен дагы ошондо биз менен кошулуп жыргап жаттың... Ошол түндү жаратылыш атайылап бизге арнады бекен? Түн ортосунда тээ жылдыздуу төбөсүн карасам, саманчынын жолу ааламдын бир четинен экинчи четине керилип жаткан кези экен. Субанкулдун айткандары эсиме түшүп, кыялымда асмандын ошол күмүш жолу менен кандайдыр бир зор дыйкан кере кучак саман көтөрүп өткөн экен го, анын мол кучагынан себеленип түшкөндөн, топон береке төгүп, из чубатып кеткен турбайбы. Тилегибизге жетсек, менин да Субанкулум ушундай саман көтөргөн дыйкан болсо, кырмандын бетинен биринчи иргеп алган саманды кучактап басканда, так ушундай береке төгүлгөн жол чубалып калса деп ойлонуп жаттым. Жер-Энем, биринчи жолу сага ошондо кайрылдым. Эсиңдеби менин айткандарым?

– Эсимде, Толгонай. Сен ошондо мага кайрылып, мындай дегенсин: «Жер, жан жараткан жер, бизди көтөрүп жаткан, жер, сен бизге таалай бербесең эмнеге жер болуп орнойсуң да, биз эмнеге дүйнөгө жаралабыз! Биз сенин балдарыңбыз, жер, тилектеш болгун, ак тилегибизге жеткиргин!» – деп айткансың, Толгонай...

* * *

**Экинчи бөлүмдө – Субанкул менен Толгонайдын бактылуу күндөрү, Касым, Майсалбек, Жайнак деген үч уулу жигит болуп жетилгени, Алиман аттуу кыз алардын үй-бүлөсүн толуктаганы, согуш башталганы, жигиттер майданга жөнөгөнү жөнүндө сөз болот.**

1. Сүйлөмдөрдү толукта:
   *Ата Мекенди .... повесттердин бири .....*
   *Толгонайдын ..., үч уулу согушта .....*
   *Толгонайдын .... аябай оор.*
   Колдонуучу сөздөр: *күйөөсү, «Саманчынын жолу», тагдыры, сүрөттөгөн, курман болгон.*
2. «Саманчынын жолу» повестинин бөлүктөрүн бүт окуп чыккыла.
3. Жердин, Толгонайдын диалогун ролдоштуруп бөлүштүрүп жаттагыла.

# Маңкурт жөнүндө баян

Бул легендада Чыңгыз Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» аттуу романында эскерилет. Эдигей (Эдилбай Куркут) аттуу каарман айдар көкүл жуңжаңдардын кыянатчылыгы жөнүндө айтып берет. Алар башка эл менен касташып, колго түшкөн туткундарга, түшкө киргис кордук көрсөткөн мезгилден башталат. Туткундардын бирин алыска кулчулукка сатчу, экинчилерин өзүлөрүнө калтырчу экен. Кулчулукка сатылып кеткени – жакшылык менен барабар болуптур, ал эми туткунда калгандар – адам чыдагыс, азапты



тартчу. Чыгармадагы легенда фантастикалык сюжет баардыгы биригип келип бүгүнкү күндөгү жер планетасындагы жашаган Адам проблемасынын көйгөйүн адамзатка алып чыгуу максатын көздөгөнүн, Ч. Айтматовдун бул романы менен кыргыз романын жаңы бийиктиги башталганын автор чыгарманын сюжеттик окуяларына сүңгүп кирип, тексттердин астындагы подтексттердин, метафора, символдордун идеялык-эстетикалык маани мазмунун терең ачып берүү менен жетишкен.

**айдар көкүл** – волосы оставляемые на затылке мальчика, чуб, коса (у мужчины)
**кыянатчылыгы** – злоупотребление, преступление
**касташып** – враждовать, злоумышлять друг против друга
**туткун** – пленник
**кордук** – позор, унижение, презрение, оскарбление
**түшкө киргис** – не приснившееся во сне
**кулчулук** – рабство, заточение
**барабар** – равно, равенство
**адам чыдагыс** – нетерпимый (-ое)
**азап** – мучение
**сүңгүп** – погружаясь
**маани** – смысл, значение
**ачып берүү** – раскрывать
**көйгөйүн** – наболевшее

1. Маңкурт жөнүндө баян-легенда Ч. Айтматовдун кайсы чыгармасынан алынган?
2. Бул легенда кимдер жөнүндө?
3. Жуңжаңдардын колго түшкөн туткундарга мамилеси кандай?

# Өз энесине жаа тарткан маңкурт

– Отурчу, сүйлөшөлү, – деди Найман-Эне оор үшкүрүп. Экөө бет маңдай отурушту. – Мени тааныйсыңбы? – деди эне. Маңкурт башын чайкады. – Сенин атың ким?

– Маңкурт, – деди ал. – Сени азыр ошентип аташат. Мурдагы атың эсиңдеби, чын атыңды эстечи?

Маңкурт тунжурайт. Бирок ал бирдемени эстөөгө тырышып жаткансыды, эки кашынын ортосуна тер исиркектеп, көзү коюла түшкөнүн энеси көрүп отурду. Бирок Маңкурттун алдына бийик бөгөт туш келип, ошондон өтө албады окшойт.

– Атаңдын атын билесиңби? Өзүң кимсиң, эли-журтуң ким? Деги каерде туулганыңды билесиңби?

– Жок, маңкурт эчтеме түшүнбөдү, эчтеме эсинде жок экен.

– Сени эмне кылышкан, шордуу? – деп эне күбүрөдү да, эрксизден эриндери дирилдеп, аргасыз ачууга ичин өрттөгөн ызага баласы экөөнүн башына түшкөн кайгыга чыдабай кайрадан сыздап ыйлады. Эненин күйүп жатканы тигил маңкуртка чымын чакканчалык болбоду.

– Жерди алса болбойбу, мал-мүлктү алса болбойбу, анчалык душман экен башты алса болбойбу, – деп сүйлөнүп отурду Эне. – Бирок адамдын

эс-учун алат деген шумдукту ким ойлоп, кимдин колу барды? О, жараткан, эгер сен бар болсоң, адамдын арам ниетине ушуну кантип киргиздиң? Мындан башка жер-жүзүндөгү кыянатчылык аздык кылдыбы?

Мына ошондо маңкурт уулун карап отуруп, Эне өзүнүн аза кошогундагы күн, кудай өзү тууралуу айткандарын айтты. Сары-Өзөктүн санжырасы козголуп, сөз болуп калганда билген кишилер азыр ушул күнгө чейин айтып жүрөт…

Мына ошондо Эне азыр билген кишилер айтып жүргөн кошокту кошкон экен:

– Мен ботосу өлгөн боз иңген.

Тулубун келип искеген…

Сары-Өзөктүн тунжураган кыйырсыз эрме чөлүндө Эне өксүп, боздогон кошогун көпкө кошкон экен…

Бирок маңкурт уулунун бир тал сезими зырп этпей койду. Мына ошондо Найман-Эне сурак сурап убара болбой, өзү айтып, мээсине куюп, эсине келтирейин деди:

– Сенин атың Жоламан. Уктуңбу? Сен Жоламансың. Атаңдын аты Дөнөнбай. Атаң дагы эсиңде жокпу? Сени бала күнүңдөн жаа аттырып үйрөткөн атаң эмес беле. Мен сенин энеңмин. Сен менин уулумсуң. Ататек урууң Найман болот, билдиңби? Сен Наймансың…

Эненин айткандарын тиги мурдагысындай эле жалдырама тийген калыбында укту, сөз эмне жөнүндө, деги сөз болуп жатабы – жокпу, ага баары бир сыяктуу укту. Кыясы, чөп арасынан сайраган саратандын үнүн деле ушинтип угат көрүнөт.

Ошондо Найман-Эне маңкурт уулунан сурады. – Сен биякка келгенден мурун эмне болду эле? – Эчтеме болгон эмес, – деди тиги. – Ким менен сүйлөшкүң келет? – Ай менен. Бирок бири-бирибизди укпайбыз. Аерде бирөө отурат. – Дагы эмнени каалайсың? – Кожоюнумдун төбөсүндөгүдөй айдар чачты. – Кана, апкелчи көрөйүн, сенин башыңды эмне кылышкан? – деп Найман-Эне жүткүнө берди.

Маңкурт башын кейкең тартып кетенчиктей берди да, тебетейин кармаңды, тултуюп экинчи Энени карабай койду. Башын эч качан сөз кылып болбосун Эне эми билди.

Ушу маалда алыстан төөчөн караан көрүндү. Түз эле ушуякка келатат. – Тиги ким? – деди Найман-Эне. – Мага тамак-аш апкелаткан го, – деди уулу. Найман-Эне алдастай түштү. Бул жуңжаңдын көзүнө чалынбай далдоо жакка тез кетпесе болбос. Акмаясын чөгөрө койду, мине койду. – Тигиге эчтеме айтпагын. Мен кайра келем, – деди Найман-Эне. Уулу үнчукkan жок. Ага баары бир болучу. Жайылып жаткан төөлөрдү аралай төөчөн кетип баратканы бекер экенин түшүндү Найман-Эне. Бирок эми кеч болуп калды. Келаткан жуңжаң ак боз башыл иңген минип бараткан аны кантип байкабайсын. Иңгенди жетелеп, жөө кеткенде болмок эле.

Уясынан чочуп учкан чымчыктай Найман-Эне Сары-Өзөктүн ээн талаасын айланып жүрдү. Эмне кыларды, эмне күтөрдү билбейт. Жуңжаңдар эми төөлөрүн маңкурт уулу менен кошо ордосуна жакын айдап кетер бекен же аны кармап алыш үчүн бир буйткада аңдып жатар бекен? Санаасы санга бөлүнүп, далдоо жерлер менен айланып, жакындап келди да, тиги



эки жуңжаң кетип калганын билип, кубанып кетти. Экөө катар бастырып, кылчайбастан алыстап бараткан экен. Найман-Эне көпкө карап турду, качан тигилердин караанн көздөн үзүлгөндө уулуна жөнөдү. Бул жолу эмне болсо да уулун алып кетмекчи болду. Душмандар ушинтип койсо, анын айыбы эмне, кандай болсо да уулун кулчулукка кантип калтырат?..

Саксактаган санаасы менен алек Найман-Эненин өңү кубарыңкы, эриндери бек кымтылуу, ак буурул чачы, кат-кат бырыштары, маңдайы, суюла баштаган кирпик арасынан коюулана тиктеген көздөрү арылбаган түйшүктөгү жандын дагы бир тобокели сыяктанат…

…Эки тарап алысты чочулай карап бараткан эне маңкурт уулу төөнүн далдаасына тизелей отуруп, жаа кезеп калганын байкабады. Күндүн нуру көзүнө түз тийип, маңкурт атар маалды күтүп калган.

– Жоламан! Уулум! – уулум эмне болгон деп чочулаган Найман-Эне үн салып баратты. Анан ээрде толгоно берди да… – Атпа! – деп кыйкырганга араң жарады. Акмаяны бура тартып бет маңдайлашууга үлгүрбөдү, ышкырып келген жебе сол колтугуна сайылды.

Өлтүрөр жебе ушул эле. Найман-Эне өркөчтү кучактай оор жыгылып баратты. Бирок бою жерге тийгенче башындагы ак жоолук шыпырылып түштү да, жерге жетпей куш болуп, аба кайкып учуп чыкты. Жөн учпай адамча үн салып учуп чыкты: «Эсиңе кел, сен кимсиң? Атың ким? Сенин атаң Дөнөнбай! Дөнөнбай! Дөнөнбай!» …

■ **оор үшкүрүк** – тяжёло вздыхая
**шордуу** – несчастный, горемычный
**күбүрөдү** – прошептал (-а)
**эрксизден** – помимо воли, невольно, поневоле
**аргасыз** – безвыходный, неизбежный, вынужденный
**ызага** – досада, обида
**кайгы** – печаль, тоска, забота
**сыздап** – горько плакала
**бөгөт** – преграда, препятствие
**тунжурайт** – быть в задумчивости, печальным
**тырышып жаткансыды** – *перен.* старался
**тер исиркектеп** – покрылся потом
**бет маңдай** – напротив
**башын чайкады** – покачал головой
**эстечи** – вспомни

1. Тексти көркөм окугула.
2. Берилген сөздөр менен текстке байланыштуу сүйлөм түз (*шордуу, ыза, сыздап*).
3. Тексттен Найман-Эне менен маңкурттун сүйлөшүүсүн жаттагыла.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР


6. Эпос «Манас» есть история кыргызов или тюркоязычных народов. Санжыра – родоподразделения народов.
7. «Манас». Кыргыз элинин баатырдык эпосу. (Саякбай Каралаевдин варианты боюнча I–II китептери). – Бишкек: Кыргызстан, 1995.
8. «Семетей». Кыргыз элинин баатырдык эпосу.
9. Кыргыз адабияты (Хрестоматия 1–2-бөлүк).
10. Жусуп Мамай. Семетей: Эпос, I китеп (түзгөн жана баш сөзүн жазган К. Кырбашев. Кырг. Улут. И. А. ж. б.) – Б.: Шам, 1995. – 268 б.
11. К. Тыныстанов. Капастан чыккан ырлар: Жыйнак, ырлар, котормо.– Б., 2004. – 144 б.
12. А. Үсөнбаев. Ыр жыйнактары. – Ф., 1972.
13. К. Акиев. Тандалган ырлар жыйнагы. – Ф., 1972.
14. З. Бектенов, Т. Байжиев. Кыргыз адабияты (Хрестоматия 9-кл.) – Б.: Мектеп, 1993, – 48–56 б.
15. «Эл адабияты» сериясы 5-том. «Курманбек, Сейитбек» эпостор. – Б.: Шам, 1998. – 96 б.
16. «Эл адабияты» сериясы 6-том («Саринжи, Бөкөй», «Жаңыл Мырза» Эпостор). – Б.: Шам, 1998. – 375 б.
17. С. Мусаев, А. Турдугулов. Көркөм сөз өнөрү (Кыргыз адабияты 8-кл.). – Б.: Технология, 1999, – 176–200 б.
18. К. Асаналиев. Кыргыз адабияты, 10-кл.– Б.: Акыл ААК, Мектеп, 2003.
19. Б. Исаков, Ч. Исакова. Кыргыз адабияты, 8-кл. – Б.: Педагогика, 2002.




## МАЗМУНУ


Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Гимни ....... 3
Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил Гимни ....... 4

**Көркөм адабият жөнүндө түшүнүк**

**«Семетей» эпосу**

Семетейдин Таласка келиши ....... 6-8

**«Курманбек» эпосу**

«Курманбек». Эпостун негизги темасы, идеясы, варианттары. ....... 12
Курманбектин атасына каргышы ....... 14
Курманбек ....... 15
Эпостогу каармандардын образдары ....... 19
Курманбектин арманы ....... 21

**«Жаңыл Мырза» эпосу**

«Жаңыл Мырза». Эпосу жөнүндө маалымат. ....... 25
Жаңыл Мырзанын эпостогу образы ....... 27
Жаңыл Мырзанын Үчүкө, Түлкүгө жаа тартышы ....... 29
Тоголок Молдо ....... 32
Жаш балага берген кыздын арманы ....... 34
Молдо Кылыч Шамыркан уулу ....... 36
Канаттуулар ....... 37
Калык Акиев ....... 41
Карагул ботом ....... 43
Баскан жол чыгармасы жөнүндө ....... 48
Баскан жол. Эшмамбет ырчы менен беттешүү ....... 49
Айдараалы Жөргөлөк ....... 53
Касым Тыныстанов ....... 58
Жаз ....... 59
Кыш ....... 61
Жоомарт Бөкөнбаев ....... 62
Кыргыздын Ала-Тоосу ....... 64
Жусуп Турусбеков ....... 67
«Энем» поэмасы ....... 68-69
Түгөлбай Сыдыкбеков ....... 74
Көк серек ....... 75-76
Чыңгыз Айтматов ....... 82
Бетме-бет ....... 84-86

**Кошумча окуу үчүн материалдар**

Салт ырлары. Кошоктор ....... 91
Устанын аялынын кошогу ....... 91
Кыз узатуу ....... 93
Жокчулуктун арманы ....... 94
Төркүнүнө жетпеген кыздын арманы ....... 95
Койчунун арманы ....... 95
«Манас» эпосу ....... 96-110